**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**
**ФИЛОСОФИЯ ЖАНА САЯСИЙ- УКУКТУК**
**ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ**
**К.КАРАСАЕВ атындагы**
**БИШКЕК ГУМАНИТАРДЫК УНИВЕРСИТЕТИ**
**КЫРГЫЗ-ТҮРК “МАНАС” УНИВЕРСИТЕТИ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д. 09.16.534.**

**Кол жазма укугунда**

**УДК:**

# КЫРГЫЗСТАНДА ЖАРАНДЫК КООМДУ КУРУУДА-ГЫ САЛТТУУЛУКТУН ОРДУ

**09.00.11 – социалдык философия**

**Базаркулова Тазагуль Амановна**

философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук
даражасын изденип алуу үчүн жазылган
**ДИССЕРТАЦИЯ**

**Илимий жетекчи:** ф.и.д., профессор Саралаев Нур Керимкулович

**БИШКЕК – 2022**

**МАЗМУНУ**

**КИРИШҮҮ**..........................…………………………………………..……......3

**1-БАП. ЖАРАНДЫК КООМДУ АНАЛИЗГЕ АЛУУНУН ТЕОРЕТИКАЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК АСПЕКТИЛЕРИ** ……...14

**1.1.** Жарандык коомдун социалдык манызы…………………………… 14

**1.2.** Жарандык коомдун маданий-цивилизациялык .өзгөчөлүгү ...……....48

**2-БАП. КЫРГЫЗСТАНДА ЖАРАНДЫК КООМДУ КУРУУДАГЫ САЛТУУЛУКТУН ОРДУ**……73

**2.1.** Салттуулук Кыргызстандагы жарандык коомдун калыптануусундагы маданий-цивилизациялык негиздери ……….........73

**2.2.** Советтик доордо Кыргызстанда жарандык коомдун негиздерин куруу.....................................................................................101

**2.3.** Заманбап Кыргызстандагы жарандык коомдун калыптануу өзгөчөлүктөрү …………………………………………........120

**КОРУТУНДУ**………………………………………………………….…149

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ**……………………157

## КИРИШҮҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** СССРдин тарашы жана Кыргызстандын эгемендүүлүк алуусу менен биздин өлкөдө, саясий жана коомдук-экономикалык системанын түп орду менен өзгөрүүсү башталган. Республикада жүргүзүлгөн өзөктүү реформалардын негизги максаты терс саясий жана социалдык-экономикалык кырдаалды турукташтыруу, өндүрүштү стимулдаштыруу, коомдук-экономикалык жана укуктук шарттарды түзүү. Аталган кырдаал Кыргызстандагы жарандык коомду куруу процессине кыргыз этносунун маданий-цивилизациялык өзгөчөлүктөрүнүн айдынында анализ жүргүзүүнү талап кылат.

Жарандык коом, тарыхый процесстин продукт катары өнүгүүнүн белгилүү бир фазасында, бир катар европалык мамлекеттерде пайда болгон. Чыгыш менен Батыштын тарыхындагы, маданиятындагы айырмачылык жарандык коомдун тарыхындагы айырмачылыкты да аныктады. Заманбап дүйнөдө жарандык коомдун институттарынын өнүгүүсүнө мүнөздүү. Цивилизациялык ыкма мамлекеттин манызын мамлекетти түзгөн социумдун идеалдуу-рухий жана тарыхый-маданий өзгөчөлүктөрүн мөнүздөйт. Белгилүү британиялык тарыхчы, маданият таануучу, А.Тойнби белгилегендей: “маданий элемент өзүнө цивилизациянын манызын камтып турат; алар менен салыштырмалуу экономикалык жана саясий пландар табияттын жана цивилизациянын кыймылдуу күчтөрүнүн жасалма, олуттуу эмес, эч артыкчылыгы жок жаратуусу катары сезилет” [121, 355-б.]. Аталган көз караш мамлекеттин пайда болгонун анын эволюциясын, спецификалык чектерин эле эмес, тескерисинче андагы жарандык коомдун, институттардын пайда болуусуна негиз болуп эсептелет.

Жогоруда белгилегендер диссертациялык теманын актуалдуулугун шарттады.

**Маселенин иштелип чыгуу денгээли**. Жарандык коомдун белгилери Байыркы Грециянын полистик-мамлекеттеринде эле пайда болушкан. Платон менен Аристотель полистердин саясий түзүлүшүн анализдөө менен тигил же

бул ченемде шаарлардын коомдук-саясий жашоо-турмушу менен байланышкан маселелерди козгошкон.

Жарандык коомго бир катар Европа мамлекеттеринде өндүрүштүк революция болуп, шаарлар жаны пайда болгон улуттук маданияттардын айныксыз борборлоруна айланган XVI-XVII кылымдарда маани бериле баштаган. Н.Макиавелли, Т.Гоббс, Дж.Локк, Ж.Ж.Руссо, Ш.Монтескье сыяктуу ойчулдардын эмгектеринде жарандык коомго табигый-укуктук, келишимдик принциптерге таянган мамлекеттик түзүлүштүн кыйла прогрессивдүү формалары ылайык келет деген жобо негизделген. Жарандык коом И.Кант, Г.Гегель, К.Маркс ж.б. сыяктуу ойчулдардын анализдеринин объектиси болуп калган.

Эгемендүү Кыргызстанда жарандык коомдун калыптануу маселелерине жетишээрлик денгээлде көнүл бурулган. Авторлордун арасында биринчи кезекте аталган маселеге бир катар эмгектерин арнаган У.К.Чиналиевди бөлүп көрсөтүүгө болот. Жарандык коомдун калыптануу процессинин тигил же бул процесстерине А. Акуновдун, А.А. Арабаевдин, М.Т. Артыкбаевдин, А.К. Бектанованын, Т.О. Ожукееванын, Ч.А. Элебаеванын, К.И. Исаевтин ж.б. изилдөөлөрүндө көнүл бурулган.

Жарандык коомдун саясий, коомдук-экономикалык жана укуктук принциптеринин калыптануусу изилдөөнү талап кылат. Аталган диссертациялык изилдөө белгилүү бир денгээлде Кыргыз Республикасындагы жарандык коомду калыптандыруу маселелерине арналган философиялык эмгектердин ордун толуктап турат.

**Диссертациянын темасынын илимий программа жана негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык иштин темасы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясынын тармактык илимий программасына жана КР УИАнын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр Институтунун тематикалык планына кирет.

Аталган изилдөө "Кыргыз Республикасынын 2013-2017-жылдар аралыгындагы туруктуу өнүгүүнүн Улуттук стратегиясы" программасынын суроо-талаптары менен тыгыз байлланышкан жана ага жооп берет.

**Изилдөөнүн обьектиси** болуп Кыргызстандагы жарандык коомдун калыптануу процесси кыргыз маданиятындагы салттуулуктун элементтери эсептелет, изилдөөнүн **предмети** болуп жарандык коомдун манызы, жарандык коомдун пайда болуусунун жана калыптануусунун мыйзам ченемдүүлүктөрү, тарыхый-маданий өбөлгөлөрү, заманбап реалдуулука ынгайлашкан кыргыз коомунун салттуу белгилери кызмат кылат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин негизги максаты болуп Кыргызстандагы жарандык коомдо калыптанган салттуулуктун элементтерин ачып берүү, жалпы маданий шарттарынын комплексин анализге алуу эсептелет.

Белгиленген максатка ылайык төмөндөгүдөй **милдеттери** аныкталды:

-жарандык коомдун негизги белгилерин ачып берүү;

-маданий-цивилизациялык факторлордун жарандык коомго тийгизген таасирин аныктоо;

-Кыргызстанда анын баштапкы тарыхый-маданий жана менталдык негиздери катары жарандык коомго карата кызмат кылуучу кыргыз салттуулугун ачып берүү;

- Кыргызстандагы анын Россиянын курамына кирүү мезгилинен баштап жарандык коомдун калыптануу процессин анализге алуу;

-Кыргызстандагы азыркы мезгилдеги жарандык коомдун абалын талдоого алуу.

**Дисстертациялык изилдөөнүн методологиялык жана теоретикалык негиздерин** жарандык коом маселелери боюнча чет элдик жана ата-мекендик философиялык, саясий –социологиялык жана укуктук ойломдун өкүлдөрүнүн эмгектери, идеялары жана жоболору түзөт. Изилдөөнүн процессинде илимий таанымдын системалык, тарыхый-логикалык методдору колдонулган. Изил-

дөөнүн методологиясы коомдук өнүгүүнүн объективдүү мыйзамдарынын пайда болуусун таанууда негизделет.

**Изилдөөнүн илимий жанылыгы.** Кыргызстандагы жарандык коомду куруу процесси кыргыз этносунун маданий-цивилизациялык өзгөчөлүктөрүнүн алкагында гана анализ жүргүзүүгө болот.

Диссертацияда жарандык коом татаал жана карама-каршы маданий объект катары каралып, анын туундусу болуп экономика, саясат, укук, менталитет жана коомдук мамилелердин бүткүл комплекси эсептелет.

Биз белгилүү бир денгээлде илимий жанылыка төмөнкүлөрдү таандык кылсак болот:

-диссертацияда жарандык коомдун кээ бир маныздуу чектери ачылып берилди;

-маданий-цивилизациялык факторлордун жарандык коомго тийгизген таасири аныкталды;

-Кыргызстандагы заманбап жарандык коомго кыйла олуттуу таасирин тийгизген кыргыз салттуулугунун чектери ачылып берилди;

-цивилизациялык ыкманын өнүтүндө Кыргызстандын Россиянын курамына кирген мезгилинен тартып жарандык коомдун калыптануу процесси анализге алынды;

- Кыргызстандагы азыркы мезгилдеги жарандык коомдун абалы кыргыз элинин маданий салттарын эске алуу менен талдоого алынды.

Илимий жанылыка коргоого сунушталуучу жоболор менен кээ бир корутундуларды да таандык кылууга болот.

**Коргоого сунушталуучу негизги жоболор:**

1. Кыргызстан үчүн жарандык коом коомдук жашоонун абстракциясы, идеалдуу формасы эмес, максаты, каалоочу абалы болуп эсептелет. Жарандык коом экономикалык жана технологиялык жактан өнүккөн мамлекеттер үчүн мүнөздүү.

2. Кыргыздар узак тарыхый мезгилдер аралыгында эн биринчи кезекте көчмөнчүлүк жашоо образынын жардамы аркасында тышкы таасирден качып

кутула алган эмес. Ошол себептен кыргыздар өзүнүн тарыхында алдынчалуулугун, тилин жана өзгөчө рухий-маданий турпатын сактап кала алган.

3.Кыргыздардын күнүмдүк жашоо-турмушунда жарандык коомдун белгилерин пайда кылуучу реалдуу маданий жана менталдуу айырмачылыктардын болуусун шарттаган. Мындай шарттарда, жарандык коомдун көптөгөн позитивдүү белгилерин, андан тышкары илимий-техникалык прогрессинин мүнөзүн эске алуу менен нукура маданий белгилердин жана жарандык коомдун негиздүү белгилерин жана аталган белгилердин эки жактуу ынгайлашуусун комбинациялоо туурасында айтууга болот.

4. Илимий-техникалык прогресс, жарандарды жакшы шарттар, татыктуу жана коопсуз жашоо менен камсыз кылуу зарылчылыгы менен шартталган жалпы дүйнөлүк тенденцияларды эске алуу менен Кыргызстан башка мурунку советтик республикалар сыяктуу эле коомдук, мамлекеттик жашоону демократиялаштыруу жана жарандык коомду түзүү тарапты көздөй болгон алдыга жылуусуз андан аркы өнүгүүсүн жүзөгө ашыра албайт. Бирок жарандык коомдун батыштык тибин, формасын абсолюттуу үлгү катары эсептөө жаңылыштык болуп эсептелет. Аталган форма мындан аркы өнүгүүнүн багыты катары кызмат кыла алат. Салттуулуктун белгилүү бир элементтерин (биринчи кезекте – нравалык, моралдык-этикалык баалуулуктардын системасында) жаңы шарттарга киргизүүсү, ынгайлаштыруусу туурасында реалдуу түрдө айтууга болот.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Диссертациядагы илимий жоболор менен корутундулар изденүүчүнүн Кыргызстандын жарандык коомунун калыптануу процессин, андан тышкары Кыргызстандагы социалдык-экономикалык мамилелеринин бүткүл системасынын модернизация процессиндеги белгилүү бир трансформацияларга дуушар болгон кыргыз этносунун салттуулугунун элементтерин талдоого алуудагы жеке изилдөөлөрүнүн натыйжасы болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси.** Диссертациянын натыйжалары Кыргызстандагы эле эмес, анын чегинен тышкаркы дагы

жарандык коом маселелерине арналган илимий-изилдөөчүлүк иштерде колдонулушу ыктымал.

Автордун жоболору менен жыйынтыктары жана изилдөөнүн материалынын өзү философия, маданият, саясат таануу боюнча курстарды жана гуманитардык факультеттерде лекцияларды окутуу процессинде колдонулушу мүмкүн.

**Диссертациянын апробацияланышы.** Илимий изилдөөнүн негизги жоболору автор тарабынан эл аралык жана теоретикалык-практикалык илимий конференциялардын материалдарында чагылдырылган. Алар:

Диссертация КР УИАнын ФжСУИИнун социалдык философия, эстетика жана этика, тааным теориясы, илимдин философиясы жана тарыхы, философиянын тарыхы бөлүмдөрүнүн кенейтилген отурумунда талкууга алынды.

**Диссертациянын натыйжаларынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу**. Диссертациялык изилдөөнүн негизги мазмуну 12 илимий басылмаларында чагылдырылган.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, эки баптан, беш параграфтан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

# 1-БАП. ЖАРАНДЫК КООМДУ АНАЛИЗГЕ АЛУУНУН ТЕОРЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК АСПЕКТИЛЕРИ

## 1.1. Жарандык коомдун соицалдык манызы

Маныз, маалым болгондой, бирден-бир борбордук философиялык категориялардан болуп эсептелет. Аны менен бирге маныз тигил же заттын же көрүнүштүн ядросун түзүү менен өзүнөн-өзү маанилүү, ал тагыраак айтканда, аны так жана толук түшүнүү анын кийинки абалына таасын баа берүүгө эле эмес, анын келечеги туурасында объективдүү ой жүгүртүүгө шарт түзөт. Аталган изилдөөнүн конкреттүү предметин эске алуу менен аталган ойломду төмөндөгүчө мүнөздөөгө болот: өзүнө татаал коомдук-саясий жана маданий феноменди камтып турган жарандык коомдун манызын билүү кыйла так жана объективдүү түрдө биздин өлкөдөгү анын заманбап абалы эле эмес, анын түзүлүүсүнүн реалдуу келечеги туурасында да кеп кылууга шарт түзөт.

Маныздын мындай чечмеле нишине ылайык, конкреттүү затта же көрүнүштө аны ачып берүү үчүн анын кыйла олуттуу, маанилүү белгилерин аныктоо зарыл.

Жеке татаал социомаданий комплексти пайда кылуучу башка жакын же кандайдыр-бир таасирди тийгизүүчү маныздар менен байланыштуу каралуучу жарандык коомдун манызын билүү Кыргызстандагы жарандык коомдун абалы туурасындагы кыйла терен жана компетенттүү ой жүгүртүүлөр, андан тышкары анын андан аркы келечегине таандык кыйла туура прогноздор үчүн негиз катары кызмат кылат. Башка бардык тармактар сыяктуу эле философия гуманитардык билимдин спецификалык тармагы жана формасы болуп эсептелерин айтпаганда деле маныздар менен иш алып барышат. Белгилүү бир мааниде философияны маныздар туурасындагы илим катары аныктоого болот.

Жогоруда айтылгандардын баары биздин анализди жарандык коомдун манызын ачып берүүдөн баштоого түрткү кылат.

Эгемендүү Кыргыз Республикасынын түзүлүү мезгилинен баштап республиканын саясий жетекчилиги тарабынан Кыргызстанда өнүккөн жарандык коому бар демократиялык мамлекетти куруу ниети туурасында жарыяланып, ал 1993-жылдын 5-майында кабыл алынган Кыргыз Республикасы-

нын биринчи Конституциясында чагылдырылган. Анын преамбуласында төмөндөгчө айтылат: “Биз, Кыргызстандын эли адам укуктары менен эркиндиктерине жана улуттук мамлекеттүүлүк идеясына болгон жакындыгыбызды далилдөө менен...өзүн ыйгарым укуктуу өкүлдөрү башында турган дүйнө элдеринин арасында эркин жана демократиялык жарандык коом катары бекитүүнү каалоо менен аталган Конституцияны кабыл алабыз”.

Жарандык коомдун манызын тастыктоого киришүүдөн мурун биздин изилдөөбүз үчүн маанилүү болгон бир канча ой жүгүртүүлөрдү келтиребиз.

Өлкөнүн негизги Мыйзамында жарыяланган жарандык коомду куруу ниети өзүнөн өзү айныксыз түрдө курулат дегенди түшүндүрбөйт. Экинчи жагынан, расмий түрдө жарыяланган ой-тилек мамлекет менен коом өзүнүн андан аркы өнүгүүсүн жүзөгө ашыруу ниетинде болгон кандайдыр-бир багытты билдирет.

Демек, жарандык коом биз үчүн коомдук жашоонун абстракциясы, идеалдуу формасы эмес, кандайдыр-бир максаты, абалы болуп эсептелет. Ал мындан ары биз ынангандай, идеалдан кыйла алыс жана реалдуу жашоодо болуп тургандай белгилүү бир кемчиликтер менен коштолуп турат. Бирок жарандык коомдун өнүгүүсү постиндустриалдык же маалыматтык коом катары аныкталган коомдук-экономикалык өнүгүүнүн жогорку баскычында туруп, андан тышкары өзүнө тартып туруучу чектерге ээ болгон кыйла алдыга жылган экономикалык жана технологиялык өнүттөгү мамлекеттер үчүн мүнөздүү болсо, анда аны биздин республикада куруу альтернативасы дээрлик жокко эсе.

Экинчи жагынан, белгилүү бир өнүттө, манызда жарандык коом бизге сырттан танууланып жаткандыгын байкабай коюуга болбойт, анткени ал көпчүлүк жагынан салттуу коомдун антиподу болуп эсептелет. Андан тышкары, жарандык коом Г.Гегель тарабынан акыркыны таануу катары чыгарылган бардык жалпы мыйзамдарга ылайык салттуу коомдун эволюциясынын натыйжасында пайда болгон. Бирок, маалым болгондой, биз карап жаткан феномен классикалык түрүндө пайда болгон Батыш үчүн салттуу коомду

таануу бир нече кылымдар аралыгында, шаарлардын өсүүсү жана өндүрүштүн капиталистик формасынын өнүгүү денгээли боюнча эволюциялык жол менен болгон болсо, анда кыргыз эли үчүн бул Кыргызстандагы анын түзүлүшүн айтпаганда эле табигыйлуулука караганда  мажбурлоочу мүнөзгө ээ. Аталган кырдаалга байланыштуу бул карама-каршылыктарга жык толгон кыйла көйгөйлүү процесс, ал биринчи кезекте биздин пикирибизде, баалуулук базаны көтөрүп чыгат. Бирок бир катар объективдүү тартиптеги себептерге байланыштуу  биздин өлкөдөгү жарандык коомду зарылчылыгы манызы боюнча императивдүү мүнөзгө ээ болуп, белгилүү бир деңгээлде ааламдашуу процессинин императивдик мүнөзү менен шартталган, анын сонку натыйжасы болуп өзүнүн жер шарынын алкагында болжол менен бирдей жашоо шарттарын заттык ыңгайлуулуктун эле эмес, укуктук, саясий жана башка шарттардын көз карашында  түзүү болушу керек.

Көрсөтүлгөн кырдаалдарды эске алуу менен биздин өлкөдөгү жарандык коомду куруу маселеси элдин анын белгилүү бир позитивдүү белгилерин түзүү, көчүрүү же өздөштүрүүсүндө эмес, илимий-техникалык өсүүнүн натыйжасы болуп эсептелген ааламдашуу процессине ыңгайлашуу менен аларды жүзөгө ашыруу жөндөмдүүлүгүндө турат.

Бардык зарыл тактоолорду аткаруу менен жарандык коомдун маңызын кароого өтөбүз.

Бүгүнкү күнү гуманитардык илимдин жыйындысында жарандык коомго байланыштуу  бир дагы көз караш, анын ичинде жалпы таанылган дефиниция, анын манызынын жалпы түшүнүгү жок. Азыркы мезгилдеги бардык аныктамалар жарандык коомдун тигил же бул чектерин эн мыкты ачып бере алышат. Бул изилдөөчүлүк жардамдын жоктугу менен эмес, биз тараптан каралып жаткан феномендин татаалдыгы, анын башка көптөгөн маданий феномендер менен болгон түз жана кыйыр өз ара байланышы менен түшүндүрүлөт, андан тышкары жарандык коомдун өзү дайыма  эволюцияланышып, улам жаны белгилерге ээ болот. Кептин баары, жарандык коом  реалдуу түрдө өзүнө тарыхый,  социомаданий, маданият таануучулук, укуктук, филосо-

фиялык ал тургай психологиялык көптөгөн чечмелеништерди камтып турган көп кырдуу көрүнүштү камтып туруусунда турат. Теоретикалык ойломдун натыйжасында дайыма реалдуулукту "кууп жетүүгө", ага маани берип жана ылайыктуу формулалар менен жоболорду гуманитардык билимдердин ар бир жеке тармактары үчүн алып чыгууга туурат келет.

Жарандык коомдун болгон аныктамаларынын ар бири, жогоруда айтылгандай, өзүнө тигил же бул кыйла олуттуу белгилерди санап берүүнү камтып турат. Бирок азыркы мезгилде ага карата аныктамалар абдан эле көп, алар туурасында айтуунун, анын үстүнө алар аркылуу манызын аныктоонун кажети жок. Ошондой болсо дагы, заманбап жарандык коомду түшүнүүдөгү айырмачылыктар менен көп түрдүүлүктү көрсөтүү үчүн бир нече аныктамаларды келтиребиз.

Адегенде саясат таануу жана социология илимдеринин өкүлдөрүнүн аныктамалары менен көз караштарына токтолсок, анткени алар аталган маселеге жетишээрлик денгээлде көңүл бурушкан.

Алсак, заманбап россиялык тарыхчы жана саясат таануучу К.С.Гаджиев төмөнкүдөй аныктаманы берет: "Жарандык коом - бул адамдар ич ара байланышта бири-биринен жана мамлекеттен көз каранды болушуп, иш алып барышкан өзгөчө бир социалдык мейкиндик" [33, 17-б.]. Ал аны "мамлекеттен көз каранды болгон коомдук институттар жана карым-катнаштардын системасы катары аныктайт, алар кээ бир индивиддер менен жамааттардын өздүк жүзөгө ашырылуусу үчүн жеке кызыкчылыктар менен муктаждыктарды ишке ашырууну камсыз кылууга милдеттендирилишкен" [34, 74-б.].

Айкын болгондой, К.С.Гаджиев жарандык коомдун маңызын, анын дайыма өз ара байланышта жана бирдиктүү иш-аракеттерде болушкан аныктамасынан, андагы адамдардын абалынан көрүнүп тургандай, мамлекетке жана бири-бирине карата болгон көз карандысыз субөекттер катары кызмат кылашт. Мамлекетке карата көз карандысыздар катары К.С.Гаджиевдин пикиринде кээ бир индивиддер менен жамааттардын, жеке кызыкчылыктардын жана муктаждыктардын өздүк жүзөгө ашырылуусу үчүн жагымдуу шарттар-

ды түзүү милдети берилген коомдук институттар эсептелет". Биз аталган көз карашты тең бөлүшөбүз, бирок жарандык коомдун маңызы ошону менен эле чектелип калбайт деп эсептейбиз.

В.И.Жуков менен Б.И.Красновдун жалпы редакциясы алдындагы "Жалпы жана прикладдык саясат таанууда" жарандык коом "тарыхый жактан калыптанган заманбап социалдык коомчулуктун системалык жана турмуштук чөйрөлөрүнүн ортосундагы тең салмактуу жана динамикалык бирдиктүү иш-аракеттердин формасы, андан тышкары эки дүйнөдөгү тең жеке жана коомдук кызыкчылыктарды эске алуу менен ар кыл субъекттердин өз алдынча, бир эле мезгилдеги пайда болуу ыкмасы катары аныктайт" [96, 441-б.]. Аталган аныктамага ылайык, өзүнө бирдиктүү иш-аракеттердин тарыхы пайда болгон коомдук формасын камтып турган жарандык коомдун маңызы жеке жана коомдук кызыкчылыктардын биримдигин жана гармониясын орнотууда турат. Ошентип, жарандык коомдун башына жеке кызыкчылыктар эмес, коомдук кызыкчылыктар менен болгон байланышы коюлат, алар бири-бири карама-каршы эле келбестен, бири-бирин толуктап турушат.

Жогоруда келтирилген аныктамалар, канчалык ич ара айырмаланышпасын, негизги басымды мамлекет менен индивиддердин же, башкача айтканда, мамлекетке карата белгилүү укуктар менен эркиндиктер берилген өз алдынча субъекттер катары мамлекет менен жарандардын ортосундагы өз ара карым-катнаштарга жасашат. Ошол себептен гана азыркы мезгилдеги гуманитарийлердин арасындагы кыйла кеңири тараган көз караштардан болуп, жарандык коом өзү бардык эле мамлекеттерде аталган коом жарандык болуп эсептелеби же жокпу деп ой жүгүртүүгө шарт түзгөн ар кыл социалдык топтор жана индивиддер менен мамлекеттер ортосундагы карым-катнаштарды камсыз кылган бир катар шарттардын болуусун билдирет. Шарттардын бул катары ар кыл - саясий, экономикалык, социалдык жана рухий чөйрөлөрдө берилип, алардын ар биринде жарандык коом белгилүү бир өзүнүн ипостасиясында берилет. Аталган шарттарды карасак.

Саясий чөйрөдө жарандык коом мамлекет тарабынан жарандарга коомдук жана мамлекеттик иштерге катышууга бирдей мүмкүнчүлүк берүүнү камсыз кылган адам менен жарандын укуктары менен эркиндиктерине реалдуу кепилдиктерди берүү жана камсыз кылуу түрүндө кызмат кылат. Жарандык коомдун көрүнүшүнүн саясий чөйрөсүнө укуктун айныксыз үстөмдүгүн, бийлик бөлүштүрүү принцибин, массалык маалымат каражаттарынын функцияланышуусун камсыз кылуучу ылайыктуу материалдык каражаттардын болуусундагы сөз эркиндигин, тең, эркин, түз жана жашыруун шайлоолорду, көп партиялуу системанын  жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасынын болуусун таандык кылууга болот. Албетте, аталган учурда бюрократиялык аппарат катары түшүндүрүлүүчү мамлекет өзүнөн өзү  ушул укуктар менен эркиндиктерди камтып, баалуулуктарды калыптандырат ж.б.у.с., ал эми жарандык коом ага белгилүү бир кысымды көрсөтүүгө, тигил же бул жол менен ага таасирин тийгизүүгө жөндөмдүү.

Экономикалык чөйрөдө жарандык коом менчиктин бардык формаларынын, көп түрлүү базар экономикасынын тең укуктуулугу түрүндө жүзөгө ашырылат, анын максаты менен мааниси  ишкердик активдүүлүктүн, жарандардын жеке демилгесинин көрүнүшү, алардын эркин жана чыгармачыл ишмердүүлүгүнүн көрүнүшү үчүн шарттар менен мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга жакындашат. Чарбачылыктын ар түрдүү формалары менен ыкмаларын, атаандаштыктын бирдей шарттарын камсыз кылуучу менчиктин ар кыл формаларынын болуусу жарандык коомдун экономикалык өбөлгөлөрүнүн зарыл шарты катары кызмат кылат.

Социалдык чөйрөдө жарандык коом таптардын, ар кыл социалдык топтордун, катмарлардын жана коомчулуктардын акыйкаттуулуктун, тилектештиктин жана алардын карым-катнаштарындагы өнөктөштүктүн болуусундагы тең укуктуулукту,  андан тышкары ал мамлекетке көз каранды болбогон ээликтердин кыйла көп катмарынын болуусун билдирет, анын туруктуу экономикалык, укуктук жана социалдык абалы менен жашоо образы бардык

коом менен мамлекеттин туруктуу функцияланышуусу үчүн шарттарды түзүп берет.

Ошентип, баалуулук негизде топтолгон рухий чөйрөдө жарандык коом адамда анын дүйнө көз карашынын өздүк аныкталуу эркиндигинин, көз караштарынын, идеяларынын жана идеологиясынын плюрализминин, чыдамкалуулугун жана гуманизминин болуусун билдирет. Жогорудагы баалуулуктарды, принциптерди жана негизги көрсөтмөлөр катары өнүккөн жарандык коомдун калыптануусу үчүн зарыл өбөлгө иретинде кызмат кылат [85, 185-б.].

Бирок баса белгилей кетүүчү нерсе, жогорудагы бардык белгилер өнүккөн жарандык коомду мүнөздөшөт, же башкача айтканда алар анын узак эволюциясынын натыйжасы болуп эсептелген салыштырмалуу анын кеч абалына таандык. Аталган бардык белгилер жарандык коомду башка татаал социалдык феномендерден бөлүп көрсөтүү жана анын кыйла маанилүү өзгөчөлүктөрүн баса белгилөө менен анын маңызын же тагыраак айтканда, эгерде акыркыны кыйла олуттуу белгилердин жыйындысы катары түшүнсөк анын бир бөлүгү катары маңызын түзүшөт. Биздин пикирибизде, жарандык коомдун маңызын жалпы эле жарандык коомдун өзүн түшүнүү анын кыйла өнүккөн баа берүүсүнө ылайык тарыхый жана маданий контексттен тышкары мүмкүн эмес деп таанылат. Андан тышкары, тажрыйба көрсөтүп тургандай, заманбап дүйнөдө бир эле мезгилде критерийлер болуп эсептелишкен жогоруда көрсөтүлгөн белгилерге толук жооп берген мамлекеттер менен коомдор жок,

Эң жакшысында өнүккөн жарандык коом абалына кыйла жакын болгон мамлекеттер менен элдер туурасында айтууга болот. Маселе бардык мамлекет жана коом көптөгөн ар багыттуу процесстер, агымдар, тенденциялар жана карама-каршылыктар менен мүнөздөлгөн татаал жандуу организмди камтып турат, алардын жеке кызыкчылыктарын коргоо дээрлик мүмкүн болбогон бардык коомдук топтордун кызыкчылыктарын канаттандырууну эске алуу керек. Алсак, түзүлгөн салттарга ылайык жарандык коомдун кандай-

дыр-бир үлгүсү, эталону катары эсептөө керек болгон заманбап Батыш коому азыркы мезгилде, белгилүү болгондой көптөгөн карама-каршылыктар жана диспропорциялар менен коштолот. Мисалы, сексуалдык азчылыктардын укуктары үчүн болгон күрөш салттуу үй-бүлөнүн институттары жана салттуу баалуулуктардын өзү азыр терең кризис абалында турат, Батыш коому демографиялык кризисти башынан кечирүү менен демографиялык кризистен эле эмес, баалуулук туңгуюктан кантип чыгаарын билбейт. Демографиялык маселелерди иммигранттардын эсебинен чечүү аракети мультимаданияттуулук саясатын жарыя кылып, аны жүргүзүү менен баалуулук кризисти улам татаалдантып алды, андан тышкары жарандардын коопсуздугунун олуттуу маселесин жаратты. Таасын болгондой, коопсуздук маселесин чечпей туруп, жарандардын укуктары жана эркиндиктери тууралуу кеп кылуунун зарылчылыгы жок, андыктан жашоого жана коопсуздука болгон укук бардык коомдогу эң негизгилерден болуп эсептелет. Жарандык коомдо жогоруда биз белгилегендей, психологиялык аспект бар, эгерде ага көңүл бура турган болсок, анда адамдар массалык түрдө тигил же бул себептер менен мамлекеттин өзүнүн ичиндеги коопсуздук маселесин оң жагына чечүү абалында болбогондугуна байланыштуу мамлекет менен коом психологиялык дискомфортту башынан кечирет деген пикирди айтууга болот. Бул жерде адамдардын мындай коомдо жашап кетүү каалоолору калбай да калат. Ал атрибуту катары коопсуз жашоо эсептелген же тагыраак айтканда зарыл болгон жарандык коомдун маңызына гана таандык. Азыркыга чейин аталган жобо өзүнөн өзү түшүндүрүлүп келген, андыктан так артикулдаштырылбаган. Бүгүнкү күндүн реалийлери тууралуу айта турган болсок, анда анын так жана эки маңыздуу артикуляциясы керек. Бирок коопсуздукту камсыз кылуу маселесине байланыштуу коом өзүнө коопсуз жашоону камсыз кылуусу үчүн алыска барууга канчалык деңгээлде даяр экендиги менен шартталган башка маселе келип чыгат. Бул үчүн кандай гана болбосун албетте белгилүү бир ченемдерге чейин баш тартууга туура келет. Заманбап техникалык каражаттар мамлекет олуттуу чыгымдарсыз коомдук эле эмес, жеке жашоодо дагы то-

талдык көзөмөл  жүргүзө ала турган өнүгүүнүн деңгээлине жетти, бул тууралуу сында Эдвард Сноуден өзүнүн пикирлерин конкреттүү далилдер менен бекемдеген.

Мамлекет, албетте, жарандардын коопсуздук маселелери менен тынчызданууда, анткени коопсуз, нормалдуу жашоону камсыз кылуу  анын функциясы жана түздөн-түз милдети болуп эсептелет. Бирок, коомду башкарууну жүзөгө ашыруучу  конкреттүү адамдар, таптар, социалдык топ менен берилген (же топтор) мамлекет табигый түрдө алардын үстүнөн болгон тоталдык көзөмөлдү орнотууга аракет кылган, башкаруучуларга маалым болгондой анын туруктуулугун, коопсуздугун жана эң мыкты башкаруучулугун камсыз кылат. Башкача айтканда, мамлекеттин табиятынын өзүнө киргизилген, андыктан бийликти тигил же бул кызыкчылыктарга, коомдун үстүнөн болгон тоталдык көзөмөлдү орнотууга болгон аракетке ээ реалдуу адамдар жүзөгө ашырышат, ал башкаруучуларга бир катар фундаменталдуу, анын ичинде коопсуздук маселесин да чечүүгө жардам берет.

Ф.Ницше Европада жаңы гана жарандык коом калыптанып баштаганда байыркы грек шаарларынын-полистеринин мисалында  мамлекеттин бирден-бир олуттуу белгисин баса көрсөткөн. Ал мындай деп жазат: «Мамлекеттин рухий өнүгүүнүн алдындагы коркунучу». Грек полиси  ар кандай уюшулган саясий күч сымал, билим берүүнүн өсүүсүнө  таптакыр эле ишенбейт; анын кубаттуу негизги тенденциясы дээрлик дайыма  аталган өсүүгө сенектик жана артка тартуучулук таасирин тийгизет. Ал эч кандай тарыхка, маданияттын кыймылына жол берүүнү каалаган эмес; мамлекет мыйзам тарабынан орнотулган тарбия бардык муундар үчүн милдеттүү  жана аларды бир деңгээлде кармап туруусу керек. Кийинчерек Платон өзүнүн идеалдуу мамлекети үчүн да башканы каалаган эмес»  [92, 447-б.].

Бирок, Ф.Ницше эмне үчүн грек полиси  башында турган мамлекет  рухий өнүгүүнүн алдындагы коркунучка дуушар болуп жаткандыгын тактаган эмес, «билим берүүнүн өсүүсүнө» ишенбөөчүлүк менен мамиле кылып, анын өсүүсүнө «сенектик» жана артка таруучулук таасирин тийгизип, эч кандай

тарыхка, маданияттын кыймылына жол бергиси келбейт» ж.б.у.с. Бирок жооп өзүнөн өзү суралат. Мамлекет үч фундаменталдуу нерселерге далалат кылат: туруктуулука, коопсуздука жана өз кезегинде ар бир жеке адамдын табиятына киргизилген туруктуулук менен коопсуздука кызыкдар болгон мамлекет сыяктуу эле коомдун абсолюттуу башкарылуусуна. Бирок бардык эле адамдар сыяктуу коом белгилүү бир себептер менен мамлекет тарабынан өзүнө болгон тоталдык көзөмөлдөн орнотулуусун каалабайт. Эгерде көңүл борборуна  жарандык коомдун бардык аныктамаларын ала турган болсок, анда бардык айырмачылыктарга карабастан алардын баары мамлекет менен коомдун өз ара карым-катнаштарына басым жасашат, андыктан анын маанилүү критерийи катары  жарандык болуп эсептелеби, анын мамлекеттен болгон көз карандысыздыгынын деңгээли менен мүнөзү кызмат кылып, жарандык коомдун маңызы жарандардын мамлекеттен болгон көз карандысыздыгын, тагыраак айтканда бийликтердин, чиновниктердин үстөмдүгүнөн коргоосун камсыз кылууда турат. Жарандык коом менен мамлекетти бардык шылтоолор менен карама-каршы коюу, сөзсүз түрдө мамлекетте жарандык коомго антиподду караштыруу  дайыма эле акыйкаттуу боло бербейт. Анын үстүнө жарандык коом  мамлекетсиз жана андан тышкары пайда боло албайт, бардык коомдун коопсуздугун, бир бүтүндүк катары камсыз кылуу мамлекеттин түздөн-түз милдети жана функциясы болуп эсептелет. Биз жогоруда баса белгилегендей, ал тургай бардык калган карым-катнаштарда ал толугу менен жарандык коомго сунуш кылынган башка критерийлерге жооп берсе да  жетишээрлик деңгээлдеги коопсуздука ээ болбогон  коом жарандык деп эсептелбейт,

Биз коопсуздук маселесине аң-сезимдүү түрдө жетишээрлик деңгээлде көңүл бурдук.  Жакында эле жалпы пикир боюнча, өнүккөн жарандык коом калыптанган батыш европалык мамлекеттери бир катар себептерге карабастан жарандардын коопсуздугун камсыз кылуу маселеси менен бетме-бет кезигишкен. Азыркы мезгилде аталган мамлекеттер  алардын негизги жашоо үчүн болгон укуктарын коргоо зарылчылыгы менен байланышкан жарандар-

дын белгилүү бир укуктарын чектөө же чектебөө деген диллема алдында турушат. Мурун боолголонгондой, материалдык жактан жыргалчылыктуу мамлекеттер коопсуздук маселеси өзүнөн-өзү эле чечилген. Чындыгында эле ошондой болгон. Андан тышкары, Россия менен болгон терс конфронтацияга байланыштуу Батыш сөз эркиндигин чектөө боюнча активдүү иш-чараларды алдын алган. Чындыгында эле, аталган чектөөлөр түздөн-түз чектөөлөр же директивалар түрүндө эмес, коомдук пикир менен ММК аркылуу манипуляциялоо жана  мамлекет менен ири капиталдын кызыкчылыктары, максаттарына ылайык келбеген пикирлерге болгон чыдамсыздыка ылайыктуу атмосфераны түзүү аркылуу жүзөгө ашырылат. Ошентип, жарандардын бирден-бир негизги укуктары – сөз эркиндиги бузулат, бул боюнча салыштырмалуу жакында эле Батыш көкүрөк каккан. Ушуга байланыштуу, жарандык коом бардык башка коом сыяктуу эле  коом жарандык болуп калган белгилүү бир принциптер менен калыпка салынат. Аталган принциптерге төмөнкүлөр тийиштүү: адам менен жарандын укуктары менен эркиндиктеринин жалпы теңдиги; аталган укуктар менен эркиндиктерди юридикалык жактан коргоонун мамлекет тарабынан кепилдик берилиши; кызыкчылыктары жана кесиптик белгилери боюнча жарандардын мамлекеттен көз карандысыз болуп, мыйзам тарабынан  кепилдик берилген коомдук бирикмелерди түзүү укугун жана мүмкүнчүлүгүн берүү;  индивиддердин экономикалык өз алдынчалуулугу; партияларды, коомдук жана жарандык кыймылдарды түзүү эркиндиги; маданияттын, билим берүүнүн, илимдин өнүгүүсү жана жарандарды тарбиялоо үчүн зарыл болгон материалдык, укуктук жана башка шарттардын болуусу; массалык маалымат каражаттарынын ишмердүүлүгүн түзүү жана жүзөгө ашыруу эркиндиги; жарандык коомдун коопсуздугун камсыз кылуучу жарандык коом менен мамлекеттин ортосундагы карым-катнаштарды жөнгө салуучу механизмдин болуусу.

Маалым болгондой, жогорудагы принциптер жарандык коомдун маңызын, тагыраак айтканда, принциптердин белгилүү бир топтому түрүндө берүүгө мүмкүн болгон аталган маңыздын бир бөлүгүн түзүшөт. Андыктан

аталган тигил же бул прициптердин жок болуусу, тагыраак айтканда, кайсыл-бирөөлөрүнүн же бир нечесинин канаттанбоосу коом тигил же бул ченемде жарандык деп эсептелбейт дегенди түшүндүрөт. Биз жогоруда айткандай, жакында эле жарандык коомдун үлгүсү катары эсептелген Батыш мамлекеттери азыркы мезгилде ар кыл себептер менен өзүлөрүндөгү сөз эркиндигинен баш тартышууда же аларды чектөөдө жана экинчи жагынан, өзүнүн жарандарынын коопсуздугун камсыз кыла алышпайт. Ушуга байланыштуу Батышта өнүккөн жарандык коом барбы, эгерде ал жакта азыркы мезгилде сөз эркиндигин чектөөгө багытталган белгилүү бир тенденциялар күчөп жатса, мамлекеттер татаал демографиялык кырдаалга жана масштабдуу миграциялык процесстерге байланыштуу жарандардын жетиштүү коопсуздугун камсыз кылуу абалындабы? – деген суроо туулат. Терс жооп өзүнөн өзү жаралат. Башкача айтканда, мамлекет ар кыл себептер менен кырдаалдарга байланыштуу өз пайдасына алар менен жарандык коомдун ортосунда пайда болгон тең салмактуулукту кармоого жөндөмдүү келип, мамлекет менен жарандык коомдун ортосундагы өз ара карым-катнаштарда белгилүү бир артка кетүүнү байкоого болот. Ушуга байланыштуу, мамлекеттин өзүндө, тагыраак айтканда, анын кызыкчылыгын коргогондордо башкаруучулук катмар, тап же башкача айтканда, мамлекеттик бюрократия болуп эсептелет, анын негизине мамлекеттик эмес мекемелерди, уюмдарды, кыймылдарды ж.б.у.с. чектөө аракети коюлуп, тигил же бул жол менен мамлекеттик жана коомдук жашоого таасирин тийгизген. Ошентип, мамлекеттин өзүндө же тагыраак айтканда, мамлекеттик бюрократияда абсолюттуу бийлике жетүү аракети турат, ал иш жүзүндө мекемелердин, уюмдардын жана түзүмдөрдүн укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн чектөөнү билдирет. Эмне үчүн деген тең укуктуу суроо туулат?

Биз Ф.Ницшенин мамлекеттин рухий өнүгүүнүн алдындагы коркунучу тууралсындагы ой жүгүртүүсүн келтирүү менен аталган суроого жарым-жартылай жооп бердик. Мамлекет биз тастыктагандай, үч фундаменталдуу нерселерге туруктуулука, коопсуздука жана өз кезегинде мамлекет сыяктуу

эле туруктуулук менен коопсуздука кызыкдар болгон коомдун абсолюттуу башкарылуусуна аракет кылат. Анын үстүнө мамлекет ички эле эмес тышкы да коопсуздук маселесин чечүүсү керек. Ошентип, мамлекеттин универсалдуу мүнөзүндө, табиятында мамлекеттин кызыкчылыгын түздөн-түз коргобогондордун мүмкүнчүлүктөрүн чектөө аракети турат. Маалым болгондой, коом тышкы эле эмес, ички коопсуздук маселесин чечүү абалында эмес. Анын бул үчүн мүмкүнчүлүктөрү да, ыйгарым укуктары да, тажрыйбасы да ж.б.у.с. жок.

Мамлекетти эгерде конкреттүү башкаруучулук тажрыйбанын көз карашында чечмелесе, анда ал бир жагынан, жеке кызыкчылыктарын, ал эми экинчи жагынан – мамлекеттеги калктын кыйла таасирлүү таптарынын же топторунун кызыкчылыктарын коргогон реалдуу бюрократияны камтып турат. Бардык эле, ал тургай алгачкы коом, социалдык көз караште өзүнө бир тектүү эмес билим берүүнү камтып турат, б.а. ал социалдык-мүлктүк дифференциацияга дуушар болот. Мамлекеттин шарттарында коом татаал жана мүлктүк дифференцияланган организмди камтып турат. Бюрократия дагы көпчүлүк учурларда дайыма реалдуу түрдө пайда болуп келген жеке кызыкчылыктарды эле эмес, кыйла таасирлүү үстөмдүк кылуучу таптар менен коомдук топтордун кызыкчылыктарын да билдирет. Аталган үстөмдүк кылуучу таптар менен топтор аз эмес, алар бюрократияга караганда көптүк кылып, коомдун башкаруучулугуна жана мамлекеттеги жеке абалдын, коомдук мамилелердин системасында бекемделүүсүнө кызыкдар. Демек, мамлекетте үстөмдүк кылуучу таптардын же коомдун калган бөлүгү менен коомдук топтордун бюрократиянын кызыкчылыктарына дал келбөөсү, көпчүлүк учурларда карама-каршы келүүсү азыркы мезгилде заманбап Батыштын мисалы бизге көрсөтүп тургандай мамлекет өз бийлигин күчөтүүгө аракет кылуусуна, зарыл түрдө коом, тагыраак айтканда, мамлекетке белгилүү бир деңгээлде карама-каршы коюлган бөлүгү тигил же бул ыкма менен укуктарда чектеле баштоосуна алып келет. Буга жогоруда айтылгандай, жа-

рандык коом өзүнөн өзү камсыз кылуу абалында болбогон ички жана тышкы коопсуздукту камсыз кылуу зарылчылыгына түртөт.

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен, жарандык коомдун маңызы башкалар менен катар мамлекетти четке кагууда турбайт, андыктан ал мамлекеттен тышкары жана ансыз пайда боло албайт, ал эми анын мамлекеттин же керт башын ойлоо мотивдери боюнча аталган бийликти күчөтүүгө кызыкдар болгон калктын топторунун бийлигин чектөө жөндөмдүүлүгүндө турат.

Жарандык коомдун пайдасындагы мамлекеттин бийлигин чектөө иш жүзүнө өнүккөн укук системасы, мыйзамдар жана укуктук институттар аркылуу гана жүзөгө ашырыла алат. Аталган себептер боюнча жарандык коомдун аныктамаларынын басымдуу бөлүгүндө анын укуктук түзүүчүсүнө басым жасалат. Анын үстүнө ар кыл илимий дисциплиналардын – укук таануунун, саясат таануунун, социологиянын жана философиянын өкүлдөрү да ошону каалашат. Алсак, Жаңы философиялык сөздүктө жарандык коом «мазмуну коомдогу саясий эмес жана саясатташпаган рухий жана экономикалык мамилелердин бүтүн жыйындысыг камтыган бир катар гуманитардык дисциплиналардын түшүнүгү катары аныкталат. Жарандык коом – мамлекет жана анын органдары тараптан алардын ишмердүүлүгүнүн негизсиз бир тараптуу жөнгө салынуусунун бардык көрүнүштөрүнөн ылайыктуу укуктук нормалар менен корголгон адамдардын (же эркин индивиддердин ипостасиясында, же алардын жарандар иретиндеги ыктыярдуу биригүүлөрү) спонтандуу өздүк жүзөгө ашырылуу чөйрөсү» [93, 181-б.].

Аталган аныктамага ылайык жарандык коомдун маңызы укук системасы менен мамлекет менен анын органдарынын зомбулугунан корголгон адамдардын эркин өздүк жүзөгө ашырылуусуна жакындашат. Же башкача айтканда, жарандык коомдун маңызы болуп мыйзам менен бийликтин зомбулугунан корголгон адам менен жарандын эркиндиги өздүк жүзөгө ашырылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Жарандык коомдогу мыйзам бир жагынан, жарандарды бийликтин зомбулугунан коргоо менен «эки жагы бирдей кы-

лыч» катары кызмат кылса, ал эми экинчи жагынан – жарандардын мыйзамдын алкагындагы жарандардын өзүлөрүнүн каалоолору менен жүрүм-турумдарын билдирет. Андыктан жарандар ар кыл, анын ичинде социалдык жана мүлктүк белгилер боюнча дифференцияланышса, анда жарандык коомдогу мыйзамдын милдети бардыгын укуктук көз караште бирдей шарттарга коюусунда турат.

Албетте, укук, жогоруда айтылгандын баарын эске алуу менен жарандык коомдун эң бирден-бир маанилүү жана зарыл элементтеринен болуп эсептелет, андыктан укуксуз жана андан тышкары эч мүмкүн эмес. Ошондуктан укук жарандык коомдун зарыл түзүүчүсү, анын маңызынын көрүнүшү эле эмес, анын маңызынын өзү, тагыраак айтканда, аталган маңыздын бир бөлүгү болуп эсептелет деген толук негиз бар. Бирок жарандык коомдун маңызын канчалык маанилүү болбосун анын кээ бир элементтерине, тараптарына жакындатуу жаңылыштык болот.

Жарандык коом, заманбап коомдун башка бардык түрлөрү сыяктуу эле өзгөчө татаал, көп кырдуу жана карама-каршылыктуу көрүнүш жана албетте анын маңызы биздин пикирибизде, кандайдыр-бир татаал, көп кырдуу, карама-каршылыктуу өзгөчөлүктү камтып турат. Аны биз кандай өңүттө, айдыңда карайбыз, ошого байланыштуу биз анын маңызынын көз карашында эмне болуп эсептелет деген суроого ар кыл жоопторду алабыз. Жарандык коомду белгилүү философтор кандайча чечмелешкендигине кайрылсак.

Биринчилерден болуп жарандуулук институтунун маңызын аныктоо аракетин Аристотель көргөн, ал: «мамлекет өзүнө кандайдыр-бир курамдык, ар кандай бүтүндүк сыяктууну, бирок көптөгөн бөлүктөрдөн турганды камтып тургандыгы менен таасын болгондой, адегенде жаран (polites) деген эмне экенин аныктап алуу керек, анткени мамлекет – жарандардын жыйындысы. Демек, жаран деп кимди айтабыз жана жаран деген ким экенин кароо керек» [9, 126-б.].

Аристотелдин пикиринде, мыйзамдык кеңеш берүүчү же соттук бийликте катышууга ээ болсо...аталган мамлекеттин жараны болуп эсептелет.

Мамлекет деп биз дегеле өз алдынча мааниге ээ болуучу пайда болуу үчүн жетиштүү жарандардын жыйындысын айтабыз» [9, 446 б.], «...жаран болуп жарандык укуктардын жыйындысына ээ болгон эсептелет» [9, 454 б.], «...жаран деп мамлекеттик жашоого белгилүү бир мамиледе турганды, мамлекеттик иштер туурасындагы көздөө ишиндеги ыйгарым укуктарга ээ болгондорду айтабыз» [9, 455 б.].

Демек, Аристотелдин пикиринде жаран катары мыйзамдык кеңеш берүүчүлүк же соттук бийликте катышууга жөндөмдүү, жарандык укуктардын жыйындысында жана мамлекеттик иштерге катышуу иштеринде ыйгарым укуктарга ээ болгон эркин, өз алдынча адам эсептелет. Таасын болгондой, жаранды заманбап түшүнүү, маңызы боюнча, байыркы грек полистеринде ар бир эле адам боло алган эмес деген оңдоп-түзөтүүлөрү менен аристотелдик аныктамадан көп деле айырмаланбайт.

Эки маанилүү кырдаалга көңүл буруу керек. Биринчиден, Аристотель жарандуулуктун жана жарандык институттардын маңызы туурасында акыл калчоо менен байыркы грек шаарлары-полистердин жашоосун, б.а. жашоонун шаардык формасы жана образы туурасында айткан. Экинчиден, өзүнө белгилүү болгондой эки негизги –байыркы грек жана римдик түзүүчүлөрүн камтыган антикалык маданият таасын урбанизациялык мүнөзгө ээ болушкан. Таасын болгондой, Байыркы Греция менен Римде түзүлгөн жарандык институттар жашоо-турмуштун шаардык образынын жаралуусу болгон.

Рим империясы өзүнө дээрлик бардык байыркы герк мамлекеттери-полистерин басып алып, баш ийдирип алгандыгына карабастан, грек маданиятынын көптөгөн элементтери Рим тарабынан өздөштүрүлгөн. Бирок көпчүлүк жагынан Байыркы рим мамлекети, ийгиликтүү басып алуучулук саясатынын жардамы менен грек полистеринен ашып кеткен. Алсак, Рим юристердин кесиптик ишмердүүлүгүнүн негизинде функцияланышкан фундаменталдуу укук системасын түзгөн. Белгилүү америкалык тарыхчы жана философ У.Дюранттын пикири боюнча: «Укук римдик рухтун маңызынын эң

мүнөздүү жана узак мөөнөттүү көрүнүшү болуп эсептелген. Греция сыяктуу тарыхта эркиндиктин, Рим - тартиптин символу катары катары туруп, бизге социалдык тартиптин пайдубалы катары башкаруунун мыйзамдарын, салттарын калтырды» [52, 430 б.]. Андан тышкары, «Рим башкаруу искусствосунда алдыга озбогон бойдон калууда. Рим мамлекети...дээрлик бүткүл Европада жашоо менен мүлктүн коопсуздугун камсыз кылып, Наполеного чейин децемвирлерден өндүрүштүн туруктуулугун стимулдаштырып, колдоого көрсөткөн укуктун сандык системасын калыптандырган. Ал мыйзам чыгаруучулук жана аткаруучу бийлик деп бөлүштүрүүгө негизделген өкмөттү түздү, аталган кармануулар менен тең салмактуулуктар системасы Америкалык жана Французлук революциялардын доорундагы конституциялардын жаратуучуларын шыктандырган...Ал муниципалдык мекемелерди жана узак мөөнөткө – жарым миң шаарга муниципалдык эркиндикти берди. Анын таасири алдында чөлдө цивилизация гүлдөп-өскөн. Аталган түзүмдүн алкагында Рим түпкү теги боюнча гректик, ал эми функциясы менен натыйжасы боюнча римдик маданиятты курду...Ал...дүйнөнү коопсуз деңиздер аркылуу колдонулган коммерциянын жана энергиялуу жашоонун артериялары болуп калган бекем жолдордун түйүнү менен байыткан. Аталган жолдор жана миңдеген курулуш көпүрөлөрү менен орто кылымда жана жаңы мезгилде жер иштетүүнүн, кол өнөрчүлүк өндүрүшүнүн жана искусствосунун антикалык технологиялары, монументалдык курулуш илими, банкттык инвестициялык операциялар, медицина жана аскер госпиталдарын уюштуруу, шаардык санитария өткөн... Билим берүү римдик ойлоп табуу болгон эмес, бирок Рим аны ойго келбеген масштабдарда өнүктүргөн, андан тышкары ага мамлекеттик колдоо көргөзүүнү камсыз кылып, окуу программасын калыптандырган» [52, 719-720-б.]. Билим берүүнүн римдик системасы дээрлик өзгөрүүсүз түрдө XIX кылымдын ортосуна чейин жашап турган.

Байыркы Греция менен Римдин саясий формаларынан баштап укука чейинки маданиятынын жогоруда көрсөтүлгөн элементтери европа маданиятына терең сүңгүп кирип, Европадагы капиталистик мамилелердин орноту-

лушу менен антикалык маданияттын көптөгөн элементтери кайра жаралган, ушуга байланыштуу антикалык мамлекеттерде гана жарандык коомдун элементтеринин басымдуу бөлүгү түзүлгөн.

Бир аз жогоруда биз антикалык маданият таасын урбанистик мнөзгө ээ болгондугун, б.а. ал жашоонун шаардык формасынын жана образынын түздөн-түз жаралуусу болгондугун, жашоо образынын айылдык формасынан үстөмдүк кылгандыгын баса белгиледик. Европа өнүгүүнүн феодалдык фазасы менен менен байланышкан орто кылым доорун өтүү менен капитализмге кирген, анда маданий өңүттө шаардын айылдын үстүнөн болгон салтанатын белгилеген. Ушуга байланыштуу белгилүү болгондой, буржуазия капиталистик коомдук-экономикалык мамилелердин системасында үстөмдүк кылуучу тап болуп эсептелет. Адегенде буржуага социалдык-мүлктүк планда ири жер тилкелери берилген дин башкармалыгына, дворяндыка карамакаршы келген өз алдынча шаардык катмарды тийиштүү кылууга болот. Буржуанын натыйжасында индустриалдык коомдун калыптануу мезгилинде катмардан тапка өсүп жеткен. Эгерде «буржуа» сөзүнүн этимологиясына кайрыла турган болсок, анда ал ошол биз билген түрүндө «bourgeois» француз сөзүнөн bourg жана өз кезегинде байыркы герман Bourg б.а. шаар деген маанини берет.

Батыш Европада кеч орто кылым доорунда шаарларда («бургаларда») дворяндык артыкчылыктарга ээ болбогон жана аны менен бирге дыйканчылык да болуп эсептелбеген колунда бар адамдардын катмары пайда болгон. Францияда аларды «буржуа», Германияда –«бюргер» деп атай башташкан. Адегенде «буржуа» сөзү кандайдыр-бир жол менен кыйла колунда бар адамдарды жана белгилүү бир жашоо образы менен юашашкан, дворяндык менен дыйканчылыктан айырмаланышкан айырмалоо үчүн гана кызмат кылган. Андан ары аталган сөз менен колунда бар адамдарды түшүндүрө баштап, сөздүн мааниси эволюцияланып жөн гана колунда бар адамдын маанисине ээ болгон. Бирок биздин изилдөөбүз үчүн буржуа адегенде колунда бар жарандар болгону принципиалдуу мааниге ээ. Эрте капитализм доорунда пайда

болгон буржуазия дворяндык артыкчылыктарга ээ болбостон, бирок пайда болуусуна жетиштүү жана чоң каражаттарга, экономикалык кубаттуулука ээ болуп, ошол эле мезгилде белгилүү бир саясий эркиндиктер менен укуктардан айрылуу менен эгерде анын абалын дворяндык менен салыштыра турган болсок алардын материалдык кубаттуулугуна тең салмактуу болуусу керек болгон эркиндиктер менен укуктар үчүн күрөшө башташкан. Маңызы боюнча, алардын укуктары менен эркиндиктери үчүн болгон күрөшү жарандык коомду карай болгон реалдуу алдыга жылуусу болгон. Маданий планда болсо бул шаарлардын таасиринин өсүүсүн түшүндүргөн, анда феодалдык мамлекеттердин экономикасынын негизи болгон классикалык феодализм доорундагы айыл чарбачылык өндүрүшүнө багытталган айыл жеринин мурунку таасирине салыштырмалуу буржуазияга багытталган. «Пролетарийлер» деген аталышка ээ болгон эркин эмгечилердин жаңы табы менен бирге буржуазиянын индустриалдаштыруу доорунда экономикалык демилге колго алынган. Андыктан саясий реформаларга болгон курч зарылчылык келип чыккан, анын негизги максаты саясий укуктар менен эркиндиктерди экономикалык чөйрөдөгү заттардын реалдуу абалына ылайык келтирүүсүндө турат. Аталган процесс Европада бир катар буржуазиялык революциялар менен таанылып, биздин изилдөөнүн предметинин көз карашында жарандык коомго карай болгон кыймыл катары толук баа берүүгө болот. Же шаар феномени, шаардыктардын коому туурасындагы жогоруда айтылгандын баарын эске алуу менен көптөгөн маданий белгилери боюнча айыл коомунан кыйла айырмаланган.

Жогорку шаар чиновнигинин үй-бүлөсүндө туулган белгилүү немец философу Георг Вильгельм Фридрих Гегель Германиядагы шаарлар маданий германиялык ландшафта негизги элементтерден болуп калган мезгилде жашап өткөн. Бул философтун Германиядагы жарандык коомдун калыптануу маселелерине болгон кызыгуусун түшүндүрөт, ал аны кеңири түрдө өзүнүн «Укук философиясы» эмгегинде ачып берүү аракетин көргөн.

Г.Гегелдин пикиринде: «Жарандык коом өзүнө үч негизги учурду камтып турат:

а) жекелик муктаждыктарды анын эмгеги жана эмгек менен канаттандыруу, калган баардыгын муктаждыктарын, муктаждыктар системасын канаттандыруу;

б)жалпы эркиндикти, жекеликти сот укугу менен коргоону камтуу реалдуулугу;

с) аталган системаларда калган кокустукту алдын алуу камкордугу жана полиция менен корпорациялардын жардамы менен жалпыга болгон өзгөчө кызыгууга көңүл буруу» [39, 233 б.].

Демек, жарандык коом Гегелдин пикиринде, өз эмгеги менен өзүнүн эле эмес, коомдук муктаждыктарды да канаттандырууну камсыз кылган кээ бир жарандардын эмгектерине негизделет, андыктан аталган эмгек сот укугу, полиция жана корпорация, болбоду дегенде мамлекет менен камсыз кылган жекеликтин эркиндигине жана коргоосуна негизделет.

Г.Гегель жарандык коом өзүнө мурунку кандаш-уруулук байланыштар системасынын жоюлуусунун обөективдүү натыйжасын камтып тураарына жана анын ордуна реалдуулук адамдарга жеке коомдук организмге, элге, улутка алмашуу негизинде биригүүсүн сунуш кылат. Аталган негизде калыптанган коомчулук, эл, улут, анын курамына кирген көптөгөн индивиддер үчүн келип чыгуу жалпылыгын сактоо менен тарыхый процесстин жүрүщүндө өзүнө ата-бабалары башка болгон адамдарды камтый баштайт. Жарандык коом, ошентип, тарыхтын жүрүшүндө өзгөрүлгөн жамааттык байланыштар системасынын негизин камтып турат, жаңы шарттарда Гегелдин пикиринде «аларды канаттандыруудагы жалпы муктаждыктар менен бирдиктүү иш-аракеттерди [38, 215 б.], жалпы жонунан биринчи кезекте пайданы жана экономикалык максаттуулукту эске алган туугандык системасын четке кагууну пайда кылат.

Эгерде туугандык системасы жаңы шарттарда дайыма четке сүрүлүп чыкса, анда аны менен бирге зарыл түрдө көмүскөгө жамааттык баалуулук-

тарга жана принциптерге негизделген мурунку баалуулук система да кетет. Ошондуктан толук мыйзам ченемдүү нерсе, жарандык коом өзүнүн маңызы, табияты боюнча таасын берилген өзүмчүлдүк мүнөзгө ээ. Г.Гегель ушуга байланыштуу: «Индивидуумдун максаты өзүмчүлдүү, бирок жалпылык аркылуу шартталуу менен ал олуттуу түрдө башка өз алдынча инсандар менен байланышып, көз карандысыздык коюлган, жарандык коом демек, ар тараптуу көз карандылыктын системасы, анын өзүмчүлдүк максаты аталган өз ара байланышта гана жетип, камсыз боло алат» [38, 431 б.]. Бирок зарылчылык жана максаттуулук менен кирген индивиддердин өз ара байланышы салттуу коомдун баалуулуктарынын көз карашында кыйла жоголуп, шарттуу болгон.

Жарандык коом, Гегелдин пикиринде, биринчи кезекте жеке кызыкчылыктарга багытталган жана маңызы боюнча аны багындыруу зарылчылыгы менен бириктирилген индивиддерден турат. Бирок индивиддердин ар бири өз кызыкчылыктарын коргоп, жеке максаттарын ойлошсо, анда жамааттык принциптер менен башталыштар коомдо абдан эле туруксуз, ошондуктан ар кыл кокустуктарга дуушар болот жана коом зарыл туруктуулука ээ болуусу үчүн ал жогорку «эң жалпылктын формасына» муктаж болот, Г.Гегель эсептегендей ал жалгыз гана мамлекет боло алат. Ошондуктан жарандык коом чачыранды индивиддер менен мамлекеттин ортосунда адамзат уюшулуусунун жогорку формасы катары турган байланыштыруучу звено катары кызмат кылат» [38, 211 б.].

Таасын болгондой, коомдогу мурунку кандаш уруулук байланыштар жана карым-катнаштар системасын тоталдык алмаштыруу, тагыраак айтканда, туугандык системасына байланып, кийинки баалуулуктар системасынын альтернативасы катары кызмат кылган жарандык коомдун өзүмчүлдүк табияты жарандык коомдун бирден-бир олуттуу чектеринен болуп эсептелет. Аталган өзүмчүлдүк табиятка терс же тескерисинче позитивдүү баа берүү мүмкүн эмес, андыктан конкреттүү кырдаалдарга, коомчулуктарга жана конкреттүү тарыхый-маданий кырдаалга байланыштуу ал өзүнүн терс эле

эмес, оң жактуу натыйжаларын көрсөтө алат, бардык нормалдуу жана акыл-эстүү ой жүгүрткөн адамдар өзүмчүлдүкө, анын акыркы көрүнүштөрүнө, эгоцентризмге терс мамиле кылышкан. Бирок Г.Гегель тарых жогорулоочу сызык менен өнүгөөрүн түшүнүп, мындай индивиддин эркиндиги, үй-бүлөнүн экономикалык өз алдынчалуулугу сыяктуу фундаменталдуу көрүнүштөрдө анын коомдун ж.б.у.с. башка бөлүктөрүнөн болгон көз карандысыздыгын, жарандык коомдун ири принциптери менен жыргалчылыктарын караган. Бирок аталган бардык жыргалчылыктар салттуу коомдун өкүлү үчүн жетишсиздей сезилет, андыктан алар баалуулуктардын салтуу системасын, алар менен бирге көнүмүш жана алар үчүн түшүнүктүү дүйнөнү кыйратышат. Аталган кырдаалда кандай цивилизациялык чектер өзүнө тигил же бул конкреттүү индивидди камтып тураары принципиалдуу болуп эсептелет. Маданий цивилизациялык тийиштүүлүк анын багыттарын, симпатияларын эле бербестен, коомдук-экономикалык, саясий, экономикалык жана инсандар аралык карым-катнаштардын бүткүл комплексине таасирин тийгизип, баалуулук системасынын мүнөзүн аныктайт. Ошол эле тийиштүүлүк менен, жалпы эле коомдун жаматтык же жекелик тиби аныкталат. Россиялык изилдөөчү В.В.Лазарев жекеликтин тиби менен аныкталган мамлекет менен коомдун бирдиктүү иш-аракетин мүнөздөө менен төмөнкүчө жазат: «Жекелик коом өзүнүн табияты боюнча мамлекеттин жарандардын жашоосуна кийлигищүүсүн чектейт. Жамааттык, тескерисинче мамлекеттик ишмердүүлүк үчүн кеңири аймакты берет. Адамдык (жарандык) же коомдук кызыкчылыктар биринчи орунда турабы, ошого байланыштуу мамлекеттин ишмердүүлүгүнүн чек аралары кеңейет же тарыйт» [70, 87-б.].

Жекелик коом мамлекеттин коомдук эле эмес, жеке жашоо-турмушка кийлигишүү чектерин чектөөгө аракет кылат. Бул нерсени ал жарандык коомдун институттары аркылуу жүзөгө ашырат. Андыктан ал жарандык коомдун баалуулук, менталдык жана мотивациялык негиздери катары кызмат кылат. Ошентип, жекелик коом жарандык коомду пайда кылат. Бирок бир

жагынан, жарандык коомдун өнүгүүсү зарыл түрдө коомдогу жекелик принциптер менен баалуулуктардын бекитилүүсүнө алып келет.

Жарандык коомдун өзүмчүлдүк табияты жана салттуу баалуулук системасын тоталдуу алмаштыруу менен байланышкан жогоруда аталган бардык кырдаалдарды тактоо биздин изилдөөбүз үчүн абдан маанилүү, анткени тигил же бул себептер менен башка маданий өбөлгөлөргө жана базалык баалуулуктарга негизделген кандай кыйынчылыктарга дуушар болору, андан тышкары жарандык коомду куруунун ыктымалдуу натыйжалары туурасында объективдүү ой жүгүртүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Баса белгилей кетүүчү нерсе, заманбап илимий чөйрөдө жарандык коом айныксыз жыргалчылыкты камтып турат деген көз караш бекем орноп калган. Биз бардык коомдук-тарыхый феномен катары, жарандык коом өзү менен терс чектерди алып жүрөт деген пикирди карманабыз. Экинчи жагынан, ал коомдук-экономикалык өнүгүүнүн, прогресстин, кыйла жогорку баскычында пайда болуу менен, жалпы жонунан, кийинки уюшулуулар жана формаларга салыштырмалуу кыйла ыңгайлуу формасын камтып турат. Эгерде ал мындай болбогондо, анда бир дагы заманбап социум, мамлекет дагы аны калыптандырып, оптимизацияламак эмес. Бирок кайталай кетсек, ал абсолютту прогресс болбогон сыңары эле абсолюттуу жыргалчылык да болбойт. XIX –XX кк. немец социологу жана экономисти, Макс Вебердин кичүү иниси Альфред Вебер маданиятта «рухий чөйрөсүндөгүдөй эле абсолюттуу прогресстин болуусу мүмкүн эмес деп акыйкаттуу белгилеген» [25, 520 б.].

Жарандык коом, болбоду дегенде эле батыш заманбап вариантында тажрыйба көрсөткөндөй, рухий жана нравалык-этикалык планда кыйла ийкемдүү болуп калган. Бирок бул жарандык коомдон толугу менен баш тартууга негиз болуп бербейт. Прогресс, бай жана карама-каршы жалпы адамзаттык тарых жана тажрыйба көрсөтүп тургандай, дайыма белгилүү бир ээлик кылуулар менен эле эмес, кээ бир кечигүүлөр жана жоготуулар менен коштолот. Прогресс ошентип, жалпы позитивдүү көрүнүштү камтып турат, бирок дайыма эле эмес. Бул абал жыргалчылык болуп эсептелген жарандык коомго

карата кыйла акыйкаттуу болуп саналат. Ал эмнени камтып тураары жана болгон бардык кесепеттери менен коомдук өнүгүүнүн кезектеги айныксыз денгээли туурасында кеп кылбай деле койсо болот. Жарандык коомдун инсандын эркиндиги жана укугу, жеке менчик, абийир эркиндиги ж.б. сыяктуу негизги принциптерине каршы олуттуу түрдө каршы болуу кыйын. Ушуга байланыштуу, жарандык коом анын реалдуу жүзөгө ашырылуусунда мамлекет менен кандайдыр-бир жол менен бирдиктүү иш алып барган өзүнүн кесиптик, экономикалык, маданий жана башка кызыкчылыктарын мамлекеттен мыйзамдуу көз карандысыз институттар жана уюмдар аркылуу жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон эркин индивиддерден турат. Ошентип, өнүккөн жарандык коом экономикалык жактан өнүккөн мамлекеттер үчүн мүнөздүү болуп, ал адегенде чарбачылык кылуучу субъекттердин максималдуу экономикалык демилгесин жана өз алдынчалуулугун камсыз кылуу үчүн түзүлгөндүгү менен түшүндүрүлөт. Ал тургай, мамлекеттерде өнүккөн жарандык коомдук болуусу менен мүнөздөлгөн жогорку экономикалык эффективдүүлүгү жарандык коомдун бирден-бир маңыздык чектеринен болуп эсептелет деп айтууга болот.

Жарандык коом, тагыраак айтканда, анын элементтери биз жогоруда айткандай, кыйла жогорку өнүгүүсүнө Байыркы Греция менен Римде пайда болуп, ээ болгон. Орто кылым доорунда аталган элементтер жок болгон. Капиталистик доордо алар кайра жаралып эле тим болбостон, андан аркы өнүгүүсүнө ээ болгон, бирок антикалыка салыштырмалуу ыйла жогорку материалдык-техникалык, өндүрүштүк жана технологиялыкак негизде болгон. Бийликти бөлүштүрүү туурасындагы доктринаны иштеп чыккан XVIII кылымдын белгилүү франциялык укук таануучусу жана философу Ш.Монтескье өзүнүн «Мыйзамдардын руху туурасында» аттуу эмгегинде жарандык коомду татаал тарыхый өнүгүүнү түшүмү, натыйжасы, жыйынтыгы, табигый абал, үй-бүлө катары аныктаган тарыхтын баскычы катары караган. Монтескье мыйзамдарды мамлекеттик, саясий жана жарандык деп бөлүштүргөн. Андыктан акыркылары жарандык коомго таандык болгон

карым-катнаштарды, тагыраак айтканда жарандардын ыктыярдуу бирикмелерин, жекеликтерин жөнгө салышат. Ал эми мамлекеттик мыйзам туурасында айта турган болсок, анда алар жарандардын эркиндиктери менен саясий укуктарын жөнгө салышат. Ш.Монтескье жарандык коом менен мамлекеттин мыйзамдарынын карама-каршылыгы менен диалектикалык биримдигин ачып берген бирден-бир ойчулдардан жана укук таануучулардан болгон. Ал аталган биримдиктин бир тарабынын деградациялануусу, төмөндөөсү зарыл түрдө ири коомдук катаклизмдерге, доо кетүүлөргө алып келет [88, 29 б.]. Андан ары тарых аталган көз карашты тастыктап, жарандык коомдун компетенциясында же жарандык коомдун мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырыла турган чөйрөгө өтө эле активдүүтүрдө кирип келүү мисалына ээ болуу менен бул кандай терс натыйжаларга алып келди. Алсак, Германиядагы фашистик режим мамлекет абсолюттук мүнөзгө ээ болуп, коомго өзүнүн шарттарын түздөн-түз таңуулай баштагандыгын жөнгө салды, бул мамлекет менен коомдун жашоосундагы жарандык институттардын ролунун олуттуу төмөндөөсүндө болгон. Ушул сыяктуу эле көрүнүш Советтер Союзунда да болгон, анда абал жарым-жартылай советтик мамлекетте жеке менчик институтунун жоктугу менен татаалдашкан. Ошондой болсо дагы, жогоруда айтылганга карабастан, мамлекет менен жарандык коомдун ортосундагы өз ара байланыш кандай формаларга, мүнөзгө ээ болбосун алар бири-бирине карата чыгышкан эмес, мамлекет жарандык коомдун негизи болуп эсептелет. Мамлекеттен тышкары, анын катышуусуз, жогоруда белгиленгендей, жарандык коомдун пайда болуусу мүмкүн эмес. Экинчи жагынан, мамлекет сыяктуу феномендин өзү адамдар, тагыраак айтканда, кээ бир жеке социумдар өз кезегинде социалдык-мүлктүк дифференциацияга жана социалдык картина менен иерархиянын татаалданышына алып келген зарыл сандагы ар кыл материалдык жыргалчылыктарды өндүрүүгө мүмкүнчүлүк берген эмгектин коомдук өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу себеби боюнча мүмкүн болгон ашыкча коомдук продуктуну өндүрө баштакандан кийин гана пайда болгон.

Мындан мурун биз жарандык коом этимологиялык эле жактан эмес, тарыхый, маңыздык жактан да шаардык түшүнүгү менен тыгыз байланышкан. Орус тилинде «шаар», «шаардык» жана «жаран» сөздөрү маңызы боюнча бир өзөктүү сөздөрдөн болуп эсептелет, андыктан «жаран» «шаардык», б.а. шаар жашоочусу деген сөздөн туунду болуп саналат. Мүнөздүү болгондой, «civil society» (жарандык коом) курамдык англис сөзү, «civil» биринчи сөзү «city», б.а. шаар деген сөздөн келип чыккан. Англиялык философ, эмпиризм менен либерализмдин өкүлү Дж.Локк «жаран» сөзүнүн мазмунун ачып берүү менен, мындай деп жазган: «Жаран же атуул, белгилүү бир артыкчылыктарга башка жерде ээ болгон адам. Адамзат эрки менен коомдук келишимден көз каранды болгон ушул жааттагы бардык мамилелерди, мен орнотулган же туунду деп атайм» [73, 404 б.]. Жогоруда биз француз жана немец этимологиясына кайрылдык. К.Маркс көпчүлүк учурларда өзүнүн эмгектеринде «bьrgerliche Gesellschaft» түшүнүгүн колдонгон, ал орус тилине «жарандык коом» деп которулат, бирок сөзмө-сөз которулган варианты «шаардык коом» же «жарандардын коому» дегенди түшүндүрөт.

Биз этимологиялык жактан ачып берген лексикалык дал келүүлөр таптакыр кокусунан эмес, андыктан алар ылайыктуу аталышка ээ болуп, каралып жаткан обөекттин ортосундагы реалдуу байланыш менен жакындыкты чагылдырышат. Сөздөр ортосундагы жакындык жана окшоштук аталган сөздөр менен аныкталуучу обөекттер ортосундагы окшоштук менен жакындыкты чагылдырышат.

Жарандык коомдун белгилүү бир олуттуу белгилерин ачып берүү жарандык коомдун материалдык-маданий негизи болуп эсептелген шаар сыяктуу маанилүү тарыхый жана маданий феномենди анализдөө менен мүмкүн. Бирок шаардын болуусу автоматтык жана айныксыз түрдө жарандык коом пайда болооруна алып келбейт. Башка материалдык жана маданий өбөлгөлөр да зарыл, мисалы, ылайыктуу укуктук институттар жана укуктук маданият, индустриалдык өндүрүш, базар эркин экономикасы ж.б.у.с. Экинчи жагынан, жарандык коом шаардын, жашоо-турмуштун шаардык формасында гана

мүмкүн. Белгилүү немец тарыхчысы, жашоо философиясынын өкүлү О.Шпенглер «бардык улуу маданияттар – шаардык маданият абсолюттуу түрдө аныктоочу болуп эсептелет жана өзүнүн толук маанисинде бааланбай калды деген пикирде болгон. Экинчи мезгилдин жогорку адамы – шаар куруучу жаныбар. Дегеле адамзат тарыхынан бөлүнүп чыккан «бүткүл дүйнөлүк тарыхтын нукура критерийи мына ушул: бүткүл дүйнөлүк тарых – бул шаардык адамдын тарыхы. Элдер, мамлекеттер, саясат жана дин, бардык искусство жана илимдер шаардагы адамзат жашоосунун жеке прафеноменинде сакталып турат» [140, 92 б.].

Биринчи шаарлар салыштырмалуу түрдө адамзат өнүгүүсүнүн кеч фазасында, бардык зарыл материалдык жана башка өбөлгөлөр түзүлгөндөн кийин гана түзүлгөн. Адамдар турак-жай курууну үйрөнүп, аларды тар мейкиндиктерде жайгаштырууну үйрөнүп, өзүн зарыл тамак-аштык ж.б. турмуштук маанилүү ресурстар менен камсыз кыла баштаганынан бери көптөгөн кылымдар, миң жылдар өттү.

Г.С.Мамбеталиеванын «Ааламдашуу контекстиндеги оптимизация» аттуу монографиясында адамзаттын чарбачылык ишмердүүлүгүнүн эволюциясына жана анын натыйжаларына кыскача, бирок кыйла толук баяндама берилген. «өнүгүүнүн аң-уулоочулук жана жыйнамдык дарамети түгөнгөндө аң-уулоочулук менен жыйноочулукту мал чарбачылык жана жер иштетүүчүлүк менен сүрүп чыгарган неолиттик революция болуп өткөн, алар адамзат түрүнүн мүмкүнчүлүктөрүн олуттуу түрдө кеңейткен, андыктан ал тургай эң примитивдүү жер иштетүүчүлүк калктын он эсеге, ирригациялыкты –миң эсеге өсүүсүн жөнгө салган.

Аң-уулоочулук менен жыйноочулука караганда мал чарбачылык менен жер иштетүүчүлүк адамдын жашоо ишмердүүлүгүнө колдоо көрсөтүүсүнүн татаал системасын көрсөтүү менен мал багуучу менен жер иштетүүчүдөн себептик-натыйжалык элестөөлөрдүн кыйла өнүккөн системасын талап кылган. Өндүрүштүн кыйла татаал системасы жана жыргалчылыктарды табигый түрдө кийинки реалдуулуктан алып чыгуу социалдык байланыштардын си-

стемасын татаалданткан. Өндүрүштүк чарбачылыка өтүүнүн натыйжасы катары пайдалуу маалыматтын көлөмүнүн жана албетте, адамдын адамды эксплуатациялоосунун баштапкы формалары бекитилген интеллект менен социалдык дифференциациянын өсүүсү болгон» [77, 111 б.].

Коомдук эмгектин өндүрүмдүүлүгүнүн олуттуу жогорулоосуна алып келген жыйноочулуктан жана чарбачылыктын ыйгаруучу өндүрүштүк формасына өтүү факторлорунун бүтүн комплексинин жардамы менен шаарлардын саны өсө баштаган.

Жарандык коомдун көптөгөн элементтери шаар тибиндеги коомчулуктар ийгиликтүү функцияланышып, адамдардын туруктуу негизде ылайыктуу жашоосу мүнөздүү болгон антикалык коомдо эле пайда болушкан. Тар мейкиндик шарттарында шаардык социцмдун мүчөлөрүнүн ортосундагы маалымат алмашуу, анын иштеп чыгуусу катары айыл жериндеги шарттарга караганда кыйла интенсивдүү түрдө жүзөгө ашырыла баштаган. Башкача айтканда, шаар шарттарында адамдар ортосундагы байланыштар менен карымкатнаштарынын бүткүл спектрине олуттуу таасирин тийгизген массалуулук феномени пайда болгон. Байыркы дүйнөдөгү кыйла таасын образында массалуулук феномени Римде пайда болуп, калкы анын гүлдөп-өсүү доорунда миллион адамдан ашкан. XX кылымдагы белгилүү испаниялык философ жана социолог Хосе Ортега-и-Гассет массалуулук феноменин маданий жана саясий натыйжалары туурасында төмөнкүчө жазган: «Рим империясынын тарыхы да төмөндөөнүн, башкаруучу азчылыкты басып, анын ордуна турган массанын үстөмдүгүнүн тарыхы болгон. Ушундай эле үйүрдүүлүктүн жана жыштыктын феномени пайда болгон» [99, 98 б.].

Үйүрдүүлүк жана жыштык, б.а. шаардык жашоо үчүн мүнөздүү болгон массалуулук феномени Ортега-и-Гассеттин сөзү менен айтканда жашоонун табияттык ыргактарына баш ийген, шашылбаган, өлчөнгөн айылдыктар үчүн мүнөздүү болгон маданияттын айылдык формасынан олуттуу түрдө айырмаланган жаңы маданий формалар жана феномендер үчүн негиз болгон. Массалуулука, жыштыка алып келген шаардык мейкиндиктин тардыгынын на-

тыйжасында бардык коомдук процесстер интенсификацияланган. Туруктуу жана жыргалчылыктуу абалга колдоо көрсөтүү үчүн шаарлардын жашоочулары айыл калкына караганда башка ыргакта жашоого мажбур болушкан. Шаарлардагы социалдык убакыт алардын пайда болуу мезгилинен баштап ылдамыраак ага баштаган. Шаарлардын өсүү ченемине жараша ал дайыма тездеп, акыр аягында маданияттын инновациялык түзүүчүсү жашоонун шаардык образында үстөмдүк кылуучу болуп калган.

Социалдык мезгил биринчи шаарлар менен цивилизациялардын пайда болуусуна чейин бардык жерде болжол менен бир эле ылдамдыкта агып, коомдук эмгектин бирдей эле төмөнкү өндүрүмдүүлүгү менен шартталган. Социалдык мезгилдеги шаарлардын пайда болуусу жана өсүүсү менен локалдуу мүнөзгө ээ боло баштаган, анын жардамы аркасында ар кыл социумдардын өнүгүүсү ар кыл ылдамдыкта, интенсивдүүлүк менен өтүп баштаган. Б.а. адамзат өнүгүүнүн баскычына кирген, анын бирден-бир мүнөздүү жана негиздүү чектеринен болуп биринчи этникалык коомчулуктардын бирдей эмес өнүгүүсү болгон. Бул бирдей эместик азыркы күнгө чейин сакталууда. Азыркы мезгилдеги колосалдуу этникалык, менталдык, лингвистикалык жана маданий көп түрдүүлүк көпчүлүк жагынан өнүгүүнүн интенсивдүүлүгүндөгү айырмачылыктан улам пайда болгон. Эгерде жарандык коомдун пайда болуусу менен өнүгүүсүн маданий трасформациялардын интенсивдүүлүгү көз карашында баа берсек, анда ал шаардык жашоонун, ландшафтын шарттарында орунга ээ болгон маданий процесстердин тездөөсүнүн натыйжасын камтып турат.

Бардык мезгилдеги, доордогу бардык коомчулук өзүнүн өндүрүштүк мүмкүнчүлүктөрү, өз муктаждыктарын ар кыл жыргалчылыктар менен канаттандыруу жөндөмдүүлүгү, коопсуздугун камсыз кылып, өз жашоосун узартуу менен ылайык жашап келген жана жашайт. Жашоо-турмуштун аталган мүмкүнчүлүктөрү, жөндөмдүүлүктөрү, конкреттүү кырдаалдарга байланыштуу коомдун моралы, баалуулук системалар, анын ичинде нравалык-этикалык баалуулуктар да калыптанып, эволюцияланышкан. Башкача айт-

канда, реалдуу болмуш, К.Маркстын сөз менен айтканда аң-сезимди аныктаган. Европалык цивилизациянын өнүгүү продуктусун камтып, индустриалдык доордо өзгөчө өнүгүүгө ээ болуп, жашоо-турмуштун реалдуу шарттарына ыңгайлашуусу менен жарандык коом баалуулук негизде калыптанган коомдук жана инсан аралык байланыштардын жаңы системасын сунуш кылган. Г.Гегель өз мезгилинде жарандык коом «үй-бүлө байланышын уруу катары ажыратат, ар бир өз алдынча болуп, үй-бүлөлүк байланыштардын мааниси төмөндөйт. Патриархалдык карым-катнаштарда үй-бүлөлөр мындай өз алдынчалуулука ээ болушпайт, алар туугандык мамилелерди бардык туугандар менен сакташат; жарандык коомдо ар бир үй-бүлө өз алдынча, өзүнөн гана көз каранды, өзү гана жашоо-турмушу үчүн каражат табат. Эркиндик бул аспектиде жарандык коомдун эң ири принциби болуп эсептелет» [39, 455 б.].

Өз кезегинде Г.Гегелдин философиялык системасында субөективдүү жана обөективдүү рухтун этаптарын өтүү менен рухтун үзгүлтүксүз өнүгүү идеясына негизделген прогресс идеясын өмүр бою ырааттуулук менен коргогон Г.Гегель абсолюттуу билимге таянган. Ошол себептен немец философу жарандык коомдо таптаза оң башталыштарды жана анын өнүгүүсүнүн кесепеттерин караган. Үй-бүлө жана уруу байланышынын ажырымында ал индивиддин чоң өз алдынчалыка жана эркиндике жылуусун көргөн, ал Гегелдин пикиринде «жарандык коомдун эң ири принциптеринен» болгон. Алсак, Г.Гегель: «жарандык коомдун бирден-бир принциби болуп конкреттүү тарап эсептелет, ал өзү үчүн өзгөчө максат, муктаждыктардын бүтүндүгү, бирок башка ушундай өзгөчөлүк менен олуттуу түрдө жакындашкан өзгөчө тарап, андыктан алардын ар бири өзүнүн маанилүүлүгүн бекемдеп, башка өзгөчөлүк, жарандык коомдун башка принциби менен канаттанат» [39, 228 б.].

Негизинен, жогоруда айтылган цитата жарандык коомдун категориялары менен айдыңында берилген психологияны жана индивидуализм философиясын философиялык негиздөө болуп эсептелет.

Гуманитардык илимдерде эбактан бери эле жарандык коомдун калыптануусу зарыл талап жана шарт катары коом менен коомдук аң-сезимге антикалык ойчулдар айтып кеткен ылайыктуу юридикалык коргоо менен камсыз болгон жекелик эркиндик идеясын тереӊ киргизүү жобосун алып чыккан көз караш орноп калган. Капитализм доорундагы жеке эркиндик идеясы тигил же бул жол менен жарандык коомдун ар кыл концепцияларында берилген жекеликтин, либерализмдин, коомдук келишимдин, табигый укуктун, укуктук мамлекеттин теорияларынын негизинде жатат. Аталган көз караштан, шаардык болуусу жекелик идеясы, философиясы менен идеологиясы акыр аягында коом менен мамлекетте үстөмдүк кылуучу болуп калат деген жалган корутунду чыгарууга болбойт. Алсак, Чыгыштын көптөгөн шаарлары менен мамлекеттеринде, өзгөчө мусулмандык Чыгышта жекелик маданий жана менталдык үстөмдүк кылуучу болуп калган эмес. Бүгүнкү күнү да көптөгөн чыгыш мамлекеттери үчүн этатизмдин жогорку деңгээли, б.а. ага ылайык келүүчү саясий жана коомдук жашоодогу мамлекеттин айныксыз үстөмдүк кылуучу ролун жеке эле эмес, топтордун да кызыкчылыктарын мамлекеттин кызыкчылыктарына баш ийдирүүсүн тааныган идеология мүнөздүү. Баса белгилей кетүүчү нерсе, чыгыш мамлекеттеринин этатизми бир катар тарыхый-маданий чектер, анын ичинде жекеликтин мамлекеттик формаларынын, жамааттык кызыкчылыктардын жекеликтин, инсандын өз алдынчалыгынын салыштырмалуу төмөнкү деңгээлинде коомдун индивиддин үстүнөн болгон үстөмдүгү менен шартталган. Алардын карама-каршысында жарандык коом өзүнүн өң жогорку өнүгүүсүнө ээ болгон Батыш мамлекеттеринде индивидуализм менталдуу, философиялык жана жүрүм-турумдук үстөмдүк, андан тышкары жеке менчик институту, мыйзам тарабынан айныксыз укуктар менен эркиндиктер берилген инсандын өз алдынчалуулугу эсептелет. Ошентип, олуттуу цивилизациялык айырмачылыктар гана кыйла олуттуу түрдө коомдун абалына жана анын уюшулуусунун формаларына таасирин тийгизген. Биз аталган маселеге изилдөөбүздүн кийинки бөлүмүндө кенениреек токтолобуз.

Демек, шаар маданий феномен катары индивидуализм сыяктуу психологиялык-маданий көрүнүш үчүн жагымдуу шарттарды түздү, бирок аталган шарттар бардык учурларда индивидуализм маданий, психологиялык жана идеологиялык үстүмдүк болуп калуусуна алып келген жок. Маданий феномен катары шаар дагы ар кыл цивилизацияларда жарандык коомду түзүүгө алып келген жок, анда индивидуализмдин руху менен философия башка философиялар менен маанайларга басымдуулук кылышат, ушуга байланыштуу жарандык коомдун кыйла өнүккөн формалары өнүккөн индустриясы, өнөр-жай өндүрүшү бар мамлекеттер үчүн мүнөздүү экендигине өзгөчө көңүл буру зарыл. Өнүккөн жарандык коом өнүккөн өндүрүшү бар шаарларда гана болгон жана болот. Иш жүзүндө жарандык коом өнүккөн өнөр-жай өндүрүшү жок жерде дээрлик мүмкүн эмес. Бирок мамлекетте чоң шаарлар жана салыштырмалуу өнүккөн өндүрүш болгон мамлекеттерди тарых билет, бирок жарандык коом же жетишээрлик деңгээлде өнүккөн эмес, же мамлекеттин көмүскөсүндө калып, мисалы, СССР менен Германиядагыдай ага толугу менен баш ийген. Аталган мисалдарга байланыштуу жарандык коом үчүн башкалардан тышкары ылайыктуу саясий жана укуктук шарттардын болуусу зарыл. Биз аталган маселени кенениреек изилдөөбүздүн экинчи бапында карайбыз, ал эми азыр болсо аталган бөлүмдүн жыйынтыгын чыгарабыз.

1.Бүгүнкү күнү гуманитардык илимде аталган тематикага арналган эмгектердин молдугуна карабастан жарандык коомдун маңызына байланыштуу жеке жалпы кабыл алынган көз караш жок. Андан тышкары, жарандык коомдун көп сандагы аныктамаларынын болуусу жарандык коомдун маңызын аныктоодо кээ бир чаташууларды гана пайда кылат. Азыркы учурда алардын жалпы кабыл алынгандары болуп жарандык коомдун реалдуу калыптануусу бардык мамлекетте анын географиялык, маданий ж.б. өзгөчөлүктөрүнө карабастан жыйындысында жарандык коомдун өнүгүүсү үчүн мүнөздүү болгон мамлекет менен социалдык топтордун, индивиддердин ортосундагы карым-катнаштарды орнотууну камсыз кылган бир катар шарттардын болуусунда гана ыктымал. Мындай шарттарга төмөнкүлөр таандык:

-мамлекетте юридикалык теңдигиндеги жана көп түрдүүлүгүндөгү ар кыл формаларындагы чарбачылыктын, көп түрдүү базар экономикасынын, жекеликтердин мамлекетинен көз каранды болбогон кеңири катмардын ыкмаларын болуусун боолгологон экономикалык шарттар;

-укуктун үстөмдүгүн, бийликти бөлүштүрүүнү, тең жана жашыруун шайлоолор, андан тышкары мамлекет тарабынан адам менен жарандын укуктары менен эркиндиктеринин реалдуу кепилдиктерин жана этникалык, диний ж.б. тийиштүүлүктөрүнө карабастан коомдук жана мамлекеттик иштерге катышуусун камсыз кылган укуктук шарттар;

-көп партиялуу системанын, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун, массалык маалымат каражаттарынын эркин иш алып баруусун, социалдык таптардын, катмарлардын, топтордун жана коомчулуктардын болуусун, акыйкаттуулукту, тилектештикти жана алардын ортосундагы өнөктөштүктү боолгологон саясий шарттар;

- индивидди анын дүйнө көз карашындагы, идеялык көз караштарындагы жана рухий иш-аракеттериндеги эркин өздүк аныкталуусун, идеологиялардын, пикирлердин жана идеялардын плюрализминин болуусу, реалдуулука, толеранттуулука жана гуманизмге болгон сындык карым-катнаш мүмкүнчүлүгүн боолгологон рухий шарттар.

Жогоруда аталган шарттар жарандык коомдун маңызынын, тагыраак айтканда анын белгилүү бир чектеринин формалдуу көрүнүшү болуп эсептелет.

2. Жарандык коомдун маңызын анын кыйла өнүккөн формалары менен ачып берүү жарым-жартылай гана иш жүзүнө ашат, андыктан жарандык коом реалдуу адамдардан туруу менен маданий специфика менен шартталган көптөгөн карама-каршылыктар жана өзгөчө чектер менен мүнөздөлөт. Андыктан жарандык коомдун кыйла өнүккөн формалары кээ бир идеалдар жана максаттар менен кызмат кылышып, жалпы коомго эле эмес, жеке инсандарга да багытталат. Реалдуу максатттуулугу, зарылчылыгы, мүмкүнчүлүгү жана анын өнүккөн формаларынын жетүүсүнүн тездиги жа-

рандык коомду курууга тартылган социумдун тарыхый, географиялык, маданий ж.б. өзгөчөлүктөр менен аныкталуучу бир катар шарттар менен аныкталышат.

3.Жарандык коомдун маңызын аныктоодо цивилизациялык ыкма кыйла натыйжалуу, анын жардамы менен эмне үчүн бир цивилизациялар жарандык коомго кыйла шыктуу келишсе, башкалары – андан азыраак, ал эми үчүнчүлөрү - активдүү түрдө аны маданияттын базалык элементи катары четке кагышат. Жалпыга маалым болгондой, жарандык коом өзүнүн өнүгүүсүнүн каптиталистик фазасында байланыштардын жаңы системасын, аны менен бирге жаңы социалдык-экономикалык, саясий жана укуктук шарттарга ылайыкташкан жаңы баалуулук базаны сунуш кылган батыш европалык цивилизациянын продуктусу болуп эсептелет. Азыркы мезгилдеги болгон цивилизациялардын ар бири ага гана таандык болгон белгилердин бүтүн комплекси менен мүнөздөлөт, алардын арасында кыйла олутуусу болуп баалуулук система, динийликтин мүнөзү жана деңгээли, мамлекеттин тиби, укук системасы, турмуштук стиль ж.б. эсептелишип, жыйындысында жалпы жонунан, маданияттын тиби менен мүнөзүн беришип, өз кезегинде баалуулук системаны, турмуштук жогору баалоолорду, байлануулардыны жана багыттарды аныктоо менен экономикалык, социалдык-саясий, инсандар аралык карым-катнаштардын бүткүл комплексине олуттуу таасирин тийгизет. Тигил же бул цивилизацияга болгон тийиштүүлүк менен коомдун жамааттык же жекелик, аны менен бирге жарандык коомдун калыптануу деңгээли боюнча жамааттык тиби берилип, зарыл түрдө жекелике трансфомацияланат. Коомдун тибинин өзгөрүүсү менен айныксыз түрдө тектоникалык цивилизациялык алдыга жылуулар, өзгөрүүлөр болуп өтөт.

4. Жарандык коомдун белгилүү бир олуттуу белгилерин ачып берүү жарандык коомдун материалдык-маданий негизи болуп эсептелген шаар сыяктуу маанилүү тарыхый жана маданий феноменди анализдөө менен мүмкүн. Биринчи шаарлардын пайда болуу мезгилинен баштап адамзат өзүнүн өнүгүүсүнүн сапаттуу жаңы дооруна кирди, ал жашоо ыргагынын, коомдук

эмгектин өндүрүмдүүлүгүнүн өсүү ченеми боюнча тездеген социалдык мезгилдин ылдамдыгынын өзгөрүүсү менен байланышкан. Жарандык коомдун белгилүү бир чектери менен формалары антикалык шаарларда эле пайда болгон. Өзүнүн эң жогорку өнүгүүсүнө ал шаарлар өнүккөн индустриясы менен мамлекеттердин экономикасынын негизи болуп калган капитализм доорунда эле ээ болгон, демек, өнүккөн өндүрүш жарандык коомдун экономикалык негизи катары эле кызмат кылбастан, анын пайда болуусу жана ийгиликтүү өнүгүүсү үчүн зарыл шарт болуп эсептелет.

## 1.2. Маданий-цивилизациялык специфика жана жарандык коом

Изилдөөнүн аталган бөлүмүн белгилүү бир денгээлде өз кезегинде татаал комплекстүү феномендерге таандык болгон мамлекеттин мүнөзү менен спецификасы белгилүү бир өңүттө маданий-цивилизациялык тийиштүүлүгү менен аныкталат деген көз араштан баштайбыз. Аталган кырдаал бизди мамлекет менен жарандык коомдун ортосундагы өз ара байланышты кароого түрткү кылат.

Жарандык коом менен мамлекеттин ортосундагы өз ара байланыш кандай гана формага ээ болбосун, акыркысы бардык учурларда тен жарандык коомдун негизи болуп эсептелет, ал тургай эгерде мамлекет тигил же бул иш-аракеттери менен четкен кагылса же жарандык коом чектелсе. Жарандык коом мамлекеттен тышкары же ансыз пайда боло албайт. Экинчи жагынан, мамлекет башында турган негиздин болуусу жарандык коомдун өз алдынча пайда болоорун, андан тышкары мамлекеттин жарандык коомдун пайда болуусундагы, функцияланышуусундагы жана өнүгүүсүндөгү ролу анын негиз катары кызмат кылуусу менен сонуна чыгаарын түшүндүрбөйт. Жарандык коомдун калыптануусундагы анын ролуна артыкча берүү кыйын. Манызында мамлекет кандай тарыхый, маданий, саясий, экономикалык жана укуктук пайдубалда өзүнүн ишмердүүлүгүн жүзөгө ашыраарынан жарандык коомдун мүнөзү менен өзгөчөлүктөрү эле эмес, эгерде ал бар болсо, анын андан аркы тагдыры да көз каранды болот. Аталган кырдаал, б.а. жарандык коомдун

мамлекеттен ички жана тышкы көз карандылыгы сөздүн ары кенири маанисинде түшүндүрүлөт, мисалы, Г.Гегель “индивидуумдар төрөлгөндөн тарта эле ишеним менен мамиле кылышкан, ошол мезгилден эле алардын манызы жана алардын ишмердүүлүгү берилген элдин жалпы рухий жашоосу катары берип” [36,148-б.] жарандык коомду түз жана кыйыр түрүндө мамлекет менен байланышта анализ жүргүзүүнү, андан тышкары анын өзгөчөлүктөрүн мамлекеттин спецификалык чектеринен ачып көрсөтүүгө түрткү берет. Биз мамлекеттин курамдык же функционалдык тараптары жана өзгөчөлүктөрү же анын табияты, милдеттери туурасында эмес, реалдуу мамлекеттин тарыхый-маданий өзгөчөлүктөрү жөнүндө айтып жатабыз. Жакшы маалым болгондой, Чыгыш менен Батыштагы мамлекеттер, эгерде тарыхый өткөнүн айта турган болсок, көпчүлүк жагынан бири-биринен айырмаланышкан. Аталган айырмачылыктар өзүнүн апогеясына классикалык капитализм доорунда, тагыраак айтканда, бир катар европалык мамлекеттерде жарандык коом пайда болуп, болгон күч-аракет менен өнүгө баштаган мезгилде жеткен. Ошол мезгилде, тагыраак айтканда, кийинки доордогу олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болбогон Чыгыштагы мамлекеттер доорунда тоскоолдук эле кылбастан, жарандык институттардын жана мамилелердин пайда болуусунун ар кандай мүмкүнчүлүктөрүн чыгарып салган.

Мамлекет, белгилүү болгондой, бир эле мезгилде шаар сыяктуу маданий феномен менен бирге пайда болгон. Шаарлардын өзүндө жарандык коомдун өбөлгөлөрү, элементтери жана белгилүү бир чектери пайда болушкан. Бирок эгерде Байыркы Грециянын жана Римдин шаарларында, б.а. антикалык дүйнөдө жарандык коомдун белгилүү бир элементтери олуттуу өнүгүүгө ээ болсо, анда калган учурларда алар баштапкы абалында калышкан, мисалы, Чыгыш мамлекеттеринде Батыш цивилизациясы туурасында айта турган болсок, анда Рим империясынын кулашынан кийин Европа регрессти башынан өткөрүү менен, көптөгөн кылымдарга созулган стагнация абалына түшүп калган. Бирок кеч орто кылымдык доорунда европалык шаарлар буркан-шаркан өнүгө башташкан дагы акыр-аягында экономикалык мамилелер-

дин капиталдашуусуна, ал эми өз кезегинде жарандык институттардын пайда болуусуна алып келген. Акыркылары алардын өнүгүү денгээли боюнча акырындык менен мамлекетти башкаруу салттуу түрдө мамлекеттин прерогативи болгон чөйрөлөр менен мамилелерден чыгара баштаган. Демек, Чыгыш менен Батыштын тарыхындагы, маданиятындагы айырмачылык жарандык коомдун тарыхындагы айырмачылыкты да аныктады. Заманбап дүйнөдө Азиянын индустриалдык-өнүккөн мамлекеттери үчүн жарандык коомдун институттарынын өнүгүүсүнүн жогорку денгээли мүнөздүү, бирок Батыштын олуттуу тышкы таасиринин жана батыштын үлгүсү боюнча жүзөгө ашырылган саясий, экономикалык жана укуктук реформалардын натыйжасында пайда болуп, өнүккөн.

Батыш менен Чыгыштын элдеринин жашоосундагы мамлекеттин ролунун байкалаарлык айырмачылыгы (белгилүү бир этапта анын эволюциясын) биринчи кезекте жарандык коомду эмес, жогоруда айтылгандай, жарандык коомдун негизи катары эле эмес, жарандык коомдун калыптануусуна таасирин тийгизген башкы фактор катары да кызмат кылган мамлекет иретинде кароону максаттуу кылат. Аны мамлекет аткарган функциялардын өнүтүндө эмес, анын манызынын, жарандык коомдун пайда болуусуна, өнүгүүсүнө тоскоолдук кылуучу же тескерисинче жөнгө салуучу тарыхый-маданий өзгөчөлүктөр менен шартталып, аны менен байланышкан формалдуу чектердин манызынын өнүтүндө жүзөгө ашырууга болот.

Азыркы мезгилде мамлекеттин мамлекеттин маңызына баа берүүдө цивилизациялык жана социологиялык аттуу эки жалпы ыкма бар. Социологиялык ыкма мамлекеттин формалдуу жана маныздык чектерине баа берүү менен коомдун таптык түзүмүн, анын уюшулуусун, андан тышкары коомдун экономикалык негизин көнүл борборуна алат. Цивилизациялык ыкма мамлекеттин манызын мамлекетти пайда кылган социумдун идеалдуу-рухий жана тарыхый-маданий өзгөчөлүктөрүнөн алып чыгат. Белгилүү британиялык тарыхчы, маданият таануучу, философ жана социолог, цивилизациялык теориянын бирден-бир негиз салуучуларынын бири А.Тойнби «маданий элемент

цивилизациянын жанын, канын, лимфасын манызын камтып турат; экономикалыка салыштырмалуу саясий пландар табияттын жана цивилизациянын кыймылдуу күчтөрүнүн жасалма, олуттуу эмес жаратуучулары катары туюлат» [26, 99 б.].

Аталган көз караш боюнча, маданият мамлекет пайда болуучу, эволюцияלануучу, анын спецификалык чектерин эле эмес, андагы тигил же бул мекемелер менен институттардын болуусун же тескерисинче жоктугун да аныктаган табигый жана жеке өзөк болуп эсептелет.

Мамлекеттин табияты, россиялык мамлекет таануучу А.Б.Венгеровдун пикири боюнча коом менен мамлекеттеги болгон социалдык күчтөр менен эле эмес, тарыхый процесстин жүрүшүндө топтолуп, маданияттын алкагында өткөрүлүп берилген дүйнө, жүрүм-турумдардын үлгүлөрү ж.б.у.с. тууурасындагы баалуулуктар, элестөөлөр менен да аныкталат. Демек, мамлекеттин манызын ачып берүү менен социалдык параметрлер менен күчтөрдү эле эмес, коомдо кабыл алынган жүрүм-турумдардын нормаларын, үлгүлөрүн, элдин тарыхый тажрыйбасын ж.б.у.с. –бир сөз менен айтканда кенири маанисине чечмеленүүчү анын маданиятын көнүл борборуна алуу керек.

Мамлекеттик бийлик, А.Б.Венгеровдун пикиринде, саясий дүйнөнүн борбордук көрүнүшү болуу менен маданият дүйнөсүнүн бир бөлүгү болуп эсептелет. Аталган кырдаал мамлекет тарабынан жүргүзүлгөн саясатты саясий күчтөрдүн натыйжасы эле эмес, саясатка, адамдардын жүрүм-турумуна моралдын, баалуулук системалардын, багыттардын, дүйнө көз караштын ж.б.у.с. тийгизген таасири катары да кароого шарт түзөт.

Убакыт менен мейкиндике чачыранды болгон маданияттардын көп түрдүүлүгү, А.Б.Венгеровдун пикири боюнча, бир шарттарда туруп, өзүнүн өнүгүүсүндө токтоп, башка шарттарда өнүккөн мамлекеттердин кээ бир типтеринин себептерин түшүнүүгө шарт түзөт. А.Б.Венгеровдун мамлекеттин жашоонун алкагында улуттук маданияттардын көп түрдүүлүгүнөн, улуттук мүнөздүн чектеринен келип чыккан айырмачылыктарга өзгөчө маани берүү керек экендиги тууурасындагы корутунду чыгарат» [26, 99 б].

Жалпы эле маданият өзүнөн өзү албетте, мамлекеткен жакындабайт, бирок акыркысы жалпы эле коомдогу, албетте жарандык коомдогу маданияттын түздөн-түз продуктусу болуп эсептелет. Аталган кырдаал, факт цивилизациялык ыкма биздин учурларда социологиялык ыкмага караганда кыйла максаттуу келип, жарандык коомдун калыптануусун жөнгө салуучу же тосколук кылуучу мамлекеттин чектерин ачып берүү үчүн көптөгөн мүмкүнчүлүктөрдү берет. Акыркысы мамлекет сыяктуу эле маданияттын алкагында берилүүчү жана өзүнө дүйнө, баалуулуктар системасы, жүрүм-турум нормалары, үлгүлөрү ж.б.у.с. –бир сөз менен айтканда өткөндүн бүткүл тарыхый тажрыйбасы тууралуындагы элестөөлөрдү камтыган тарыхый тажрыйбанын жүрүшүндө топтолгон тажрыйбадан түз же кыйыр түрүндө пайда болот жана өнүгөт.

Мамлекет сыяктуу эле маданияттардын жыйындысы, алардын айырмачылыктарынын бардык жыйындысы, эгерде аталган айырмачылыктар так чечмеленишти алышса, жарандык коом кайсыл себептерден улам бир мамлекетте пайда болуп, өнүккөндүгү жана башкаларында пайда болбогондугун түшүнүү жана түшүндүрүүгө шарт түзөт.  Улуттук маданияттар менен улуттук мүнөздөгү, менталитеттеги айырмачылыктарды эске алуу, анализ берүү тууралуында айтпаганда эле, жалпы жонунан, маданий өзөкө жарандык коом сырттан келген, мисалы алсак кыргыз элиндей элдердеги жарандык коомду куруунун өзгөчөлүктөрү менен татаалдыгын түшүнүүгө шарт түзөт. Ушуга байланыштуу кыргыздар географиялык эле эмес, маданий, чыгыш цивилизациянын көп түрлөрүнүн бирине менталдык жактан тийиштүү болуп, биздин өлкөдөгү жарандык коомдун курулушунун мүнөзүнө жана ыргактарына таасирин тийгизет.

Цивилизацияларды этномаданий бөлүштүрүү концепциясы таандык болгон белгилүү америкалык саясат таануучу жана социолог С.Хантингтон: «Азыр өлкөлөрдү алардын саясий же экономикалык системаларына экономикалык өнүгүү денгээли боюнча эмес, маданий жана цивилизациялык критерийлери боюнча топтоштуруу кыйла ылайыктуураак» [107, 755 б]. Цивили-

зация, С.Хантингтондун пикири боюнча, өзүнө «кандайдыр бир маданий манызды», «адамдардын маданий шайкештигинин эн кенири денгээли катары эн жогорку чиндеги маданий жалпылыкты камтып турат» [107, 755 б]. Цивилизациялар белгилүү бир бүтүндүктөрдү камтып тураарына жана цивилизациялар ортосундагы чектер реалдуу экендигине карабастан, адамдардын маданий өздүк шайкештиги, С.Хантингтон көрсөткөндөй, «алмаша алат жана натыйжасында тигил же бул цивилизациянын курамы менен чектери алмашышат» [107, 756 б]. Акыйкаттуулук үчүн айта кетүүчү нерсе, С., Хантингтондун өзү саясий буюртманы чын ыкласы менен аткарып, өзүнүн концепциясын түзүү менен заманбап цивилизациялардыг айырмачылыгына көнүл буруп, алардын конфликтүү бирге жашоо формасын колдоп чыккан. Ошондой болсо дагы, мындай ыкмада да ал цивилизациялар бул жашоодогу баары сыяктуу эле алмашышта, алар менен бирге цивилизациялардын курамы менен чектери да, өзгөчө ааламдашуунун заманбап доорунда өзгөрүүгө дуушар болуусун моюнга алууга мажбур болгон. Бирок бул бир эле заматта боло койбойт. Көптөгөн иш-аракеттерди жасоо үчүн убакыт керек.

Азыркы мезгилде цивилизациялар ортосундагы чек аралар «коом-мамлекет» сыяктуу маанилүү системада өтүшөт. Алсак, Чыгыштагы мамлекет ага Батыш цивилизациясы олуттуу таасирин тийгизгенге чейин салттуу түрдө жердин негизги ээлиги болгон, андыктан ал туруктуулука багытталган. Аталган эки кырдаал тең мамлекет максаттуу түрдө коомдук мамилелердин бүткүл спектрин консервациялоого, өз кезегинде жарандык мамилелердин жана албетте жарандык коомдун пайда болуусу жана өнүгүүсү үчүн дээрлик шарттар болбогондугуна алып келген.

Капиталистик коомдук-экономикалык мамилелерге өтүүсү менен шартталган Батыштагы мамлекет өзүнүн эволюциясынын белгилүү бир этабында өнүгүүнүн динамикалык фазасына өткөн, андан кийин динамизм батыш коомунун негизги мүнөздөмөсү бир эле мезгилде баалуулугу болуп калган, анткени Батышта индивидуализм олуттуу бир денгээлде айланасында баалуулуктардын батыштык системасы айланган менталдык өзөк болуп калган.

Батышта өнүгүүнүн динамикалык формасы индустриалдаштыруунун жогорку денгээлинин жардамы аркасында чарбалык ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууда ишке ашкан. Жеке ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу эркиндиги Батышта капиталистик коомдук-экономикалык мамилелердин, мамлекеттин эле эмес, индивидуумдун эгемендүүлүгүнүн тиби менен формасынын орнотулуусу менен да аныктала баштаган. Чыгыш туурасында айта турган болсок, анда мамлекеттин эгемендүүлүгүн ал жакта социумдун пайда болуусунун жамааттык формасына негизделүүсүн жана багытталуусун уланта берген. Жердин шартсыз ээликтери болгон чыгыш элдери абсолюттук мамлекет шарттарында жогорку өндүрүштүк эмгеке карата стимулга ээ болушкан эмес, манызы боюнча, коомдун уруулук уюшулуусуна таандык болгон жамааттык маданият менен рухтун консервациясына кызыкдар болушкан.

Мамлекетти берген монархтын абсолюттуу бийлиги, кандаш уруулук байланыштар системасында негизделген жана патронаждык-кардардык мамилелер формасында жүзөгө ашырылган корпоративдүүлүк менен кландуулук азыркы мезгилде кээ бир чыгыш социумдарынын мүнөздүү чектери болуп эсептелет. Ал эми кээ бир көрсөтүлгөн белгилер, тагыраак айтканда корпоративдүүлүк менен кландуулук көптөгөн азиялык мамлекеттер, анын ичинде индустриалдык жактан өнүккөн менен коомдор үчүн мүнөздүү. Мунун баары спецификалык мамлекеттик институттардын жана коомдук мамилелердин калыптануусуна таасирин тийгизген. Азыркы мезгилде болсо салттуу чыгыш этносаясий маданиятынын жана ага ылайык менталитеттин кээ бир спецификалык чектери көптөгөн заманбап азиялык мамлекеттердин, биринчи иретте мусулман өлкөлөрүнүн социалдык-саясий ландшафты үчүн мүнөздүү. Белгилей кетүүчү нерсе, кыргыз эли жана анын салттуу саясий маданияты жана Чыгыштын мүнөздүү коомдук-саясий түзүмдөрү саясий салттары, институттары үчүн жарым-жартылай кыскартылган түрүндө таандык болгон. Бул биринчи кезекте тарыхтын советтик жана жаңы мезгилдерди эсептебегенде эч качан мамлекет кыргыз коомунун жашоосунда үстөмдүк кылуучу ролду ойногон эмес. Кыргыз эли анын коомдук карым-

катнаштарынын уюшулуусунун көз карашында маңызы боюнча жарандык коомдун карама-каршылыгы болуп эсептелген кандаш-уруулук коомду камтып турган. Экинчи жагынан, кыргыз салттуу коомундагы бийликтик карым-катнаштар системасындагы мүнөз менен мазмун мамлекеттик башкаруу системасында да бекитилген классикалык чыгыш коомчулуктарына таандык болгон нормалар жана салттар менен аныкталган.

Гуманитардык илимде чыгыш цивилизацияларынын бирден-бир башкы баалуулуктарынан болуп коомдук туруктуулук, ошол эле мезгилде батыш цивилизациясы үчүн мындай баалуулук катары динамизм кызмат кылат деген көз караш жаңылыштык болуп саналат. Мындай элестөөнүн жаңылыштыгы туруктуулук жана динамизм сыяктуу көп түрдүү категориялардын аралашуусунда турат. Туруктуулук коомдун чыгыштык эле эмес, батыштык да типтери үчүн таандык болгон абсолюттуу баалуулук болуп эсептелет, андыктан туруктуулук нормалдуу адамзат болмушунун, коомдук жашоонун негизи болуп эсептелет. Ошондуктан ал бардык социумдар менен цивилизацияларды өзүнө бирдей тартып турат. Бирок коом менен мамлекет туруктуулук абалга конкреттүү түрдө кантип жете алары башка кеп.

Европада капиталистик коомдук-экономикалык мамилелер, европалык элдер менен мамлекеттер толугу менен турукташа баштаган мезгилден тарта, маданияттын динамикалык түзүүчүсүнүн эсебинен, башкача айтканда, жогорку өндүрүштүк эмгектин, машина өндүрүшүнүн жардамы аркасында жете башташкан, ал европалыктарга бир нече жүз жылдарга анын өнүгүүсүнүн мүнөзүн, ыргактарын жана негизги багыттарын аныктоочу дүйнөлүк тарыхтагы үстөмдүк кылуучу күч болуп калууга шарт түзгөн. Н.А.Бердяев аталган фактыны эске алуу менен XX кылымдын башталышындагы дүйнөдөгү европа адамынын үстөмдүгү айныксыз болгондугун белгилеп, «Бүткүл дүйнөлүк тарых толугу менен Чыгыштан Батышка көчүрүлөт, ал эми адамзат тарыхынын биринчи барактарын берген Чыгыштын элдери улуу маданияттарды түзүшүп, бүткүл дүйнөлүк тарыхтан чыгуу менен бардык маданияттар менен диндердин бешиги болуп калган. Чыгыш уламдан-улам статикалуу болгон.

Тарыхтын динамикалык күчү толугу менен Батышка көчүрүлгөн. Христианчылык тарыхый динамизмди батыш элдеринин жашоо-турмушуна киргизет. Чыгыш ичти карай кетип, бүткүл дүйнөлүк тарыхтын аренасынан кеткен» деп жазат [19, 96 б]. Бирок XXI кылымдын башында эле жүз жылдан сон Н.А.Бердяевдин сөзү менен айтканда, «тарыхтын динамикалык күчү» Чыгышка көчүрүлгөн, тагыраак айтканда кайтып келген, ал кайрадан «бүткүл дүйнөлүк тарых» аренасына кирген. Бул Чыгыштын маданий ыңгайлашуусунун, Батыштын маданий элементтерин, анын ичинде социалдык-экономикалык, саясий жана укуктук институттарын өздөштүрүүнүн натыйжасында болуп өткөн.

Биринчи цивилизациялардын пайда болуу мезгилинен баштап адамзат адамзат бөлүктөргө бөлүнүп, алардын ар бири жеке маданий коддорун издеп, таап, өнүктүрүп, аны ар кыл ылдамдыкта жасоо менен бөлүктөргө бөлүнүүсү менен мүнөздөлгөн принципиалдуу жаны абалга өтүүсүн жүзөгө ашырган. Ашыкча коомдук продуктуну туруктуу иштеп чыгуу шарттарындагы социумдар дайыма болуучу дифференциация процессине дуушар болушкан. Паралеллдик түрдө физикалык мезгилден айырмаланып өзүнүн ылдамдыгын коомдук эмгектин өндүрүмдүүлүгүнө байланыштуу өзгөртүү касиетине ээ болгон социалдык мезгилдин тездөөсү болуп өткөн. Өз алдынча цивилизацияларды калыптандырган элдер цивилизациянын чегинен тышкары алгачкы коомдун өнүгүү денгээлинде калган же алардан олуттуу түрдө ашып кетпеген коомчулуктарга караганда кыйла тездик менен өнүгө башташкан. Бирок иш аны менен эле чектелип калган эмес. Цивилизациялардын өзү ар кыл ыргак менен өнүгө башташкан, баштапкы маданий коддордун окшош эместиги менен шартталган айырмачылыктар менен катар өнүгүүнүн ар кыл ыргактары аркылуу шартталгандар менен пайда болуп, өнүгө баштаган. Бирок белгилей кетүүчү нерсе, белгилүү болгондой Европада пайда болгон эрте капитализмдин дооруна чейинки Батыш менен Чыгыштын цивилизациялары болжол менен бир эле ыргакта өнүгүшкөн. Ошол эле мезгилде, тагыраак айтканда, бир катар доорлордо Батыштын эле эмес, Чыгыштын дагы негизги ци-

вилизациялары негизинен жеке ареалдардын чегинде калган. Алардын чегинен чыгуунун сейрек аракеттери эреже катары экспансияны жүзөгө ашырган мамлекеттер менен цивилизациялар башка элдер менен цивилизациялардын маданияттарына аралашып кетүүсү менен аяктаган. Мисалы, Александр Македонскийдин Жакынкы Чыгыштын элдерин элинизациялоо аракетин айтсак болот. Акыркылары, байыркы грек маданиятынын белгилүү бир таасирин баштан кечирүү менен андан ары келгин калкты ассимиляциялап, мурунку маданиятка толук кайтып келүүсүнө шарт түзөт. Чыңгызхандын улуу империясынын аскердик жана уюштуруучулук ядросун пайда кылган көчмөн элдер өз мезгилинде алар баш ийдирген элдер тарабынан ассимиляцияланган. Ошентип, Азия менен Европанын цивилизациялары бири-бирине олуттуу эмес таасирин тийгизүү менен жеке өз алдынчалыгын сактап калышкан. Цивилизациялардын таасири чек аралык цивилизацияларга болгон таасири менен чектелген, бирок ал түп-орду менен болгон алдыга жылууларга, натыйжаларга алып келген эмес. Ар кыл элдер ортосундагы конфликттер, дайыма коштолуп туруучу цивилизациялардын алдыга умтулуучу өнүгүүсү (алардын бир бөлүгү өзүнүн ички ресурсун сонуна чыгарып, башка маданияттарга аралашып кетүү менен жоголгон) ички же чек аралык мүнөзгө ээ. Адамзат жалпы жонунан, анын кээ бир бөлүктөрү эффективдүү түрдө башка бөлүктөргө кирүүсүнө, көптөгөн миң киломертрлерди жана океандык мейкиндиктерди багындыруу менен мүмкүнчүлүкө ээ болуусу үчүн ылайыктуу транспорттук каражаттарга ээ болушкан эмес. Бирок капитализм доорунда аталган каражаттар менен мүмкүнчүлүктөр бир катар европалык элдерде пайда болгон. Океандарды кесип өтүүгө жөндөмдүү деңиз кайыктары, күкүрттүн жарылуучулук күчүн пайдаланган замбиректер менен куралжарактар башка мамлекеттер менен цивилизацияларга кирүүгө эле эмес, аларга өзүнүн эрки менен маданиятын таңуулоого шарт түзгөн зарыл курал болуп калган. Кийинчереек Англияда адегенде буу күчүн, андан кийин электр тогун колдонгон машина өндүрүшүнүн пайда болуусу менен дүйнөдөгү Батыш цивилизациянын лидерлиги айныксыз түрдө жогорулаган. XX кы-

лымдын башталышында ал ушунчалык олуттуулука жеткен, батыш адамынын үстөмдүгү түбөлүктүү болбосо да, көптөгөн кылымдарга созулат деген жалган элестөө пайда болгон. Н.А.Бердяевдин бүткүл дүйнөлүк тарых толугу менен Чыгыштан Батышка көчүрүлүп, Чыгыштын элдери болсо бүткүл дүйнөлүк тарыхтан чыгып калат… Тарыхтын динамикалык күчү толугу менен Батышка көчүрүлөт…Чыгыш ичти карай кетип бүткүл дүйнөлүк тарых аренасынан кетет деп айткан сөзүн башкача эмне менен түшүндүрөбүз [19, 96 б]. Чыгыш дүйнөлүк өнүгүүдөгү Батыштын демилгесин жулуп кетмек түгүл, маданий, технологиялык жана менталдык жактан андан көз каранды болбой да калган. Бирок Чыгыш элдер менен маданияттардын ири көп түрдүүлүгү менен мүнөздөлгөндүгүн эске ала кетүү зарыл. Эгерде европалык элдер Европанын аймагынын анча олуттуу эмес көлөмүнө байланыштуу азыркы мезгилде коомдук-экономикалык өнүгүүнүн бир фазасында турат, алардын экономикасынын ар кыл деңгээлдерине жараша жалпы жонунан, бир тарыхый доордо болушса, анда Азиянын элдери менен мамлекеттери коомдук-кономикалык өнүгүүнүн ар кыл деңгээлдеринде эле эмес, кээде маңызы боюнча ар кыл доорлордо турушат. Алсак, заманбап Ооганстан орто кылымдык мамлекет, ал эми Жапония, Түштүк Корея, Тайвань ж.б. өнүгүүнүн постиндустриалдык фазасына өтүүсүн жүзөгө ашырды. Өзүнүн маданиятында орто кылымдын эле эмес, маалыматтык коомдун да элементтерин айкалыштырган элдер менен мамлекеттер бар. Мисалы, Кувейт, Катар, Сауд Аравиясы ж.б.сыяктуу өлкөлөрдүн материалдык жыргалчылыгы пайдалуу жаратылыш ресурстарына негизделген. Биздин эл менен мамлекет дагы өзүнө көптөгөн түрдүү элементтерди камтып, географиялык, тарыхый жана маданий пландагы бир катар себептер менен түшүндүрүлөт. Биз, аталган маселени биз изилдеп жаткан маселеге арналган атайын бөлүмдө карайбыз, ал эми азыр болсо аталган бөлүмдүн предметин талдоого алууга кайрылабыз.

Ар кыл убакыттык айдында, доорлордо ар башка элдер менен мамлекеттерди табуу аталган элдердин Батыш цивилизациясынын маданиятынын элементтерин өздөштүрүүсүн эч бир жөнгө салбайт. Анын ичинде, жарандык

коом сыяктуу татаал маданий феноменди айтууга болот. Убакыттагы, тагыраак айтканда социалдык мезгилдеги ажырым канчалык чоң болсо, башка элдик маданий компоненттерди өздөштүрүү ошончолук татаал болот. Аталган ажырым ушунчалык чоң болушу ыктымал, аны башка маданиятты толук четке кагууга алып келүүсү ыктымал, мисалы, мындай кырдаал заманбап Ооганстанда болот.

Жарандык коом – бул Батыш цивилизациясынын продуктусу, бизде дагы ал –универсалдуу өнүттөгү көрүнүш деп эсептөөгө жетиштүү негиз жок. Башкача айтканда, жарандык коомдун бардык жетишкендиктерине карабастан, алар кандай гана олуттуу жана айныксыз болсун, бардык элдер үчүн маданий феномен, милдеттүү же ылайыктуу болуп эсептелбейт. Бул жерде жарандык коомдун элементтеринин бардык жыйындысын киргизүүнүн максаттуулугу же жок дегенде алардын бир бөлүгүнүн башка маданий чөйрөгө, өзөкө берүүсү туурасында эле кеп болгон жок. Ал тургай эгерде бул канчалык максаттуу болбосун, ал зарыл түрдө болду деп айтууга болбойт, андыктан тигил же бул социумдун маданияттын инновациялык элементтерин кабыл алуу жөндөмдүүлүгүн, анын модернизацияны жүзөгө ашыруу даярдыгын эске алуу зарыл. Калыбы, ар бир эл ар кыл ыңгайлашуучулук жөндөмдүүлүкө ээ, эгерде бир элдер жаңы шарттарга салыштырмалуу аракет менен ыңгайлашса, экинчилери болсо мындай жөндөмдүүлүктү таба албайт, бирок тышкы таасирлерге болушунча каршы турушуп, кандай гана болбосун жашоо-турмушунун салттуу формаларын сактап калууга аракет кылышат.

Тигил же бул цивилизацияга тийиштүүлүгүнө карата тышкы таасирлерге ыңгайлашууларынын жөндөмдүүлүгүн карайбыз.

А.С.Селищев менен Н.А.Селищеванын «XXI кылымдагы кытай экономикасы» аттуу китебинде төрт негизги заманбап цивилизациялар катары европалык-антикалык-христиандык, араб-исламдык, индо-буддалык жана кытай-конфуцийчилик цивилизациялар берилген, алардын ар бири спецификалык чектердин жыйындысына, модернизациянын ар кыл мүнөзүнө жана өздөштүрүү деңгээлине ээ болушат [112, 16 б]. Калыбы, биз карап жаткан

жарандык коом, тагыраак айтканда өнүккөн жарандык коом модернизацияланган социумдун, мамлекеттин жана цивилизациянын бирден-бир маанилүү белгилеринен, чектеринен, элементтеринен болуп эсептелет.

Биз цивилизациялардын, алардын санын, чектеринин, мүнөздөмөлөрүнүн ж.б.у.с. аталыштарын күмөн саноого калтырбайбыз. Бирок эки кырдаалга көңүл буруу зарыл: биринчиден, көрсөтүлгөн цивилизациялардын чектери менен мүнөзү диний түзүүчүсү: христианчылык, ислам, буддизм жана конфуцийчилик (акыркысы, чындыгында таза түрүндө дин болуп эсептелбейт, бирок ал бир катар элдердин диний комплексине киргизилген) менен байланышат; экинчиден, жогоруда көрсөтүлгөн төрт цивилизациянын (демек, диндерден) ичинен кыйла консервативдүүсү жана модернизацияга азыраак тартылуучу болуп араб-исламдык цивилизациясы эсептелет. Ислам үстөмдүк кылуучу дин болуп эсептелген мамлекеттердеги жарандык коом жакшы өнүккөн эмес. Экинчи жагынан, аталган мамлекеттерде маданияттын салттуу элементтери кыйла кубаттуу, туруктуу.

Калыбы, кыргыз эли жогоруда көрсөтүлгөн төрт цивилизациялардын ичинен толугу менен болбосо да, олуттуу деңгээлде башкаларга караганда араб-ислам цивилизациясына таандык. Биринчиден, анткени биздин ата-бабалар салыштырмалуу жакынкы мезгилдерде эле көчмөн болушкан, экинчиден, кыргыздардын басымдуу бөлүгү өзүлөрүн мусулмандарга таандык кылышат. Биздин коомдогу салттуулуктун элементтери арабдык Чыгыштын өлкөлөрүндөгү мусулмандык жамааттардагыдай жетишээрлик деңгээлде күчтүү эмес. Анын үстүнө биздин республика агрардык экономикасы же башкача айтканда өндүрүшү начар өнүккөн өлкөлөрдүн катарына кирет. Ал эми жарандык коомдун зарыл элементи болуп өнүккөн өндүрүш эсептелет. Европа өлкөлөрүндө жаңы эле калыптанып баштаган жарандык коомдун негизинде чарбачылык ишмердүүлүктүн субъекттеринин экономикалык өз алдынчалыгы жатат, ал өз кезегинде коомдук өндүрүштүн жетиштүү жогорку деңгээлинде жана салыштырмалуу коомдук өнүгүүнүн жогорку динамикасында гана ыктымалдуу болуп калган. Жогоруда көрсөтүлгөн төрт цивилиза-

циялардын ичинен батыш-антикалык-христиандык цивилизация биринчилерден болуп жөн гана өнүгүүгө эмес интенсивдүү өсүүгө болгон жөндөмдүүлүктү таба алган. Аталган чектин, жөндөмдүүлүктүн жардамы менен бир катар европалык мамлекеттерде жарандык коом пайда болуп, өнүгө баштаган. Башкача айтканда, жарандык коом коомдук өндүрүш жетиштүү жогорку деңгээлге чыга баштаганда пайда болуп, өнүгүүгө жөндөмдүү. Бирок аталган шарт жетиштүү эмес, зарыл гана болуп эсептелет. Экинчи жагынан, коомдук өндүрүштүн төмөнкү деңгээли жана жарандардын төмөнкү материалдык мүмкүнчүлүктөрү менен мүнөздөлгөн мамлекетте жарандык коомдун институттары өзүнүн алдында реалдуу негиздерге ээ эмес.

Ошентип, эгерде жарандык коомду курууну цивилизациялык спецификанын жана тийиштүүлүктүн айдыңында карасак, анда ал тигил же бул цивилизациянын жөндөмдүүлүгүнө жакындашпайт, анткени өнүгүү бардык цивилизациянын атрибуттук чеги болуп эсептелет, анын спецификасынан көз карандысыз түрдө, салыштырмалуу тез өсүү жөндөмдүүлүгүнө, б.а. тигил же бул жол менен ич ара атаандаштыкта болгон башка цивилизацияларды айтсак болот.

Батыш цивилизациясы капиталистик коомдук-экономикалык формацияга өтүүсүн жүзөгө ашыруусунун эсебинен алдыга секирик жасады. Бирок ага чейин, болжол менен XV кылымдын ортосунан баштап, бир катар батыш европалык өлкөлөр жогоруда айтылгандай, океандык деңиз флотунун жана күкүрт базасындагы курал-жарактардын эсебинен глобалдык экспансияны жүзөгө ашыра баштаган. Аталган экспансия аталган өлкөлөргө өздөштүрүлгөн аймактарда элдердин түздөн-түз талап-тоноолору аркылуу Европадагы жалпы кырдаалга оң таасирин тийгизген көптөгөн иш-чараларды жүзөгө ашырууга шарт түздү. Каражаттардын сырттан ташкындап агылып келүүсү, өнөр-жай өндүрүшүнүн буркан-шаркан өнүгүүсү, алар менен бирге шаарлардын, капиталдын жана аскердик кубаттуулуктун ж.б.у.с. өсүүсү Европанын капитализмге өтүүсүн олуттуу түрдө тездетти. XIX кылымдын башталышында европа өлкөлөрүнүн жана АКШнын аскердик жана экономика-

лык артыкчылыгы айныксыз болуп, өзүнүн таасири жана жеке маданиятынын элементтерин жеке ареалынын, цивилизациясынын чегинен кыйла алыска таратууга шарт түзгөн [112, 13 б].

Көпчүлүк жагынан, европа маданиятынын көптөгөн элементтерин башка маданий өзөкө таратуусунун жана киргизүүсүнүн жардамы аркасында XX кылымдын экинчи жарымында динамизм Батыш цивилизациясын гана таандык болгон чек болуудан калган. Япония, Түштүк Корея, Сингапур, Тайвань, Гонконг, ал эми азыркы мезгилде жогоруда келтирилген кытай-конфуцийчилик цивилизациянын классификациясына ылайык таандык болгон Кытай сыяктуу мамлекеттер Батыш же европалык-антикалык-христиандык цивилизациянын элдери менен өлкөлөрүнө караганда кыйла интенсивдүү өнүгүү жөндөмдүүлүгүн табышкан. Бирок жогоруда аталган өлкөлөрдү жүзөгө ашырган реформалар таптакыр жаңы, батыш, христиандыка караганда баалуулук, моралдык-этикалык жана жалпы эле маданий негизде жүргүзүлгөндүгүнө көңүл буруу зарыл. Алсак, жогоруда аталган өлкөлөрдүн элдери саясий, экономикалык ж.б. реформаларды жүзөгө ашыруу менен реформациялык процесстерге активдүү тартылган функционалдык топордун уруулук рухуна жана мүнөзүнө таянышып, индивидуализм жана либерализм европалык рухуна түздөн-түз оппозияда турган. Андан тышкары, аталган бардык өлкөлөрдө эмгек ишмердүүлүгүнүн моралдык-этикалык негиздери катары азыркыга чейин феодалдык иерархиянын жана этиканын көптөгөн элементтери сактаган нормалар менен принциптердин системасы кызмат кылат. Аталган кырдаал, факт парадоксалдуу сезилет. Европадагы феодализм кандай гана болбосун – бул жаңы капиталистик-коомдук-экономикалык мамилелер менен четкен кагылгандар. Башкача айтканда, Европадагы капитализм өндүрүштүн феодалдык ыкмасы, феодализмди четке кагуунун эле эмес, феодалдык этиканын натыйжасы катары катары да пайда болгон. Чыгыш Азияда феодалдык этика, тескерисинче, өндүрүштүк революцияны жүзөгө ашыруу үчүн активдүү ишке киришкен. Алдыңкы өнөржайды түзүү жарандык коомдун элементтерин жана институттарын түзүү

жана өнүктүрүү менен коштолгон. Өнүккөн өнөр-жай гана андан ары коомдук жана саясий жашоонун олуттуу либералдашуусу, андан тышкары жарандык коомдун институттарынын өнүгүүсү мүмкүн болгон. Ошентип, Чыгыш Азия мамлекеттеринин башында биз коомдук жашоонун либералдашуусу жана жарандык коомдун өнүгүүсү бир аз башкача ырааттуулукта болгондугунун ачык мисалына ээбиз, бул европа мамлекеттериндегиге караганда индивидиддердин жүрүм-турумдук стереотиптерин эле эмес, чарбачылык субъекттердин бирдиктүү иш-аракеттеринин мүнөзүн дагы аныктаган феодалдык моралык-этикалык базада жүзөгө ашырылган. Коом менен мамлекет канчалык бай болгон сайын, коомдук мамилелер ошончолук либералдуу, жарандык институттар күчтүү болуп калган. Коом каражаттар боюнча жашаган, аталган каражаттар канчалык көп болгон сайын, эркиндиктер менен укуктар ошончолук көп боло баштаган. Андыктан феодалдык нравалар менен этика эскирген жана экономикалык өсүүнү артка тартып, четке кагылбастан, активдүү түрдө кийинки реалдуулука ыңгайлашкан, алар аны артка тарткандыктан, тескерисинче коомдогу жана чарбачылык ишмердүүлүктөгү дисциплинанын жогорку деңгээлине колдоо көрсөткөн.

Жапонияда, Түштүк Кореяда, Сингапурда, Тайванда, Гонконгдо баалуулуктардын либералдык системасына негизделген батыштык негиздеги чарбачылыктын базардык формалары баалуулуктардын салттуу системасынын негизде ийгиликтүү кабыл алынып, өздөштүрүлгөн. Бирок белгилей кетүүчү нерсе, бул көпчүлүк жагынан, жогорку дисциплинанын жана жалпы эле коомдун эле эмес, аны пайда кылган субөекттердин уюшулуусунун жардамы аркасында болуп өткөн. Бул жогорку дисциплина жана уюшулуу узак тарыхый-маданий өнүгүүнүн табигый натыйжасы болгон.

Тарых калчагандай, коом менен мамлекеттин феодалдык негиздери Түштүк Кореяга караганда башка социалдык-саясий реалдуулука кире алган Түндүк Кореянын мисалында мамлекеттик феодализм катары аныктоого болот. Корея Элдик-демократиялык республикасы 1948-жылы корей жарым аралынын жаңы бөлүгүндө Корея Республикасынын түзүлүүсүнө жооп ката-

ры түзүлүп, аны менен бирге мамлекетте кытай тибиндеги социализмди куруугa багытталган бир катар реформаларды жүргүзгөн КЭДР саясий бийлик Кореянын Эмгек партиясы менен монополиялашкан. 1949-жылы бардык өнөр-жай, ички жана тышкы соода-сатык мамлекет тарабынан монополиялашып, жеке менчик институту жоголгон. Түндүк Кореяда жүргүзүлгөн реформалардын натыйжасында социалдык көз караштa калктын үч чоң тобу калган: дыйканчылык, жумушчу тап жана башкаруунун кеңири аппаратына ээ болгон мамлекеттик бюрократия. Тоталдык мамлекеттик менчик шарттарында өндүрүш каражаттарына бюрократия азыркыга чейин обөективдүү түрдө жарандардын ири сандагы укуктары менен эркиндиктерин берүүгө жана жүзөгө ашырууга кызыкдар болбогон феодалдардын табына айланган. КЭДРнын мамлекеттик башкаруу жана түзүлүш системасынын кемчиликтери жарандардын укуктары менен эркиндиктерин кыскартуу менен чектелбейт. Түндүк Кореянын экономикалык системасына таандык болгон минимум дагы эки олуттуу катачылык бар: өндүрүш менен недрдин, ички жана тышкы соода-сатыктын каражаттарына болгон мамлекеттин толук монополиялашуусу, жарандардын жогорку эффективдүү эмгеке болгон стимулдарынан ажырашына алып келген; экономика жалпы коомдун уюшулуусу катары таасын берилген милитаристик мүнөзгө ээ, анын натыйжасында мамлекет менен коомдун олуттуу ресурстары курал-жарака жана армияга кетет. Коомдун кыйла чектелүү материалдык мүмкүнчүлүктөрүндө акыркысы айныксыз түрдө өзүнүн мүчөлөрүнүн коомдук иерархиялык түзүмүнө ылайык керектөөлөрүн эле эмес, укуктарын да кесип салат. Башкача айтканда, коомдун реалдуу мүчөлөрүнүн диспропорциясы, теңсиздиги бардык мамлекет жана маданият үчүн айныксыз көрүнүш.  Маселенин өзөгү биз же башка конкреттүү коом социалдык-экономикалык өнүгүүнүн кайсыз фазасында турганыгында. Бирок мамлекеттер менен цивилизациялардын бирдей эмес өнүгүүсүнө карабастан биз зарыл түрдө укуктардын ар кыл көлөмдөрүн ар кыл коомчулуктарда алардын маданий спецификасына таңуулайбыз. Реалдуу айырмачылык мамлекеттер менен элдер өнүгүүнүн ар кыл фазасында ту-

руу менен кийинки шарттарга ыңгайлашуусунда турат, алар коомдун мүчөлөрүнүн ортосунда эркиндиктер менен укуктарды өзүлөрүнүн материалдык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша бөлүштүрүшөт. Азыркы мезгилде экономикалык жаатта өнүгүүнүн постиндустриалдык фазасына чыккан либералдык капитализм материалдык жыргалчылыктарды өндүрүү планында аларды жарандардын ылайыктуу укуктары жана эркиндиктери менен бекемдеп, чоң мүмкүнчүлүктөрдү берет.

Эки заманбап Кореянын мисалы таасын жана ынанымдуу түрдө бир эле маданий негиз бирдей эмес жол менен канчалык деңгээлде жүзөгө ашырылаарын, элдин жаратмандык энергиясы кайра жөнөтүлөөрүн, кандай кесепттерге алып келерин демонстрациялап, социалдык-экономикалык эле эмес, саясий-укуктук пландагы да ар кыл натыйжаларга алып келет. Экинчи жагынан, өнүгүүнүн конкреттүү натыйжаларындагы, деңгээлдериндеги олуттуу айырмачылыктарга карабастан бөлүнгөн эки эл тең, жалпы тарыхый-маданий негизге, менталитеттин жакындыгына карабастан өнүгүүнүн динамикалык формасына болгон жөндөмдүүлүгүн таба алышкан. Андыктан Түштүк Корея өзүнүн жарандарына жеке демилге үчүн дүйнөлүк базардан ажырабастан жана аны менен бирге атаандаштык чөйрөнү сактап калуу менен укуктарды, эркиндиктерди көбүрөөк берүү менен социалдык-экономикалык эле эмес, жарандык планда дагы болуп көрбөгөндөй натыйжаларга жеткен.

Ар кыл элдер, болмуштун тарыхый-маданий жана менталдык негизин пайда кылуу менен себептер менен факторлордун бүтүн комплексине карабастан маданияттын динамикалык түзүүчүсүн кабыл алуунун ар кыл деңгээлине, алмашып туруучу реалдуулуктун түрдүү ыңгайлашуучулук жөндөмдүүлүгүнө ээ болушат. Конкреттүү кырдаалдар, тагыраак айтканда, көптөгөн кырдаалдар мамлекет менен коомдун өнүгүүсүнүн тигил же бул багытын берет. Жалпы жонунан, бардык өнүгүү альтернативдүү мүнөзгө э болот, б.а. ал вариативдүү, бирок вариативдүүлүк чектелүү мүнөзгө ээ жана өнүгүүнүн өзү туунду эмес, ал элдин тарыхый-маданий, табияттык-географиялык спецификасы менен аныкталган дайыма белгилүү бир алкака,

чектерге киргизилген. Аталган специфика менен элдин прогресске жана жарандык коомду курууга болгон жөндөмдүүлүгү аныкталат.

Мамлекеттик-феодалдык нормалар менен мамилелер системасынын базардык, капиталистик карым-катнаштарга кантип ийгиликтүү трансформацияланa алары тууралуу бирден-бир чечендик мисалдардан болуп дээрлик акыркы төрт он жылдыктагы Кытайдын тарыхы эсептелет. 1978-жылы Кытайда кытайлык спецификасы же социалистик базар экономикасы аталышына ээ болгон реформалар жана ачыктык саясаты башталган. XX кылымдын жетимишинчи жылдарынын башында Кытайда чарбачылыктын социалистик методдорунун дармети дээрлик калган эмес, өлкөнүн жетекчилиги болсо экономикалык карым-катнаштарды либералдаштырууга багытталган түп-орду менен болгон экономикалык кайра өзгөртүүлөрдү жүргүзүү тууралуу чечимди кабыл алган. Кытайдын чек аралары товарлар менен капиталдын эркин агылып келүүсү үчүн ачык болгон, өлкөнүн калкы болсо бир эле заматта өнүккөн капиталистик өлкөлөрдүн калкы менен ачык атаандаштыка өтүшкөн. Жаңы шарттарда кытайлыктарда жогорку өндүрүштүк эмгеке болгон стимул пайда болгон, андыктан жаңы кырдаалдарга байланыштуу айлык акыдан жана түшкөн пайдадан бардык чектөөлөр алынып салынган. Натыйжада коомдук өндүрүштүн деңгээли чукулунан өсүп, өз кезегинде Кытайдын калкынын басымдуу бөлүгүнүн жашоо-турмушунун жакшыруусуна алып келген. Кайра өзгөртүүлөр, тагыраак айтканда, алардын натыйжалары олуттуу түрдө урбанизация процессин күчөткөн. 2011-жылы шаар калкынын үлүшү 51,27% түзүп, биринчи жолу Кытайдын узак тарыхында 50% ашып кеткен. Таасын болгондой, шаар калкынын сандык өсүүсү Кытайдагы жарандык институттардын жана жарандык коомдун калыптануусуна алып келет. Албетте, Кытай жогорку өнүккөн жарандык коомдун стандарттарынан кыйла алыс, бирок аталган багытта тездетилген ылдамдык менен алдыга баратканы айныксыз.

Салыштырмалуу жакында эле классикалык чыгыш деспоттук типтеги мамлекет болгон Кытайдын мисалы көрсөткөндөй, түп-орду менен болгон

реформалар жарандык коомдун калыптануусуна кантип жана кандай тездик менен алып келе алат. Белгилүү болгондой, ылайыктуу социалдык-экономикалык жана укуктук шарттарды түзгөн Кытай калкынын жогорку экономикалык активдүүлүгү жарандык коом үчүн зарыл материалдык шарттарды түздү. Кытай жетекчилигинин алдында адегенде жарандык коомду куруу эмес, жогорку өндүрүмдүүлүк эмгекти стимуляциялоо үчүн шарттарды түзүү милдети турган, бирок ошонун баары жүзөгө ашырылды. Бирок туруктуу негизде жүзөгө ашырылуучу жогорку эффективдүү эмгек эмгеке жана өнөктөштүкө болгон стимулдардын жоктугунун шарттарында мүмкүн эмес. Мындай эмгеке болгон стимулдар ылайыктуу укуктук кепилдиктер менен камсыз болуусу керек. Ушул сыяктуу эле кырдаал мурун Жапонияда да болгон, анда 1868-1889-жж. аралыгында Мэйдзи Революциясы аталышка ээ болуп, качандыр-бир кезде артта калган агрардык өлкөнү индустриалдык державага, дүйнөнүн бирден-бир алдңыкы өлкөлөрүнө айландырган саясий, социалдык-экономикалык жана аскердик реформалардын комплекси жүзөгө ашырылган. Бирок Жапониядагыдай эле Кытайды да автоматтык түрдө өнүгүүнүн индустриалдык, андан кийин постиндустриалдык фазасына өтүүсүнө алып келди дештин өзү жаңылыштык болуп калат. Албетте, мындай өтүүлөр таптакыр эле мүмкүн болбогон радикалдуу реформалардын ролуна баа бербей коюуга болбойт. Бирок реформалардын ийгилиги эмгекти сүйүү, жогорку чыдамкайлык, ишке болгон жөндөмдүүлүк, уюштуруучулук жана эмгек дисциплинасы сыяктуу жапон жана кытай элдеринин улуттук белгилери менен камсыз болгон. Таасын болгондой, аталган белгилер цивилизациялык спецификаны түзүүчү өзүнүн менталдык жана тарыхый-маданий өбөлгөлөрүнө ээ болушат.

Мындан мурун биз европалык-антикалык-христиандык, араб-исламдык, индо-буддалык жана кытай-конфуцийчилик цивилизациялары башында турган төрт негизги заманбап цивилизациялар жөнүндө айтып кеттик. Алардын ичинен азыраак динамизмге араб-ислам цивилизация ээ. Кувейт, Катар, Сауд Аравиясы ж.б. бир катары араб мамлекеттериндеги жашоо-турмуштун жо-

горку дңегээли газ менен нефтинин ири көлөмүнүн пайдасы жана сатуусу менен шартталган. Башкача айтканда, аталган мамлекеттердеги материалдык жыргалчылык Батыш жана Азиянын бир катар мамлекеттериндеги жарандык коомдун негизи болгон интенсивдүү, узака созулган, систематикалык иш-аракеттердин натыйжасы болуп эсептелбейт. А.С.Селищев менен Н.А. Селивщев көрсөткөн араб-ислам цивилизациясынын мындай типологиялык чектери коомдук теңдике болгон жалпы көрсөтмө, коомдун бардык чөйрөлөрүндөгү диний, анын ичинде экономикадагы, фатализмдеги мамилелердин маанилүүлүгү, Аллахтын жана анын ордун басуучулардын эркинин алдындагы баш ийүүчүлүкө болгон башкы көрсөтмө, социумдун мүчөлөрүнүн материалдык ийгиликтерин кеңейтүүнүн жоктугу, үй-бүлө, уруу, гильдин, каста, жамааттык ж.б. мүчөлөрү үчүн болгон жоопкерчилик катары каралат [112, 16 б], алар тигил же бул деңгээлде жарандык коомдун баалуулуктары менен принциптерине карама-каршы, биздин изилдөөбүздүн биринчи бөлүмүндө көрсөткөндөй индивидуализм руху менен сиңирилген. Араб-ислам цивилизациясынын жогоруда көрсөтүлгөн бардык белгилери аны кыйла консервативдүү жана маданияттын инновациялык түзүүчүсүнө азыраак дуушар болот. «Мусулмандык жамааттардын жаңылануу жолундагы түздөн-түз тоскоолдуктардан болуп Аллахтын (Курандагы Мухаммед пайгамбар аркылуу шариаттын нормалары аркылуу) түздөн-түз көрсөтмөсү боюнча түзүлгөн жана ошондуктан эч кандай өзгөрүүлөргө жатпаган сакралдык көрсөтмө катары салттуу ислам түзүмүнө болгон мамилеси эсептелет- деп жазат Я.Г.Шемякин.

Өткөндөн мурасталып калган ислам салттарына болгон мындай мамиле өзүнүн өзгөргүс максаттуу принциптеринде мусулман өлкөлөрүндө биздин күндөргө чейин сакталып аталган өлкөлөрдү алдына модернизациялоо максатын аң-сезимдүү койгон идеологдор менен саясий ишмерлерде да көрүнөт. Модернизацияга карама-каршы иш алып барган кубаттуу факторлордон болуп фатализм сыяктуу исламдын рухий дүйнөсүнүн мүнөздүү чеги эсептелген, б.а. ар бир адамдын тагдырынын Аллах тарабынан баштапкы толук ал-

дын ала аныкталуу идеясы тандоонун жекелик эркиндик принцибин толугу менен чыгарып таштайт…Жогоруда саналган белгилер салттуу исламдын бардык жаңылыктарга, ал эле эмес башка цивилизациялык новацияларга карата болгон ишенбөөчүлүгүнүн акыркы деңгээлин шарттаган” [138, 203 б].

Жогоруда айтылгандарга карабастан, бир бөлүгү араб-ислам цивилизациясы эсептелген бүткүл цивилизациялык дүйнө өзөгүндө модернизацияны четке кагат же тескерисинче ага жөндөмдүү эмес деген көз караш жаңылыштык. Өзүнө бир нече цивилизацияларды камтыган мусулман дүйнөсү бир жактуу эмес жана анын ар кыл бөлүктөрү, алардын белгилүү бир типологиялык окшоштуктарына карабастан инновациялык процесстердин жаңылануусуна карата болгон бирдей эмес мамилеси менен мүнөздөлөт. Андан тышкары, ал тургай анын консервативдүү бөлүгү күчөп жаткан ааламдашуу процессинин таасири алдында алмашууга мажбур болот, анын реалдуу альтернативасы жок, анткени адамзат өнүгүүсүнүн логикасы ушундай экен, ал өзүнүн өнүгүүсүндө токтоно албайт.

Менталдык жана маданий чектери боюнча ага кыйла жакын болгонуна карабасан кыргыз эли толук ченемде араб-мусулман цивилизациясына таандык боло албайт. Бирок фундаменталдуу мүнөздөгү, анын ичинде рассалык, тарыхый-маданий, тилдик жана менталдык бирдей эместикти кошкондо көптөгөн айырмачылыктар бар. Ал тургай диний тийиштүүлүк кыргыздарды араб-мусулман цивилизациясына тартуу менен аларды аталган цивилизациялардын өкүлдөрү кылбайт. Алсак, кыргыздардын басымдуу бөлүгү Аллахтын анын ордун алмаштыргандардын эрки алдындагы баш ийүүчүлүк башкы көрсөтмөсү менен мүнөздөлө албайт. Кыргыздар өзүнүн негизги массасында коомдук мамилелердин башка диний, анын ичинде экономикалык чөйрөлөрүнө кошумча киргизбейт. Башка айырмачылыктар да бар. Бир нече миң жылдар аралыгында калыптанып калган маданий айырмачылыктар кыргыздардын маданиятынын иннловациялык түзүүчүлөрүнүн заманбап өздөштүрүүсүнө белгилүү бир айырмачылыктарды киргизет, андан тышкары кандайдыр-бир жол менен аталган өздөштүрүү жүзөгө ашырылат.

Демек, аталган параграфка корутундуларды келтирсек.

1. Жарандык коом мамлекеттен тышкары же ансыз пайда боло албайт. Экинчи жагынан, мамлекет башында турган негиздин болуусу жарандык коомдун өз алдынча пайда болоорун, андан тышкары мамлекеттин жарандык коомдун пайда болуусундагы, функцияланышуусундагы жана өнүгүүсүндөгү ролу анын негиз катары кызмат кылуусу менен сонуна чыгаарын түшүндүрбөйт. Жарандык коомдун калыптануусундагы анын ролуна артыкча берүү кыйын. Манызында мамлекет кандай тарыхый, маданий, саясий, экономикалык жана укуктук пайдубалда өзүнүн ишмердүүлүгүн жүзөгө ашыраарынан жарандык коомдун мүнөзү менен өзгөчөлүктөрү эле эмес, эгерде ал бар болсо, анын андан аркы тагдыры да көз каранды болот.

2. Батыш менен Чыгыштын элдеринин жашоосундагы мамлекеттин ролунун байкалаарлык айырмачылыгы (белгилүү бир этапта анын эволюциясын) биринчи кезекте жарандык коомду эмес, жогоруда айтылгандай, жарандык коомдун негизи катары эле эмес, жарандык коомдун калыптануусуна таасирин тийгизген башкы фактор катары да кызмат кылган мамлекет иретинде кароону максаттуу кылат. Аны мамлекет аткарган функциялардын өнүтүндө эмес, анын манызынын, жарандык коомдун пайда болуусуна, өнүгүүсүнө тоскоолдук кылуучу же тескерисинче жөнгө салуучу тарыхый-маданий өзгөчөлүктөр менен шартталып, аны менен байланышкан формалдуу чектердин манызынын өнүтүндө жүзөгө ашырууга болот.

3. Мамлекет, маданияттардын ар түрдүүлүгү учурунда, алардын айырмачылыктарынын бардык жыйындысы жарандык коом кандай себептер менен пайда болуп, бир мамлекетте өнүккөндүгүн жана башкаларында пайда болгон эместигин түшүнүүгө жана түшүндүрүүгө шарт түзөт. Улуттук маданияттардагы жана мүнөздөгү, жалпы эле менталитеттеги айырмачылыктарды эске алуу, анализдөө жарандык коомду түзүүнүн өзгөчөлүктөрүн, татаалдыгын түшүнүүгө мүмкүндүк берет, маданий өзөкө жарандык коом сырттан келген, мисалы кыргыз элинде ушундай болгон.

4. Батышта өнүгүүнүн динамикалык формасы индустриалдаштыруунун жогорку денгээлинин жардамы аркасында чарбалык ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууда ишке ашкан. Жеке ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу эркиндиги Батышта капиталистик коомдук-экономикалык мамилелердин, мамлекеттин эле эмес, индивидуумдун эгемендүүлүгүнүн тиби менен формасынын орнотулуусу менен да аныктала баштаган. Чыгыш туурасында айта турган болсок, анда мамлекеттин эгемендүүлүгүн ал жакта социумдун пайда болуусунун жамааттык формасына негизделүүсүн жана багытталуусун уланта берген. Жердин шартсыз ээликтери болгон чыгыш элдери абсолюттук мамлекет шарттарында жогорку өндүрүштүк эмгеке карата стимулга ээ болушкан эмес, манызы боюнча, коомдун уруулук уюшулуусуна таандык болгон жамааттык маданият менен рухтун консервациясына кызыкдар болушкан.

5. Батыш цивилизациясы капиталистик коомдук-экономикалык формацияга өтүүсүн жүзөгө ашыруунун эсебинен алдыга секирик жасаган. Көпчүлүк жагынан европалык маданияттын көптөгөн элементтерин башка маданий өзөкө таратуунун жана киргизүүнү жардамы аркасында XX кылымдын экинчи жарымында эле динамизм Батыш цивилизациясына таандык болгон чек болуудан калган. Экинчи жагынан, азыркы мезгилдеги пайда болгон цивилизациялардын, анын ичинде араб-исламдык, индо-буддалык жана кытай-конфуцийлик цивилизациялардын бардыгы эле эмес. Алардын ичинде азыраак динамизмге араб-ислам цивилизациясы ээ болот. Кыргыз эли толук денгээлде менталдык жана маданий чектери боюнча кыйла жакын болсо дагы араб-мусулман цивилизациясына таандык боло албайт. Бирок көптөгөн фундаменталдуу мүнөздөгү айырмачылыктар, анын ичинде рассалык, тарыхый-маданий, тилдик жана менталдык бирдей эместикти кездештирүүгө болот.

# 2-БАП. КЫРГЫЗСТАНДАГЫ САЛТТУУЛУК ЖАНА ЖАРАНДЫК КООМДУН КАЛЫПТАНУУ СПЕЦИФИКАСЫ

## 2.1. Салттуулук Кыргызстандагы жарандык коомдун калыптануусунун маданий-цивилизациялык негизи катары

Аталган параграфты эки маанилүү эскертүү менен баштасак.

Биринчиден, жарандык коом иш жүзүндө салттуу коомдун түздөн-түз антиподу, формалдуу жана маныздык карама-каршылыгы болуп эсептелет. Тарыхый жактан жарандык коом салттуу коомдун өзгөгүндө бышып жетилген. Бирок ал салттуу коомду четке кагуунун жардамы аркасында ошондой абалга жеткен, ал аталган четке кагуунун натыйжасы. Аталган эки коом тен, албетте, абсолюттуу жана антагонистик карама-каршылыктардан болуп эсептелишпейт, андыктан, жогоруда айтылгандай, жарандык коом салттуу коомдун ичинде бышып жетилген. Көптөгөн заманбап элдер үчүн жарандык эле эмес, салттуу башталыш мүнөздүү болгон. Жалпы жонунан, бул салттуу элементтер бирге болушуп, жарандык коомдун элементтери менен айкалышкан заманбап кыргыз коому үчүн мүнөздүү. Ошондой болсо дагы, коомдун аталган эки тибинин көптөгөн элементтери менен чектери өз ара алып таштоочулардан болуп эсептелишет, ошондуктан коомдук-экономикалык өнүгүүнүн кыйла жогорку баскычында пайда болгон жарандык коомду куруу иш жүзүндө салттуу коомдун көптөгөн базалык элементтери тарыхый сценадан жоголушат же кандай гана болбосун өзүнүн үстөмдүк кылуучу абалын жоготот.

Экинчиден, заманбап Кыргызстандын калкы этникалык жактан бирдей эмес. Ошондой болсо дагы, акыркы 2016-жылдын 1-январындагы каттоо боюнча республиканын жашоочуларынын саны 6 019 500 адамды, анын

ичинде кыргыздар 72,3 % түзгөн [150]. Демек, кыргыздар кандайдыр-бир башка этнос же этностордун тобуна караганда өлкөдөгү кайра түзүүлөрдүн багытын, мүнөзүн жана бардык спектрин аныктап, бизди кыргыз элине, анын тарыхый-маданий, менталдык жана башка өзгөчөлүктөрүнө көбүрөөк көнүл бурууга түртөт.

Ошол себептен гана кыргыздар заманбап Кыргызстандын калкынын басымдуу бөлүгүн түзүшүп, коом акыркы бир жарым-эки жүз жылдыкта болуп өткөн терең жана принципиалдуу өзгөрүүлөргө карабастан бир жагынан, республикадагы жарандык коомду куруу процессин артка тарткан, экинчи жагынан - үй-бүлөнүн салттуу институттарына негизделип, базалык маданий жана менталдык баалуулуктарды, ошону менен бирге кыргыз элинин өздүгүн, рухий маңызын сактаган салттуу коомдун көп сандаган белгилерин сактап келет. Бул эки кырдаалда – Кыргызстандын Россияга кошулуу мезгилинен башталган модернизация процессин улантуу жана жеке маданиятын, өздүк жашоо-турмушун жана рухий келбетин сактоо зарылчылыгын Кыргызстандагы коомдук өнүгүүнүн заманбап этабына болгон негизги карама-каршылыкты түзүшөт. Кыргызстанда азыркы мезгилде жүзөгө ашырылып жаткан жарандык коомду куруу формасындагы модернизацияны жашоонун салттуу формаларын жана алар менен байланышкан салттуу баалуулуктар жана жарандык институттарды сүрүп чыгаруу катары кароо абзел. Азыркы мезгилде Кыргызстанда жарандык институттар менен формалар айкалышып, республиканын экономикалык жана коомдук-саясий жашоосуна кээ бир спецификаны киргизүү менен салттуу маданияттын элементтери, көрүнүштөрү жана формалары менен байланышып, аталган жашоо-турмуштун, өзгөчө саясий чөйрөнүн мүнөзүн аныкташат.

Жарандык коом, биздин изилдөөбүздүн мурунку бапында аныктагандай, антикалык дүйнөдө эле, жарандык коомдун кээ бир негиздүү элементтери пайда болуп өнүккөн Байыркы Грецияда жана Римде калыптана баштаган. Бирок биз кандай болсо ошондой түрүндө жарандык коом XVI-XVII кк. батыш европалык шаарларда эрте капитализм доорунда өнөр-жай өндүрүшү

болгон аракети менен өнүгө баштаган мезгилде калыптана баштаган. Жарандык коом, демек, тарыхтын беш кылымдан ашуун мезгилин камтып турат, ал эми заманбап ченем боюнча дүйнөлүк өнүгүү ыргактарын эске алуу менен кыйла узак мөөнөткө берилет. Бирок Кыргызстанда жогоруда көрсөтүлгөндөй, салттуу маданияттын элементтери менен нормалары социалдык-экономикалык, саясий жана укуктук мамилелердин бүткүл спектрине олуттуу таасирин тийгизүүнү улантууда. Ушуга байланыштуу принципиалдуу мүнөздөгү көптөгөн маселелер пайда болот. Мисалы, кайсыл себептер боюнча социумдарда салттуулук башкаларга караганда чоң туруктуулука ээ боло алат? Салттуу коомдун бардык негизги элементтери айныксыз түрдө модернизацияланган маданияттын элементтерине орун бошотуп берүүлөрү керекпи? Аталган элементтерди жаңы реалдуулука ыңгайлаштыруунун реалдуу мүмкүнчүлүгү барбы? Эгерде бар болсо, аны кандай жол менен жасоого болот? Маданияттын эки тибинин тең салттуу жана модернизацияланган элементтеринин тыгыз айкалышуусу, оң жана гармониялуу бири-бирин толуктап туруусу дегеле мүмкүнбү? Биз изилдөөдө аталган жана башка суроолорго жооп берүүгө аракет кылабыз.

Заманбап гуманитардык илимде индустриалдык жана постиндустриалдык салттуу маданияттын элементтеринин реалдуу сүрүлүп чыгуусу салттуу коомдун жарандыка трансформациялануусу, б.а. анын модернизациялануу жолу менен болот. Мисалы, бул маселе боюнча американалык социолог, цивилизациялар менен модернизациянын өнүгүү маселелерин салыштырмалуу изилдөөлөр тармагы боюнча Ш.Эйзенштадт жазат: «Модернизациянын жүрүшүндө заманбап коомго (modern society) өтүү болот. Салттуулуктан болгон анын олуттуу айырмачылыгы - инновацияларга карата ориентация жана инновациялардын салттардын үстүнөн болгон басымдуулугу; социалдык жашоонун светик мүнөзү; алгылыктуу (циклдик эмес) өнүгүү; демократиянын калыптануусу; бөлүнгөн персоналдуулук, куралдык баалуулуктарга артыкчылык багыт; бийликтин демократиялык системасы; кийинкиге калтырылган суроо-талаптын болуусу, б.а.күнүмдүк муктаждыктар эмес, келечек үчүн

өндүрүү жөндөмдүүлүгү; индустриалдык мүнөз; массалык билим берүү; ээлик кылынган статус; активдүү ишмердүүлүк психологиялык түзүлүш…дүйнө көз караштык билимдердин так илимдерди жана технологияларды (техногендик цивилизация) тандоосу; универсалдуунун локалдуулуктун үстүнөн басымдуулук кылуусу ж.б.» [141, 107 б].

Жогоруда келтирилген цитатада биздин изилдөөбүз үчүн маанилүү эки кырдаалга өзгөчө көңүл буруу зарыл. Биринчиден, цитатада заманбап модернизациянын кыйла маанилүү чектери берилген, эгерде аларды жүзөгө ашырып, материалдаштыра турган болсок, зарыл түрдө заманбап жарандык коомдун калыптануусуна алып келет. Экинчиден, эгерде заманбап модернизациянын бардык чектери болбосо да, алардын басымдуу бөлүгү - инновацияларга болгон багыт, инновациялардын салттардын үстүнөн болгон басымдуулугу, социалдык жашоонун светик мүнөзү, алгылыктуу өнүгүү, бөлүнүп чыккан персоналдуулук, куралдык баалуулуктарга болгон артыкчылыктуу багыт, дүйнө көз караштык билимдерге так илимдердин жана технологиялардын ылайык келүүсү, универсалдуунун локалдуулуктун үстүнөн болгон басымдуулугу ж.б. - салттуу коом менен маданияттын негизги белгилерине толук карама-каршылыкты камтып турат. Ошентип, жогоруда көрсөтүлгөн эки кырдаалга байланыштуу жарандык коомду куруу зарыл түрдө салттуу коомдун негизги элементтерин сүрүп чыгарууга зарыл түрдө алып келет, андыктан жарандык коом толук жүзөгө ашырылуусунда модернизациялык компоненттер абсолюттуу түрдө калгандардын үстүнөн басымдуулук кылуусун билдирет.

Биз көрсөткөн жарандык коом менен процесстин жана модернизациянын натыйжаларынын ортосундагы байланыш бизге салттуу коомдун заманбап (modern society) коомго трансформациялануу процесси анын фактылык четке кагуусу катары, бир жагынан, салттуу коомдун өзүн жана анын кайра түзүлүүсүн модернизациянын жана модернизациялык мүмкүнчүлүктөр менен кыргыз этносунун дараметинин айдыңында кароого негиз берет.

Реалдуу тарыхый процесске карасак, ар кыл элдер ар бир конкреттүү эл-

дер үчүн спецификалуу болгон себептердин бүтүн комплексине карабастан глобалдык траснформация менен модернизацияга болгон бирдей эмес кабыл алуучулук жана жөндөмдүүлүкө ээ болгон ар кыл ыңгайлашуучулук жөндөмдүүлүкө ээ болушат, заманбап элдер бирдей эмес старттык шарттарда турушат. Эгерде кыргыз этносун анын ыңгайлашуучулук жөндөмдүүлүктөрүнүн, андан тышкары анын модернизацияга болгон ички аракеттеринин көз карашында  баа бере турган болсок, анда анын узак тарыхына жана заманбап реалдуулугуна байланыштуу кыргыздарды жашоо-турмуштун салттуу образына жана формасына терең жакындыкта турган элдерге таандык кылабыз. Бул кыйла жөнөкөй жол менен түшүндүрүлөт, тагыраак айтканда кыргыздар өзүнүн тарыхынын басымдуу бөлүгүндө жашоонун көчмөн образын кармашкан, ага төмөнкү инновациялык дарамет мүнөздүү. Кыргыздар классикалык номаддардан болуу менен көчмөн мал чарбачылыгын катуу кармашкан, ал чарбачылыктын экстенсивдүү тиби менен мүнөздөлөт. Башкача айтканда, кыргыздар кылымдар бою өзүнүн чарбачылык ишмердүүлүгүндө интенсификацияланган эмгек менен алектенишкен эмес жана мындай эмгеке карата муктаждыка, адатка ээ болушкан эмес, бул албетте, алардын консерватизмге болгон терең жакындыгын түшүндүрөт. Ушуга байланыштуу  адам, тагыраак айтканда адамдар өзүнүн негизги массасында консервативдүү жандыктардан болуп эсептелишет, эгерде тышкы кырдаалдар адамдарды өзүнүн ишмердүүлүгүнө олуттуу активдешүүсүнө мажбур кылбаса, анда алар эреже катары ал нерсени жасашпайт. Адегенде, алгачкы доордо уруулар тарабынан берилген адамдар өзүн тамак-аш менен камсыз кылуу үчүн мейкиндикте дайыма орун алмаштырууга мажбур болушкан. Отурукташууга, жер иштетүүгө өтүү адамдар тарабынан дан өсүмдүктөрүн өстүрүү менен байланышкан белгилүү бир билимдер менен жөндөмдүүлүктөргө ээ болуу менен шартталган. Отурукташууга өтүүнү жүзөгө ашырган уруулар менен уруктар өзүлөрүнүн эмгегин  дайыма жакшыртууга мажбур болушкан, ошонун натыйжасында маданиятта инновациялык түзүүчүлүк пайда болуп, андан ары биринчи мамлекеттер менен цивилизациялардын пайда болуусуна алып келген адамзат

тарыхдындагы революция болгон. Бирок аталган революция бардык социумдардын, элдердин баарын козгогон эмес, кыргыздар маалым болгондой, ушундай элдерге таандык. Аталган фактыга ар кыл образда мамиле кылууга болот, бирок эгерде мейкиндикте кыргыздарга жашап кетүү эле эмес, өздүк маданиятына, тилине, өз алдынчалуулугуна ээ болгон эл катары сактап калуусу туурасында айта турган болсок, анда кыргыз элинин консерватизминде терс жактарга караганда оң жактуу көрүнүштөрдү көрүүгө болот. Бирок заманбап шарттарда, аталган консерватизм өзүнө позитивдүүгө караганда көп негативдүүлүктү камтып турат. Бирок экинчи жагынан, моюнга ала кетүүчү нерсе, ошол эле консерватизм кыргыз тарабынан өзүнүн нукура маданиятын, салттуу баалуулуктарын жана тилин сактап калуунун иштиктүү каражаты болуп эсептелет.

европалык өлкөлөрдү ала турган болсок, анда жашоонун айылдык образы эле эмес, айылдык нравалар менен нормалар ачык эле аларда калк таптык, катмардык, мүлктүк ж.б.у.с. ар кыл белгилер боюнча дифференциялануусуна карабастан шаардыктардын үстүнөн басымдуулук кылган. Азыркы мезгилде көптөгөн европалык мамлекеттерде урбанизациянын пайызы бардык болгон натыйжалары менен 80% ашат. Бирок шаардыктардын айыл калкынан басымдуулук кылуусу автоматтык түрдө жашоонун жарандык формалары менен институттары салттуулуктан басымдуулук кылат. Алсак, Катар, Кувейт, Сауд Аравиясы ж.б.у.с. өлкөлөрдө урбанизациянын коэффиценти 90% ашат же ошого жакындайт. Бирок, белгилүү болгондой, жашоонун салттуу нормалары менен формалары ал жакта айныксыз басымдуулук кылат. Же Иранда урбанизациянын коэффиценти 70% ашат, бирок Ирандагы салттуулук абсолюттук мүнөздү алып жүрөт, ал институттар аркылуу диний мекемелер мыйзамдуулук менен орнотулуп клерикалдуу мамлекеттердин катарына кирип, ар кыл догматтар окутулган орто билимге эле эмес, мамлекеттик саясатка да олуттуу таасирин тийгизет. Көрсөтүлгөн чек ислам коомдук жашоонун бардык чөйрөсүнө таасирин тийгизе алган мамлекеттер үчүн мүнөздүү.

Жогоруда айтылганга эле эмес, салттуу коомдун табиятынын өзүнө ылайык салттуу коомду, тагыраак айтканда, анын базалык, типологиялык чектери менен элементтерин сактоо, консервациялоо зарыл түрдө жарандык коомду четке кагууну түшүндүрөт. Жарандык коомдун калыптануусу менен бекилүүсү салттууну сүрүп чыгарууну, аны жарандыка өзгөртүүсү да туура деп эсептөөгө болот. Адамдын дайыма билимдерди топтоо жана эмгек куралдарын жакшыртуу жөндөмдүүлүгү менен шартталып, дайыма болуп турuучу модернизацияга, акыр аягында салттуу коомдун заманбап (modern society) абалга толук траснформациялануусуна алып келет. Жогоруда айтылган акыр аягында кыргыз салттуу коому азыркы мезгилдеги болгон түрүндө эле модернизацияланган түрүнө өтөт. Бүгүн кыргыз чөйрөсүндө туруксуз, динамикалык тең салмактуулукта салттуу жана модернизацияланган коомдун компоненттери болот. Анын үстүнө маданияттын модернизацияланган, ин-

новациялык компоненттеринин өсүүсүнүн туруктуу тенденциясы көрүүгө болот.

Салттуу кыргыз коомунун модернизация процессине байланыштуу көңүл бура турган нерсе, аталган процесс тышкы таасирдин же ал тургай басымдын таасири алдында болуп өткөн. Кыргыздарга узак тарыхый мезгилде биринчи кезекте көчмөн жашоо образынын эсебинен тышкы таасирден качып кутулушкан же болбосо аларды минимумга жеткирүүгө аракет кылышкан. Ошонун аркасында гана өзүнүн тарыхында көп сандагы этностордон болбогон кыргыздар өз алдынчалыгын, тилин жана өзгөчө рухий-маданий турмушун сактап кала алышкан. Бирок качан салыштырмалуу эркин мейкиндиктер жакынкы отурукташкан мамлекеттердеги калктын санын өсүүсүнүн натыйжасында дароо кыскара баштаган, ал эми кыргыздар коңшу отурукташкан элдердин кыйла интенсивдүү жана дайыма болуучу таасиринин алдында калышкан. Алсак, Кокон хандыгынын таасири алдын калуу менен мусулмандаштыруу процесси олуттуу түрдө күчөгөн. Тарыхтын аталган мезгилин чыгыш тибиндеги модернизация менен байланышкан чыгыштык мезгил катары шарттуу аныктоого болот.Чыгыш модернизациясы тууралуу кеп кылуу менен биз аталган кырдаалда, жогоруда айтылгандай, политеистик динден монотеистик динге, салттуу ишенимдерден –классикалык исламга өтүү процесси байкаларлык өскөн, аны кыргыздардын диний дүйнө көз карашы менен аң-сезиминдеги революцияга теңдөөгө болот. Экинчиден, кыргыздар хандыктын калкынын отурукташкан бөлүгүнүн таасири алдында отурукташкан же жарым-жартылай отурукташкан жашоо образына өтө башташкан. Аталган процесстер менен катар бир эле мезгилде ассимиляция процесси болуп өткөн. Хандыктын отурукташкан калкы, анын көчмөн бөлүгү катары салттуулукту катуу карманышкан, экинчи жагынан, кыргыздарды жашоонун жаңы шарттарына ыңгайлашуу процессин жеңилдеткен, экинчи жагынан, модернизациянын горизонтторун камсыз кылып, ага белгилүү бир алкакты киргизген. Азыр анын эмне менен бүтмөк экендигин айтуу кыйын. Бирок адегенде түндүк, андан кийин түштүк кыргыз жерлеринин Россия импери-

ясынын курамына кирүүсү менен кыргыз элинин тарыхында таптакыр жаңы этап башталган. Маңызы боюнча, ошол мезгилден тартып Россиядан чыккан күчтүү тышкы таасирдин алдындаазыркы мезгилге чейин уланып келе жаткан кыргыз салттуу коомунун заманбап модернизация процесси кое берилген.

Маңызы боюнча өзүнүн узак жана кыйынчылыктуу тарыхында кыргыз эли Россия (ага кыргыз аймактарын баш ийдирүү учурунда өзүнө кыйла тездик менен индустрияны өнүктүрүп, капитализмге өтүүсү жүзөгө ашырылган) башында турган европа цивилизациясы менен кагылышып эле тим болбостон, айныксыз баш ийүүгө дуушар болгон.

Кыргыз элинин модернизация процессиндеги негизги ролду орус жана кыргыз эли  коомдук-экономикалык өнүгүүнүн ар кыл фазаларында болгондугу, аны менен бирге россиялык тарап эки элдин бирдиктүү иш-аракеттеринде өз ара карым-катнаштардын шарттарын тануулаган айныксыз үстөмдүк кылуучу күч катары кызмат кылуусу туурасындагы кырдаал ойногон. Жаны аймактардын Россия империясына кошулуусу алардын жаны мамлекетке кириүүсүн эле эмес, каратылган элдердеги улуттук мамлекеттүүлүктү түзүүнүн бардык мүмкүнчүлүктөрүн жоготууну, четтетүүнү да түшүндүргөн. Жаңы жерлерди жалпы россиялык мамлекетке биротоло киргизүү максатында  колониалдык администрация аркылуу  тигил же бул деңгээлде  чөйрөлөрдүн бүткүл спектрин, анын ичинде социалдык-экономикалык, саясий, аскердик, укуктук, маданий жана рухий  чөйрөлөрүн көтөрүп чыккан иш-чаралардын комплекси өткөрүлө баштаган. Аталган иш-чаралардын баардыгы жаңы ээлик кылынган аймактарды өзүнө каратууга эле эмес, акыр аягында  бардык натыйжалары менен маданий ассимиляцияга да багытталган.

Кыргызстандын кошулуусу менен жаңы ээлик кылынган жерлер мамлекеттик фондго өткөрүлүп берилген, андыктан кыргыздарга колониялык администрация аркылуу жерлерди пайдалануу укугу гана берилген. Тездетилген тартипте административдик-аймактык бөлүштүрүү жана башкаруу жаңы

системасы киргизилген, маңызы боюнча ал толугу менен уруулук системагы четке каккан. Губернаторлук киргизилип, феодалдык-аймактык түзүлүштүн мурунку формасы четке кагылган. Чөлкөмдү башкаруу жергиликтүү колониалдык администрацияга, полицияга жана сотторго өткөрүлүп берилген. Ар кыл областардын курамына кирген уездиктер түзүлгөн [47, 25 б].

Падышалык тарабынан жүргүзүлгөн ассимилятордук саясат локалдуу түзүлүштөргө энергиялуу жана ырааттуу жеке элементтер системасын киргизүүнү талап кылган. Башкача айтканда, Россиялык империя өлкөнүн европалык бөлүгүнүн мигранттарына кыйла түшүмдүү жерлерди, акча жана башка зарыл каражаттарды берүү менен жер которуучулук саясатты активдүү түрдө жүзөгө ашыра баштаган. Натыйжасында Борбордук Азияга, анын ичинде Кыргызстанга жер которуп келгендердин ири агымы келип, жергиликтүү жана келгин калктын ортосундагы өз ара карым-катнаштардын чыңалуусунун олуттуу маселелерине жана өсүүсүн пайда кылып, акыр аягында 1916 - жылдагы трагедиялуу окуяларга алып келген.

Кыргыз жана орус элинин ар кыл баскычтардагы коомдук-саясий өнүгүүнүн табуусу башкалар менен катар социалдык мезгилдеги ылдамдыктын айырмачылыгын билдирген. Кыргызстанга келишкен жер которуучулар жергиликтүү калкка жашоонун жаңы ыргагын сунушташкан. Эгерде кыргыздардын кийинки бардык жашоосу табигый, жаратылыштык ыргактарга баш ийген, бирок жаңы тартиптин орнотулушу менен мажбурлоочулук мүнөзгө ээ болуп, анын ичинде адамдын ишмердүүлүгү менен байланышкан тышкы өзгөрүүлөр мурункуга караганда кыйла тездик менен өтө баштаган.

Салттардан жана алар менен байланышкан жашоонун адаттык формасынан баш тартууга мажбурлаган иш-аракеттүү өзгөрүүлөр салттуу маданиятты берген индивид тарабынан ага көнүмүш жана түшүнүктүү дүйнөнүн кыйроосу эле эмес, баалуулуктардын, багыттардын, жашоонун маңызынын жоголуусу ж.б.у.с. да берилген. Бул туурасында ачык жана ынанымдуу түрдө акын-заманистердин чыгармалары маалымат берип турат, алардын эң көрү-

нүктүүлөрүнө Калыгулду (1785-1855-жж.), Арстанбекти (1824-1874-жж.) жана Молдо Кылычты (1866-1917-жж.) таандык кылууга болот.

Алардын «Зар заман», «Тар заман», «Акыр заман» аттуу чыгармалары өзүлөрү эле айтып турат. Таасын поэтикалык шыкка ээ болуу менен акындарда көпчүлүк учурларда кездешкен курч интуициясы менен заманистер болуп жаткан өзгөрүүлөрдү болгонун болгондой айтышып, чындыгында эле доорлордун алмашуусу болгон жана субөекттин деңгээлинде акыр заман катары кабыл алынган жаңы мезгилдин келүүсүн мүнөздөшкөн. Бул туурасында Ы.М.Мукасов таасын баса белгилеп: «Жашоонун адаттык ыргагын бузуу, коомдун нравалык түзүлүштөрүнүн төмөндөөсүн алар «акыр замандын» белгиси катары чечмелешкен. Жаңы жашоо образы жашоонун патриархалдык тартиби менен шайкеш келбегендигин түшүнүү менен заманистер уруулук түзүлүштү коомдук идеал деп эсептешип, патриархалдык нравалуулукту коомдун деградацияланууcунун белгиси, ал эми алар жашаган мезгилди зар жана тар заман деп аташкан» [90, 177 б].

Кыргызстандын Россия империясына кошулуусу, жалпы жонунан, кыргыз элин дүйнөлүк тарыхка тарткан, ал кыргыз элин изолциялоо биротоло жоголуп, негизги дүйнөлүк тенденциялардын алкагында өнүгө баштаган. Кыргыз элинин тарыхы менен тагдырына салттуу кыргыз коомун заманбап мезгилге модернизациялоо, кайра өзгөртүү менен байланышкан дээрлик жаны система киргизилген. Ошол жаны система цивилизациялык парадигманын глобалдуу алмашуусу менен байланышкан координаттардын жаны системасына байланып калган. Эгерде буга чейин кыргыз элинин тарыхы, анын тагдыры ошол мезгилде салыштырмалуу анча жогору эмес модернизациялык дарамет менен мүнөздөлгөн чыгыш цивилизациялары менен байланышта өткөн болсо, анда европалык мамлекеттердин курамына кирүүсү менен анын тагдыры, тарыхы жаны модернизациялык канондордун жана талаптардын системасында өтө баштаган. Россия башында турган метрополиянын Кыргызстан башында турган перифериянын үстүнөн болгон олуттуу аскер-

дик-саясий жана социалдык-экономикалык артыкчылыгы Россияга зарыл саясатты жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берген.

XIX кылымда Россия, белгилүү болгондой өзүнүн саясий жана социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө алдыңкы европалык державалардан артта калган, анда классикалык капитализм алгылыктуу түрдө монополистике трансформацияланган. Бирок Россияда ошол мезгилде шаарлардын буркан-шаркан өсүүсү болуп, капиталистик карым-катнаштар өнүккөн. XIX кылымдын соңунда гана жарандык коомдун элементтери ачык көрүнө баштаган. Империянын европалык бөлүгүнө мүнөздүү болгон экономикалык жана башка процесстер Кыргызстандын аймагын да чарпып өтүшкөн, бирок бир аз спецификалык образда.  Мал чарбачылыгы менен алектенүүнү уланта берген жергиликтүү калктын басымдуу бөлүгү карым-катнаштардын жаңы системасына тартыла башташкан. Андан тышкары, падышалык тарабынан колонизатордук рухта жүргүзүлгөн жер саясатынын натыйжасында жергиликтүү калк экономикалык ж.б. мамилелердеги кыйын абалда калышкан. Падышалыктын агрардык саясатынын түздөн-түз натыйжасы болуп 1916-жылдагы көтөрүлүш болгон. Биз анын аки-чүкүсүнө чейин териштирбейбиз, анткени алар көп сандаган документтерде жана изилдөөлөрдө берилген, аларды кайталоонун эч кажети жок.

Бирок падышалык башкаруунун терс натыйжаларына карабастан кээ бир оң жактуу учурларды баса белгилей кетүү абзел.  Мурунурак биз карым-катнаштардын салттуу системасына алгачкы кубаттуу сокку уруулуктун ордуна административдик-аймактык бөлүштүрүү волостук системасын киргизген жаңы бийлик тарабынан урулгандыгы туурасында эскерип кеттик. Натыйжасында волостук калк аралаш уруулардан түзүлө баштаган. Чөлкөмдү башкаруу жергиликтүү администрация аркылуу жүзөгө ашырыла баштаган, аларга полиция менен соттордун жардамы менен келгин калктын өкүлдөрү гана киришкен. Уюшулган уездер ар кыл областардын курамына киришкен. Андыктан аскердик жетекчилик колониалдык администрацияга толугу менен жүктөлгөн. Аталган иш-чаралардын баары акыр аягында кыргыз уруулары-

нын ичинен бири-бирине болгон кол салуулардын саны, башка бирөөнүн малын уурдап кеткен, кун куу учурлары, жерлерди басып алуу ж.б.у.с. кескин кыскарган.

1917-жылдагы Октябрь революциясы мурунку Россия империясынын элдеринин тагдыры сыяктуу эле, кыргыз элинин тарыхы менен тагдырында таптакыр жаны доордун башталышына негиз салган. Советтик бийликтин бирден-бир алгачкы мыйзамдуулук актыларынан болуп 1917-жылдын 2-ноябрында жарык көргөн "Россия элдеринин укуктарынын Декларациясы" эсептелет. Анда улуттардын өздүк аныкталуусуна болгон укуктары жарыяланган. 1918-жылы III – Кенештердин бүткүл россиялык сөездинде «эмгекчилердин жана эксплуатацияланган элдин укуктарынын Декларациясы» аттуу негиздүү мыйзамдык актысы болгон. Аталган документте феодализм принциптерине негизделген социалистик көп улуттуу мамлекетти куруу планы айтылган. Сөезде кабыл алынган чечим болуп Түркстан Автономиялык Советтик Социалистик Республикасынын түзүлүшү эсептелет, ошол эле жылдын майында автномиялуулук укукгунда Россия Федерациясынын курамына киргизилген [100, с. 366]. 1918-жылы Кеңештердин III Бүткүл Россиялык сөездинде - негизги мыйзамдык акт «эмгекчилер менен эксплуатацияланган элдин укуктарынын декларациясы» болгон. Аталган документте феодализм принциптерине негизделген социалистик көп улуттуу мамлекетти куруу планы айтылган. Сөездде кабыл алынган чечим менен Түркстан автономиялык Советтик социалистик республикасы түзүлүпү, аталган жылдын май айында автономиялуулук укугунда Россия Федерациясынын курамына киргизилген [100, 367 б].

Кыргызстандын тарыхынын советтик мезгилинде жарандык коомду куруу менен байланышкан көптөгөн карама-каршылыктар, анын ичинде маселелер киргизилген. Постсоветтик илимий гуманитардык ойломдо тоталитардык мамлекеттик-укуктук режим орнотулган Советтер Союзунда жарандык коом үчүн зарыл болгон экономикалык, саясий жана укуктук шарттар менен өбөлгөлөр болгон эмес. Ага ылайык, советтик саясий, социалдык-

экономикалык жана укуктук система өлкөдөгү жарандык коомду куруунун бардык мүмкүнчүлүктөрүн чыгарып салган, андыктан алар жарандык коомдун нормалары менен принциптерине түздөн-түз атаандаштыкта болушкан. Мисалы, аталган жобону У.К.Чиналиев аргументтештирип: "СССРде адегенде мамлекеттен эркин, экономикалык жактан көз каранды эмес ээлик боло алмак эмес" [133, 23 б]. Ушуга байланыштуу мамлекеттен көз каранды болбогон жарандык коом туурасындагы классикалык элестөөлөргө ылайык ээлик жарандык коомдун пайда болуусунун зарыл шарты болуп эсептелет, маңызы боюнча ал андагы борбордук фигуралардан болуп эсептелет. Жарандык коомдун дээрлик бардык аныктамаларында жарандардын мамлекеттен болгон көз карандысыздыгы баса белгиленет, анда ал ортоңку ээликтердин ылайыктуу табынын болуусунда мүмкүн болот.

У.К.Чиналиев андан тышкары СССРде ги жарандык коомду куруу үчүн зарыл саясий шарттардын жоктугуна да көңүл бурат. Ал мындай деп жазат: "Советтик социумда өзгөчөлүкө саясий чөйрө ээ болгон, ал жарандык коомдун саясий негиздеринин калыптануусун мүмкүн эмес кылып салган. Өзгөчөлүкө социалистик, ал эми кийинки калыптануусунда –жалпы элдик мамлекет ээ болгон. Советтик мамлекет автономдуулук логикасынан ажырап, толугу менен партияга баш ийген жана өз ичинде бийликтин жеке бутактарына бөлүнүү болгон эмес. Ошол эле мезгилде мамлекет тоталдуу, бардыгын өзүнө камтуучу мүнөзгө ээ болуп, ал өзүнө бардыгын баш ийдирип, коомдон оолактаган кандайдыр-бир желмогуз катары кызмат кылган" [133, 23 б].

Советтер Союзунда белгилүү болгондой көп сандаган коомдук уюмдар жана бирикмелер болгон, бирок алар өнүккөн жарандык коомго таанылык болгон өз алдынчалуулука ээ болушкан эмес. Аталган уюмдар менен бирикмелер У.К.Чиналиев баса көрсөткөндөй "Жекелик түрдө башкарган коммунистик партияга бириגишкен. Партияга баш ийип, мамлекеттештирилүү менен алар жарандык коомдун саясий шарттарынын калыптануусуна каршы багытталган механизмдер катары иш алып барышкан. Алар демилге көтөрүшкөн эмес, тескерисинче жарандардын саясий активдүүлүгүн басышкан.

Жогоруда айтылганга кошумчалай кетүүчү нерсе, жогору жактан таңууланган идеологиянын шартында жарандык коомдун калыптануусунун бирден-бир шарты катары идеологиялардын плюрализми туурасында кеп болуусу мүмкүн эмес. "Жеке туура" идеологиядан болгон кичине эле жантайуу катуу көзөмөлгө алынган. Ошондуктан адамдын аң-сезиминин боштондука чыгуусу, анын жеке кадыр-баркынын сезимдеринин бекемделүүсү ж.б.у.с. айтуунун кажети жок" [133, 23 б].

СССРдеги жарандык коомду куруу мүмкүн эместигин негиздеген аргументтердин жыйындысындагы жыйынтыктоочу аккорд болуп У.К.Чиналиевдин жарандык коомдун субөектисине тийиштүүлүгү бар төмөнкү ой жүгүртүүсү эсептелет. "Жекече кароону жарандык коомдун негиздери болгон инсан маселеси талап кылат. Советтик социумда инсандын кандайдыр-бир өзгөчө тиби пайда болду. И.Сталиндин демилгеси боюнча ал өзүн масса менен толук шайкеш келтирген "винтик" катары жарыяланган...Индивид-винтиктин жеке түшүндүрүлбөгөндүгү анын социалдык массадагы белгилүү бир статусту камсыз кылуучу бардык баалуулук багытты өздөштүрүүгө жөндөмдүү экендигин билдирген. Эгерде буга саясий аң-сезимдиг жана маданияттын төмөнкү деңгээлин, керектүү, обөективдүү маалыматтын, массалык маалымат каражаттарынын идеологиялык ангажирлүүлүгүнүн жоктугун кошо турган болсок, анда мындай индивид жарандык коомдун негизин түзбөй кое алмак эмес" [133, 24 б].

Формалдуу көз караштан алып караганда У.К.Чиналиев толук туура айткан. Ал жөнүндө кеп кылуу менен биз жарандык коомдун бардык формалдык белгилери кандай гана болбосун заманбап гуманитардык илимде берилгендигин айтасак болот, чындыгында Советтер Союзунда тоталитардык типтеги мамлекет болгон эмес. Ушуга байланыштуу Ф.Ницшенин ойлому туурасында айта кетүү ылайыктуу болот, ал: "Социализм мурастап калууну каалаган дээрлик жашоосу бүткөн деспотизмдин фантастикалуу кичүү иниси; анын иш-аракеттери, албетте, сөздүн терең маанисинде реакциондуу келет. Же болбосо ал эң акыркы деспотизм ээлик кылган мамлекеттик бийликтин

мындай толуктугуна суусап турат, ал тургай ал инсанды формалдуу түрдө жоготууга аракет кылган өткөндүн баарын ашып кетет; акыркысы ага табияттын тең укуксуз артыкчылыгы менен берилип, аны реформалап, жамааттын максаттуу органына айландырат” [92, 447 б].

Тоталитардык социалистик мамлекеттин эң кызыл тилдүү мисалы жана Ф.Ницшенин жогоруда келтирилген ой жүгүрүтүүсүүнүн далили катары башкаруунун монархиялык формасы орнотулган заманбап КЭДР эсептелет.

Бирок Советтер Союзунда жана анын республикаларында иштин баары бир тараптуу болгон эмес. Бардык советтик тарых карама-каршылыктарга толуп, көпчүлүк жагынан Советтик Союз Россия империясынан болуп көрбөгөндөй аймактарды жана жаратылыш ресурстарын мурастап калуу менен шартталып, Советтик мамлекеттин жетекчилиги ээлик кылбаган республикалар менен абдан колу ачыктык менен бөлүшкөн. У.К.Чиналиевдин жогорудагы ой жүгүртүүлөрү формалдуу көз караштa алар чындык каршы келгендигине карабастан, конкреттүү тарыхый контексттен суурулуп чыккан. Эгерде аларды эске ала турган болсок, конкреттүү тарыхый кырдаалдар менен шарттарды четке кагуу менен кыргыздар үчүн тарыхтын советтик мезгилинде жагымсыз кырдаал түзүлүп, чындыка такыр коошпойт деген жалган элес калуусу толук мүмкүн. У.К.Чиналиев ушунун өзүн далилдеп кеткен. Андан тышкары ал “советтик бийлик жылдарында Кыргызстанде экономиканын, илимдин, билим берүүнүн, маданияттын, саламаттыкты сактоонун өнүгүүсү үчүн көптөгөн иштер жасалып, жумушчу табынын санынын өсүүсүнө, улуттук интеллигенциянын калыптануусуна, жарандардын материалдык жана жарандык абалына, коомдук аң-сезимдин белгилүү бир тибинин калыптануусуна таасирин тийгизбей койгон эмес” [133, 24 б].

Бир көңүл буруп караганда, өнүккөн экономика, илим, билим берүү, маданият, саламаттык сактоо гана, жогорку квалификациялуу кызматкерлердин жана улуттук интеллигенциянын жетиштүү санынын болуусу, бир сөз менен айтканда, жарандык коомдун материалдык жана рухий негизин түзгөндүн баарын, анын курулуш мүмкүн экендигин байкоого болот. Ушула планда га-

на Кыргызстанда тарыхтын советтик мезгилинде көптөгөн алгылыктуу иштер жасалган. Аны менен бирге өзүнүн оң жактуу ролун советтик саясий жана чарбачылык системанын кээ бир чектери ойногон, аларды негативдүү , катачылык, социалистик чарбалык системанын жетишсиздиги деп эсептөөгө болот. Биз максималдуу пайда алууга багытталган өндүрүштүн капиталистик ыкмасы мамлекеттин, анын аймактарынын периферияларынын алгылыктуу өнүгүүсүн жүзөгө ашыруу үчүн таптакыр жараксыз болмок. Өлкөнүн саясий жетекчилиги кандай гана болбосун СССРдин бардык аймагын сактоого аракет кылган, ошол максатта зарыл кадрлар менен камсыз кылып союздук республикаларга зарыл материалдык жана каржылык каражаттарды жөнөтүү менен аларга ар тараптуу жардамды көрсөтүшкөн. Бул жерде өзүнүн ролун орус элинин менталитети, анын тарыхынын өзгөчөлүктөрү ойногон. "/үчүнчү Римдегидей Москва туурасындагы Доктрина – Н.А.Бердяев жазгандай, - москвалык падышалыктын түзүлүүсүнүн идеологиялык базиси болуп калган. Падышалык мессиандык идеянын символикасы алдында топтолуп, калыптанган. Падышалыкты, нукура падышалыкты издөө ору эли үчүн анын бардык тарых аралыгында мүнөздүү болгон. Орус падышачылыгына болгон тийиштүүлүк чыныгы, православдык ишенимди кармануу менен аныкталган. Советтик Россияга, орус коммунистик падышалыгына болгон дал ушундай эле тийиштүүлүк ортодоксалдык-коммунистик ишеним менен аныкталат" [16, 9 б].

Аталган ишеним «жаркын келечекти» ыктымалдуу куруу идеясына негизделген, ал Н.А.Бердяевдин сөздөрү менен айтканда - бул «нукура падышалык». Таасын болгондой, мессиандык идеяга болгон чыныгы кызмат кылуунун бирден-бир натыйжасы улуттук республикалар экономикалык максаттуулугуна, минималдуу кирешедеги максималдуу пайданы алуу идеясына карабастан тездетилген өнүгүүгө ээ болушкан.

М.К.Камиловдун 1975-жылы жарык көргөн «Жаңы инсандын калыптануусу (философиялык жана социологиялык аспектилери)» аттуу монографиясында «суук согуш» мезгилиндеги совет таануучулардын обөективдүү ой

жүгүртүүлөрү толук келтирилет. Американык совет таанучу Ч.Уилбер фактылардын негизинде «советтик Орто Азия» өзүнө «советтик Орто Азиянын» республикаларынын калкын заманбап динамикалык, өнүгүүгө далалат кылган коомго айландырууга шарт түзгөн «социалистик өнүгүүнүн методдорунун өзгөчө текчесин камтып турат, анда ынанымдуу түрдө пландоонун советтик системасы начар өнүккөн райондордогу экономикалык өнүгүүгө жетүү үчүн эки жактуу методду билдирип турат» [61, 9-10 б].

Англиялык совет таануучулар Дж.Ньют жана А.Ноув баса белгилешкендей, революцияга чейин индустриалдык өндүрүш дээрлик жок болгон борбордук-азиялык республикалардын өндүрүштүк өнүгүүсү эркин ишкердүүлүктүн шарттарында таптакыр эле мүмкүн болмок эмес, андыктан капитал, тагыраак айтканда ошол капиталдарга ээ болгон адамдар анын толук эффективдүү кайтарып берүүсүнү зоналарын издешет. Ошондуктан. Дж.Ньют менен А.Ноув борбордук-азиялык республикалардын өндүрүшү өзүнүн өсүүсү менен Советтик өкмөттүн индустриалдык идеологиясына, анын мурун артта калган элдердин өнүгүүсүнө болгон атайын көңүл буруусуна милдеткер» [61, 104 б].

Албетте, Дж.Ньют менен А.Ноуванын аталган сөздөрү менен айтканда Советтик өкмөттүн индустриалдык идеологиясына, анын мурун артта калган элдердин өнүгүүсүнө болгон атайын көңүл буруу Кыргызстанда дагы жарандык коом үчүн зарыл материалдык жана рухий өбөлгөлөр түзүлгөн, бул капиталистик мамлекеттер шарттарында, ушундай эле ийгилик жана далалаттануучулук менен жүзөгө ашырылат беле. Ч.Уилбер менен Дж.Ньюттун ой жүгүртүүлөрү кыйла ынанымдуу болуусу үчүн макроэкономикасы эки негизги -Түндүк жана Түштүк менен берилген Италиянын мисалын айта кетсек болот. Аны менен бирге Түштүк Италиянын экономикасы өндүрүштүн көлөмү, пайдалуулугу, чыгарылган продукциясынын ассортименти, анын сапаты ж.б.у.с. боюнча Түндүк Италиянын экономикасына жол бошотот. Мындай кырдаал Францияда да бар, ал жакта Түштүк экономикалык жактан Түндүкө орун бошотуп берет. Бул капитал, жогоруда айтылгандай, анын

кыйла эффективдүү кошумчасынын зоналарын издейт.

Жарандык коомго, анын ичинде Жапониянын, Түштүк Кореянын жана азыркы мезгилде Кытайдын тажрыйбасы көрсөткөндөй классикалык батыш шарттарынан жана өбөлгөлөрүнөн айырмаланган ар кыл жалпы маданий жана менталдык өбөлгөлөргө негизделүү менен ар башка жол менен келүүгө келүүгө болот. Андыктан эң маанилүү өбөлгөлөрдөн жана негиздерден болуп өнүккөн индустрия эсептелет, ал өз кезегинде урбанизациянын жогорку деңгээлинде гана мүмкүн болот. Бул жаатта белгилүү англо-германиялык философ, саясат таануучу жана социолог Р.Дарендорф жарандык коомдордун идеалында эч ким курбайт, алар өз алдынча өнүгүшөт деген пикири абдан туура айтылган» [45, 69 б]. Бирок алар коомду саясий жана коомдук – экономикалык карым-катнаштардын бардык системасынын олуттуу либералдашуусу боло баштагандагы жыргалчылыктын жогорку деңгээлине алып чыгып, жогорку өнүккөн индустриянын жоктугунда мүмкүн болбойт. Бирок бул мисалы, СССРде качан жарандык коомдун саясий жана укуктук компоненттери анын индустриалдык түзүүчүсүнөн бир аз артта калган учурунда мүмкүн болот. Бирок, биздин пикирибизде, Советтер Союзундагы, анын ичиндеги Кыргызстандагы жарандык коом Батыштык канонго кирбегендиги үчүн гана жок болгон. СССР де ар бир жаранга анын улуттук жана социалдык тийиштүүлүгүнө карабастан эмгеке, акысыз билим алууга жана медициналык тейлөөгө болгон укуктарына кепилдик берилген, алар азыркы мезгилде дээрлик мурунку советтик республикаларда формалдуу түрдө кепилдик берилсе, анда СССР де реалдуулуктун айныксыз бир бөлүгү болуп эсептелген. Советтер Союзу жарандардан колосалдуу каражаттарды тартып алган куралдандыруу жарышына тартылгандыгын да эске ала кетүү зарыл.

Жарандык коомдун советтик үлгүсү көпчүлүк жагынан өзүнүн чектери менен жарандык коом тууралындагы заманбап элестөөлөргө ылайык келген эмес, бирок СССРдин өзүндө биринчи жолу дүйнө жүзүндө акысыз билим берүү, медициналык тейлөө, сегиз сааттык жумуш күнү ж.б. ушул сыяктуу олуттуу натыйжаларга жетишкен.

Тарыхтын советтик мезгилинде кыргыздар көпчүлүк жагынан тышкы жардамдын аркасында качандыр-бир кездерде жоголгон мамлекеттүүлүктү көчмөнчүлүк эмес, социалдык-саясий, укуктук негизги шарттар менен өбөлгөлөрдүн бүткүл комплексинен билим берүү, медициналык тейлөө ж.б.у.с. системасын камтыган экономикалык, жалпы маданий шарттарга чейинки заманбап формаларында кайра түзө алды. Кыска тарыхый мөөнөттүн аралыгында Советтик бийлик жашоо-турмуштун жана чарбачылыктын көчмөнчүлүк формасын жоготту, андан тышкары баса белгилей кетүүчү нерсе, кыргыз салттуулугуна болуп көрбөгөндөй сокку урду. Азыркы мезгилде Кыргызстандын бир катар изилдөөчүлөрүнүн арасында Советтик бийлик аны жеткиликсиз – мажбурлоочулук ыкма менен жасаган деген пикир тараган. Чындыгында эле, зордук-зомбулук – бул жаман ыкма жана аны менен макул болбой коюу кыйын. Бирок, биринчиден, адамзаттын бардык тарыхы зордук-зомбулук менен сугарылып, адамдар, элдер жаман менен жакшы ыкманын эмес, тарых, реалдуу кырдаалдар сунуш кылгандарды тандашат. Экинчиден, Советтик бийлик тарабынан кыргыздарга жаңы, жашоонун толук жеткиликтүү формалары эле эмес, аларга жетүү үчүн бардык зарыл каражаттар да сунуш кылынган.

Ал тургай биринчи кезекте “мамлекет-жарандык коом” системасында жарандык коомго каршы турган күч катары каралган бюрократия башында турган советтик укуктук системанын белгилүү бир кемчиликтерине карабастан советтик укук, албетте, Октябрь революциясына чейин кыргыздардын негизги массасы тарабынан колдоого алынган укуктун адаттык системасы-адатка салыштырмалуу кыйла өнүккөн көрүнүштөргө салыштыргыс болгон. Советтик укук системасы буржуазиялык укук системасы деп аталган бардык айырмачылыктарына карабастан континенталдык укук системасынын көп түрдүүлүгүн камтып турган. Акыркысы рецепциялардын, б.а.рим укугунун нормаларын, принциптерин жана жоболорун өздөштүрүүнүн негизинде түзүлгөн жана жалпы же абдан жакын структурага, укук булактарына жана түшүнүктүк-юридикалык аппараттын окшоштугуна ээ болгон укуктук система-

лардын жыйындысы катары эсептелген бир өзгөчөлүк. Аталган кырдаал менен гана  СССРдин кулашынан жана 15 жаңы республикалардын пайда болуусунан кийин анын баары, анын ичинде Кыргызстан да континенталдык укук системасы деп аталган романдык-германдык укуктук үй-бүлөгө киришкен. Октябрь революциясына чейин паралеллдүү түрдө укуктун үч адаттык, шариаттык жана империялык укугу иш алып барган Борбордук Азиянын республикаларына карата укуктук карым-катнаштар системасындагы  Советтик мамлекеттин сиңирген эмгеги болуп анын зарыл шарттар болгон –билим берүүчүлүк, мыйзам чыгаруучулук, зарыл укуктук тажрыйбаны, адистешкен мекемелер системасын ж.б.у.с. түзүү менен мамлекет тарабынан юрист-адистерди даярдоо базасында иш алып барган укуктун кесиптик системасын киргизген.   Белгилүү бир өзгөрүүлөргө дуушар болгон аталган база аны жарандык коомдун жаңы саясий жана экономикалык шарттарында түзүү үчүн колдонууда толук жарактуу болгон.

Советтик мезгилдеги Кыргызстандын ийгиликтүү өнүгүүсүнүн бирден-бир обөективдүү көрсөткүчтөрүнөн болуп жогорку оң жактуу демографиялык динамика же башкача айтканда, Кыргызстандын калкын олуттуу сандык өсүүсү эсептелет. Алсак, мисалы 1990-жылы биздин өлкөнүн аймагында болжол менен 1 миллиондой адам жашаса, анда СССР тарап жаткан мезгилде 1991-жылы   4 422 000 адамды түзгөн. Башкача айтканда, 4,42 эсеге өскөн. Андыктан 1991-жылы кыргыздардын үлүшү 1991-жылы 52,37% түзгөн [150]. Белгилесек, көпчүлүк жагынан өзүнүн сандык өсүүсүнүн жардамы менен кыргыздар этностук, элдик абалдан улуттук абалга трансформациялана башташкан.

1991-жылы СССР тараган. Анын эмнеге тарашы тууралуу көптөгөн пикирлер кездешет. Ошол ой-пикирлер көпчүлүк учурларда бири-бирине карама-каршы келишет. Аталган изилдөөнүн милдетине Советтер Союзунун тарашынын себептерин издөө кирбейт. Биз үчүн мындай учурда эки кырдаал маанилүү. Биринчиден, СССРдин таралуусунун натыйжасында 15 өз алдынча мамлекет, анын ичинде биздин республика пайда болуп, кыргыз элинин та-

рыхында жаңы этап башталган. Экинчиден, Кыргызстандын советтик модернизациясы соңуна чыккан эмес, бирок анын ушунчалык алыска кеткендигин анын кыргыз эли үчүн салттуулука кайтып келүү таптакыр мүмкүн болгон эмес.

Демек, аталган параграфка төмөнкүдөй корутунду чыгарабыз:

1. Кыргызстандын Россияга кошулуу мезгилинен баштап күчтүү тышкы таасирдин натыйжасында азыркы кезге чейин уланып жаткан кыргыз салттуу коомунун заманбап модернизация процесси ишке киргизилген. Манызы боюнча биринчи жолу өзүнүн узак жана машакаттуу тарыхында кыргыз эли Россия башында турган европалык цивилизацияга эле дуушар болбостон (аларга кыргыздардын аймактарынын кошулуусунда, өзүлөрүндө индустрия тез өнүгүп, капитализмге болгон өтүү жүзөгө ашырылган), алардын айныксыз баш ийүүсүнө туш болгон.

2. Кыргызстандын Россия империясына кошулуусу, жалпы жонунан, кыргыз элин дүйнөлүк тарыхка тарткан, ал кыргыз элин изолциялоо биротоло жоголуп, негизги дүйнөлүк тенденциялардын алкагында өнүгө баштаган. Кыргыз элинин тарыхы менен тагдырына  салттуу кыргыз коомун заманбап мезгилге модернизациялоо, кайра өзгөртүү менен байланышкан  дээрлик жаны система киргизилген. Ошол жаны система  цивилизациялык парадигманын глобалдуу алмашуусу менен байланышкан координаттардын жаны системасына байланып калган. Эгерде буга чейин кыргыз элинин тарыхы, анын тагдыры ошол мезгилде  салыштырмалуу анча жогору эмес модернизациялык дарамет менен мүнөздөлгөн чыгыш цивилизациялары менен байланышта өткөн болсо, анда европалык мамлекеттердин курамына кирүүсү менен анын тагдыры, тарыхы жаны модернизациялык канондордун жана талаптардын системасында өтө баштаган.

3. 1917-жылдагы Октябрь революциясы мурунку Россия империясынын элдеринин тагдыры сыяктуу эле, кыргыз элинин тарыхы менен тагдырында таптакыр жаны доордун башталышына негиз салган. Советтик бийликтин бирден-бир алгачкы  мыйзамдуулук актыларынан болуп 1917-жылдын 2-

ноябрында жарык көргөн "Россия элдеринин укуктарынын Декларациясы" эсептелет. Анда улуттардын өздүк аныкталуусуна болгон укуктары жарыяланган. 1918-жылы III – Кенештердин бүткүл россиялык сөездинде «эмгекчилердин жана эксплуатацияланган элдин укуктарынын Декларациясы» аттуу негиздүү мыйзамдык актысы болгон. Аталган документте феодализм принциптерине негизделген социалистик көп улуттуу мамлекетти куруу планы айтылган. Сөезде кабыл алынган чечим болуп Түркстан Автономиялык Советтик Социалистик Республикасынын түзүлүшү эсептелет, ошол эле жылдын майында автномиялуулук укукгунда Россия Федерациясынын курамына киргизилген

4. Кыргызстанда советтик мезгилде экономика, илим, билим берүү, маданият, саламаттыкты сактоо ж.б.у.с. –бир сөз менен айтканда, жарандык коомдун материалдык жана рухий негизин түзгөндүн баары тездетилген өнүгүүгө ээ болушкан. Ушул өнүттө Кыргызстанда советтик мезгилде абдан көп иштер жасалган. Андыктан өзүнүн он тараптуу ролун терс таасирлерге таандык кылган советтик саясий жана чарбалык системанын кээ бир чектери ойношкон. Максималдуу пайда алууга багытталган өндүрүштүн капиталистик ыкмасы Кыргызстандын иштиктүү өнүгүүсүн жүзөгө ашыруу үчүн таптакыр эле жараксыз болмок.

5. Жарандык коомдун советтик үлгүсү көпчүлүк жагынан өзүнүн чектери менен жарандык коом туурасындагы заманбап элестөөлөргө ылайык келген эмес, бирок СССРдин өзүндө биринчи жолу дүйнө жүзүндө акысыз билим берүү, медициналык тейлөө, сегиз сааттык жумуш күнү ж.б. ушул сыяктуу олуттуу натыйжаларга жетишкен. Көптөгөн заманбап изилдөөчүлөр элестетүүгө аракет кылышкандай, жарандардын тоталдык укуксуздугунун шарттарында бул ушунчалык күч менен мүмкүн болот эле. Борбордук-азиялык региондун республикаларында жарандар белгилүү турмуш-тиричиликтик маанилүү укуктары менен камсыз болгондугу менен катар индустриалдык база түзүлүп, жарандык коомдун материалдык жана маданий негизи болуп эсептелген көптөгөн шаарлар пайда болгон. Акыркысы жалпы

жонунан мүмкүн эместик мүмкүн болот, эгерде мамлекетте өнүккөн индустриалдык база жана өзүнө бардык зарыл инфраструктураны, курулуш өндүрүшүн ж.б.у.с. камтыган өнүккөн шаар чарбачылыгы жок болсо.

6. Тарыхтын советтик мезгилинде кыргыздар көпчүлүк жагынан тышкы жардамдын аркасында качандыр-бир кездерде жоголгон мамлекеттүүлүктү көчмөнчүлүк эмес, социалдык-саясий, укуктук негизги шарттар менен өбөлгөлөрдүн бүткүл комплексинен билим берүү, медициналык тейлөө ж.б.у.с. системасын камтыган экономикалык, жалпы маданий шарттарга чейинки заманбап формаларында кайра түзө алды. Кыска тарыхый мөөнөттүн аралыгында Советтик бийлик  жашоо-турмуштун жана чарбачылыктын көчмөнчүлүк формасын жоготту, андан тышкары баса белгилей кетүүчү нерсе, кыргыз салттуулугуна болуп көрбөгөндөй сокку урду.

7. Кыргыз салттуу коомунун советтик этабы жана модернизациялык формасы  СССРдин тарашынын натыйжасында үзгүлтүкө учурап, модернизация өзүнүн сонуна чыгуудан кыйла алыс болгон. Бирок модернизация механизминин өзү ишке киргизилген, ал эми модернизациянын өзү  кыйла алыска узап, кайра кайткыс болгон. Советтик мезгилдеги жарандык коомду куруу планында Кыргызстанда  жарандык коомдун өзүнө караганда  бир цивилизациялык-маданий абалдан сапаттуу экинчисине өтүүсү кыйла  татаал жана маанилүү болгон олуттуу татаалдыктын себеби боюнча жарандык алдындагы катары мүнөздөө тен укуктуу жана акыйкаттуу болгон.

## 2.3. Заманбап Кыргызстандагы жарандык коомдун калыптануу спецификасы

Республиканын түштүгүндөгү исламдык көз караштардын олуттуу күчөшү өзүнө Кыргызстандагы исламдын ортоңку эле эмес, фундаменталдык ар түрдүүлүгүнүн калктын өзбек бөлүгүнүн эсебинен күчөтүлүү коркунучун камтып турат. Радикалдык маанайдагы ислам жарандык коомго анын саясий демократиясы менен баалуулуктардын либералдык системасына түздөн-түз

оппозицияда турат. Экинчи жагынан, жарандык коомдун өзү дин тутунуу эркиндигин, бирок анын орточо формаларын таанып билет.

Кыргызстандын саясий жетекчилиги эгемендүүлүкө ээ болгон мезгилден тартып бардык арыздарда, декларацияларда, саясий-мамлекеттик түзүлүшкө таандык болгон саясий документтерде баса белгилегендей, Кыргызстан тездик менен жарандык коом калыптанган демократиялык өлкө болуп эсептелет. Биздин жаш республикада аталган жаатта чындыгында көп иштер жасалды: биздин өлкөдө дээрлик нөлдөн баштап жеке менчик институту түзүлүп, жаңыланган коомдук карым-катнаштарды жана жекелик мамилелерди жөнгө салуучу мыйзам чыгаруучулук база олуттуу өзгөрүп, жаңы коомдук жана саясий институттар ж.б.у.с. түзүлдү. Көптөгөн себептерден улам келип чыккан узака созулган системалык кризиске карабастан трайбализм, регионализм, кландуулук ж.б.у.с. архаикалык формалар менен көрүнүштөрдүн жандануусуна же күчөтүлүшүнө алып келди, ошондой болсо да жарандык коомду куруу жаатындагы өлкөдө жасалып жаткан иштерге баа бербей коюуга болбойт. Аталган процесске кайра кайткыс мүнөз берилип, салттуулуктун көптөгөн элементтери жаңы саясий жана коомдук-экономикалык карым-катнаштар менен шарттарга киришип, ыңгалашышат.

Советтер Союзунун кулашынын натыйжасында кыргыз салттуу коомунун советтик модернизация процесси үзгүлтүкө учураган, бирок модернизация процессинин өзү ишке киргизилип, ал эми модернизациянын өзү алыска узап, кайра кайткыс болгон. Советтик мамлекеттин негизинде кыска тарыхый мөөнөттүн ичинде коммунизмди – жалпы молчулук коомду, "жаркын келечекти" куруу мүмкүнчүлүгү туурасындагы идея жатат. "Готтук программанын сынында" К.Маркс коммунистик формацияга төмөнкүдөй аныктама берген: "Коммунистик коомдун жогорку фазасында, адамды эмгекти бөлүштүрүүгө баш ийүүгө кулчулук кылуу; аны менен бирге акыл-эс эмгеги менен кара күч эмгегинин карама-каршылыгы, эмгек жашоо-турмуш үчүн каражат эле эмес, жашоонун биринчи муктаждыгы болгондо; индивиддердин ар тараптуу өнүгүүсү менен өндүрүш күчтөрү да өскөндө жана коомдук бай-

лыктын бардык булактары толук агым менен куюлганда гана буржуазиялык укуктун тар горизонтун багындыруу мүмкүн болот, коом өзүнүн туусунда: “Ар ким өзүнүн жөндөмдүүлүктөрү менен, ар бирине муктаждыктары боюнча” деп жаза алат!” [78, 20 б].

Толук ыктымалдуу болгондой, адамзатка дагы коммунизмди куруу иши турат, анда «индивиддердин ар тараптуу өнүгүүсү менен өндүрүш күчтөрү да өсүп, коомдук байлыктын бардык булактары толук агым менен куюлат. Бирок окуялардын табигый жүрүшүн форсировкалоо жана «коммунистик бейишти» куруу аракети XX кылымда тажрыйба көрсөткөндөй, бир аз убагынан эртереек болгон. Болжол менен XX кылымдын 80-жылдарынын башында айныксыз болгондой, «жаркын келечекти» куруу идеясы утопия эле болуп эсептелет. Советтик чарбачылык системаны кайра куруу аракети белгилүү болгондой, Советтер Союзунун кулашы менен аяктаган. Ошондой болсо дагы, 1917-жылдан 70 жылдан ашуун созулган, б.а. үч муундун жашоо аралыгындагы масштабдуу социалдык эксперимент терс эле эмес, оң да натыйжаларын берген. Аталган эксперименттин маңызын Н.А.Бердяев берип: “Петр менен Лениндин, петрдук менен большевиктердин ортосундагы салыштыруу менен төңкөрүштү жасоого мүмкүн эле. Ошол эле оройлук, зордук-зомбулук, элге жогорудан болгон белгилүү принциптерди таңуулоо, органикалык өнүгүүнүн үзгүлтүктүүлүгү, салттарды тануу, этатизм, мамлекеттин гипертрофия, артыкчылыктуу бюрократиялык катмарды, борбордукту, цивилизациянын тибин тез аранын ичинде өзгөртүү” [16, 12 б].

Н.А.Бердяев белгилүү бир себептер боюнча, органикалык өнүгүүнүн үзгүлтүктүгүндө, салттарды, этатизмди тануу да, б.а. мамлекеттин коомдук жана жеке жашоонун бардык чөйрөлөрүнүн активдүү кийлигишүү саясатында, мамлекетти гипертрофияда, артыкчылыктуу бюрократиялык катмарды түзүүдө, борбордукта жана башкысы цивилизациянын тибин чукулунан жана түп-орду менен өзгөртүү каалоосунда караган. Бирок Кыргызстан , башка борбордук-азиялык республикалар үчүн аталган иш-чаралар өрөөндүн жергиликтүү элдеринин басымдуу бөлүгү XX кылымдын башында коомдук кө-

нүгүүнүн XX кылымдын башталышында коомдук өнүгүүнүн феодалдык же феодалдык-патриархалдык же фазасында турган, жогоруда көрсөтүлгөн оң жактуу да мүнөзгө ээ болгон. Алсак, советтик мамлекет системалуу, туруктуу жана ырааттуулук менен трайбалистик башталыштарга жана салттуу кыргыз чөйрөсүндөгү жашоонун трайбалистик жолдорго карата каршы масштабдуу күрөштү баштаган. Биз баса белгилегендей, трайбализмдин жардамы менен көбүнчө кыргыздар буркан-шаркандуу тарыхтын агымында жашашып, өзүлөрүн жеке маданий жана рухий өз алдынчалуулук катары сактап кала алышкан. Андан тышкары, азыркы мезгилде дагы кыргыздар арасында сакталып калган трайбализмдин кээ бир белгилери өзүнүн оң жактуу ролун ойноосун улантып келүүдө. Бирок XX кылымдын башталышында социалдык-экономикалык өнүгүүдө олуттуу түрдө артта калуусу көптөгөн терс натыйжалар менен, алсак, тарыхый аренадан жоголуп кетүүсү, башка этникалык топторго аралашып кетүүсү ж.б. менен коштолгон. Советтик мамлекет өзүнүн иш-аракеттери менен саясатта жалпы эле жапы молчулук идеясын куруу идеясы менен жетектелип, аң-сезимдүү жана максаттуу түрдө ири өлкөнүн бардык элдери коомдук-экономикалык өнүгүүнү дагы бир деңгээлге алып чыгууга аракет кылган, Москва башында турган борбор болбоду дегенде улуттук республикалардын лоялдуулугуна муктаж болгондугун айтпай деле койсок болот.

Конкреттүү кырдаалга байланыштуу өзүнүн өнүгүүсүнүн ар кыл этаптарында советтик мамлекет саясий жана социалдык-экономикалык системаны куруунун ар кыл методдорун колдонгон. Масштабдуу жарандык согуш менен байланышкан советтик бийлик жылдарында, анын аяктоосунун биринчи бир жарым он жылдыгында мамлекет активдүү түрдө репрессиялык чараларды пайдаланган. Кыргызстанда конкреттүү түрдө аталган мезгилде жергиликтүү бийликтер уруу лидерлерин жана кадыр-барктууларын өлкөнүн башка өрөөндөрүнө айдап жиберүү же таптакыр эле көзүн тазалоо сыяктуу иш-чараларды кеңири практикада пайдаланышкан. Мындай иш-чаралар катаал болгондугуна карабастан, алар кыргыз уруу коомчулуктары социалдык-

мүлктүк дифференциациянын төмөнкү деңгээли менен мүнөздөлгөн жана бай катмар аларда анча олуттуу болбой, аталган коомчулуктарга олуттуу зыян келтиришкен эмес жана салыштырмалуу анча деле кыйынчылыксыз өт-көн. Бирок урууну “башчысыз” калтыруу менен салттуулука абдан эле катуу сокку урулган. Кептин баары ар бир эле кыргыз уруусу советтик бийликтин биринчи жылдарында эле миниатюрдук мамлекеттен турушкандыгында. Демек, уруу башчысынын бийлиги монархтын бийлигине окшош болгон. Кылымдар бою топтолуп, бекем орноп калган адаттар менен салттар чарбачылык зарылчылыктын жоктугу менен катар уруулар ортосундагы аймактык байланыштарды абдан эле туруксуз жана шарттуу кылган. Андыктан уруулук тийиштүүлүк, табигый жана көп кылымдык тажрыйба менен текшерилип өзгөчө туруктуулук менен айырмаланган. Уруулук структураны сактоодо уруу башчылары тарабынан өзгөчө кызыкдар болушкан. Кыргызстандагы жаңы аймактык-административдик бөлүштүрүү системасын киргизген Токмок уездинин биринчи начальниги майор Г.С.Загряжский “урууларга бөлүштүрүү манаптарды сактайт жана аларга катуу карманышат” деп белгилеп кеткен [55, 12 б]. Бийликтин бардык толуктугуна ээ болуу менен уруу башчысы обөективдүү түрдө патриархалдык карым-катнаштардын бүткүл системасын кол тийгистик түрүндө сактап калууга кызыкдар болушкан, андыктан анын бийлиги патриархалдык башталыштарга негизделген. Демек, тигил же бул жол менен уруу башчыларын жоготуу менен советтик бийлик жогоруда айтылгандай салттуу карым-катнаштар системасына жана трайбализмге кубаттуу сокку урган.

Андан кем эмес сокку ишмердүүлүктүн жаңы түрлөрүн киргизүү менен көчмөнчүлүктөн отурукташууга тездетилген өтүү сыяктуу мамлекеттик максаттуу иш-чаралар аркылуу трайбализмге да урулган. Мындай иш-чара трайбализмди анын социалдык-экономикалык, саясий жана жалпы маданий негиздеринен ажыратуу үчүн багытталган.

Марксистик интернационалдык идеологияга ылайык мамлекет болгон бардык каражаттарды пайдаланып, кубаттуу пропагандалык аппараттан баш-

тап билим берүү системасына чейин таптык аң-сезимди уруулуктун ордуна киргизүүгө жана бекитүүгө аракет кылган. Экинчи жагынан, советтик мамлекеттик жана коомдук жашоонун мындай чектери, принциптери, өндүрүш каражаттарына болгон коомдук менчик, каржылык каражаттар менен материалдык жыргалчылыктарды борборлоштурулган тартипте пландоо жана бөлүштүрүү, кадрларды тандоо жана коюунун бюрократиялык системасы трайбалистик нормалар менен принциптердин ишинде сактап калуу жана кеңири пайдалануу үчүн жагымдуу өзөктү түзгөн [49, 150-151 б].

Расмий идеология катары архаизм, калдык катары таанылган трайбализм менен болгон күрөш комплекстүү мүнөзгө ээ болгон. Мамлекетке бардык мүмүкүн болгон багыттардан келген урбанизация процесси эң маанилүүлөрдөн болуп эсептелген. Кыргызстандын аймагындагы шаарлар Октябрь революциясына чейин болгон. Бирок, негизги өндүрүштүк ишмердүүлүгү мал чарбачылыгы менен байланышкан кыргыздар ошол кезде аз санда болгон шаарлар менен четке чыгышкан. Маңызы боюнча, Кыргызстандагы урбанизация процесси советтик мезгилде башталган, ошол мезгилдерде кыргыздар шаарларга тартыла башташкан.

Биздин изилдөөбүздүн мурунку бөлүмдөрүндө тактап кеткендей, жарандык коом маданияттын шаардык жашоосунун продуктусу болуу менен жалпы жонунан шаар феноменинин өзүнүн жоктугунда мүмкүн эмес. Индустриалдык жактан өнүккөн өлкөлөрдүн тажрыйбасы көрсөтүп тургандай, жарандык коом качан шаар өлкөдөгү жалпы маданий карым-катнаштар системасында айныксыз үстөмдүк кылуучу элемент болуп баштаганда аздыр-көптүр соңуна чыккан формага ээ болот. Кыргыз эли туурасында айта турган болсок, анда кыргыздарга классикалык көчмөн этностун өкүлдөрү катары шаар ал тургай советтик бийликтин биринчи он жылдыгында да чоочун нерсе болгон. Кыргыздарда шаарга болгон жек көрүүнү жоготуш үчүн эки-үч муундун жашоосу талап кылынган. Маданий-цивилизациялык планда аталган фактыны кесиптик ишмердүүлүктүн, жашоо-турмушка каражаттарды табуунун, жашоонун тездетилген ыргагынын жаңы формалары, байланыштар

менен баалуулуктардын жаңы системасы ж.б.у.с. фундаменталдуу көрүнүштөрдү камтыган жашоо образын өздөштүрүүдөгү революция катары чечмелөөгө болот.  Шаар шартында гана интеллигенция сыяктуу маанилүү социомаданий феномен пайда болгон. Аталган контексте интеллигенция деп эки жактуу түшүнүүгө болот. Биринчиден, функционалдуу түрдө Байыркы Римде эле кабыл алынгандай, аталган терминди ойломдук ишмердүүлүктүн кеңири спектри  катары түшүнүшкөн. Экинчиден, социалдык жактан, б.а. акыл-эс ишмердүүлүгү менен алектенишкен, аны менен бирге жогорку билимдик деңгээли жана аталган ишмердүүлүктүн чыгармачылык мүнөзү менен айырмаланган туруктуу социалдык топ катары карашкан. Интеллигенциянын ишмердүүлүгү  кыйла ар түрдүү, аларды мугалимдик же окутуучулук ишмердүүлүктөн, фунадементалдуу илимден, саясаттан жана юриспруденциядан, б.а. мыйзамдарды иштеп чыгууда жана алардын аткарылуусуна болгон көзөмөлдү жүзөгө ашырууда көрүүгө болот.

Шаар жашоонун салттуу формаларынын кыйроосуна эле эмес, жашоо-турмуштун башка ыргагын, образын, ишмердүүдүлүктүн бөлөк түрлөрүн алмаштырууну да жөнгө салган, көптөгөн элдердин маданиятынын таасири үчүн таптакыр эле ачык болуп, салттуу кыргыз коомун кыйратууга багытталган кыйла эффективдүү курал болуп калган. Аталган процесс модернизация процесси деген аталышка ээ болгон. Биз изилдөөбүздүн бир бөлүмүндө Ш.Эйзенштадттын модернизациянын жүрүшүндө салттуулуктан заманбап коомго өтүүсү болуп, коом инновацияларга, социалдык жашоонун светтик формасына жакындай баштап, так илимдер менен технологиялардын ж.б.у.с. дүйнө көз караштык билимдерин тандап баштаганды туурасында ой жүгүртүүсүн айтып кеткениз [141, 107 б].

Тарыхтын советтик мезгилинин соңунда кыргыз эли жалпы жонунан (жалпы жонунанды баса белгилейбиз) заманбап коомго (modern society) өтүүсүн жүзөгө ашырган. Жаңы сапаттуу абалга өтүүсүнүн бирден-бир фундаменталдуу өзгөрүүлөрүнөн болуп кыргыздарда принципиалдуу түрдө убакытты өздөштүрүүсү  өзгөргөн. Эгерде тарыхтын салттуу мезгилинде кыр-

гыздар убакытты дайыма кээ бир баштапкы чекитине кайтып келүүчү циклдик процесс катары кабыл алышкан, бул болсо дүйнөдө маңызы боюнча эч нерсе өзгөрбөйт, алар менен бирге адамдар да өзгөрүүгө дуушар болушпайт. Чындыгында, исламды кабыл алуу менен XIX кылымда кыргыздар сызыктык убакыт, б.а. тар айлампа менен эмес, чекитттен чекитке карай жылган убакыттык идеяны өздөштүрүшкөн, андыктан өткөн кайтып келбейт. Бирок калыбы кабыл алынган идея жалпы орто билим берүү киргизилген советтик мезгилде өзгөргөн убакыттын ички туюмун билдирген эмес, ал эми жогорку билим берүү - бардык жарандарга жеткиликтүү болгон.

Кыргыз салттуу коомунун модернизациялануусунун советтик этабы СССРдин тарашы менен үзгүлтүкө учураган. Модернизация кайра кайткыс мүнөзгө ээ болгону менен ал өзүнүн соңуна чыгуусунан алыс болгон. Андан тышкары, советтик мамлекет автаркиялык экономикасы, б.а.башка өлкөлөр менен соода алмашуусунун өздүк камсыз кылуусуна жана жоктугуга, өзүнүн социалдык-экономикалык саясатына негизделген жабык ички базары менен социалдык типтеги мамлекет болуу менен жарандарда мамлекеттик патернализмге болгон адатын калыптандырган. Эске сала кетсек, акыркысы мамлекет жарандардын муктаждыктарын камсыз кылып, анын ордуна мамлекет тарабынан ага таңууланган жүрүм-турумдун моделдерин карманууга макулдашылган карым-катнаштардын системасын камтып турат. Мамлекеттик патернализм ички эле эмес, тышкы атаандаштыктын толук жоктугунда айыл жергесиндеги жашоо-турмуштун салттуу формаларын терең консервациялоону жөнгө салган. Биз жогоруда айтып кеткен Кыргызстандагы урбанизация процесси республиканын жергиликтүү эмес калкын чарпып өткөн. Ал тургай Советтер Союзунун жашоосунун соңунда республиканын өндүрүшүндө кыргыздар бардык иштегендердин 25% түзгөн [125, 20 б].

Кыргыздардын басымдуу бөлүгү айыл жеринде жашашкан, демек жашоо-турмуштун айылдык формасын карманышып, коомдук структурага негизделген салттуу институционалдык формаларын сактоону жөнгө салган. Акыркысы өз кезегинде байыркы мезгилдердегидей эле индивиддин өз ал-

дынчалуулугун чектеген туугандык-уруулук үй-бүлөлүк мамилелер системасына негизделген. Айыл коомчулугунун органикалык бир бөлүгү болуп эсептелген үй-бүлө, коомчулуктун мүчөлөрүнөн турган бийликтин жергиликтүү органдары жалпы административдик-мамлекеттик системанын бир бөлүгү болгон. Башкача айтканда, айыл жериндеги жетекчиликти жүзөгө ашырган мамлекеттик башкаруу системасынын бир бөлүгү (республикада айылдыктар сандык жактан шаарлыктардан кыйла ашып түшкөн) советтик бийликтин бир нече он жылдыктар аралыгында кийинки реалдуулука оңой-олтоң ыңгайлашышкан локалдуу эле эмес, регионалдык кландык коомчулуктар менен да тууган-уруктук байланыштарда турушкан, андык алар дайыма бийлике лоялуулук көрсөтүшкөн. Жергиликтүү калк туурасында кеп болгондо байланыштын мындай системасы болгон, андан тышкары бийликтик карым-катнаштар системасында айныксыз үстөмдүк кылуучу катары кызмат кылган эмес, андыктан шаарларда жергиликтүү эмес калк жергиликтүүлөргө караганда басымдуулук кылган. Ошентип, мамлекеттик башкаруу системасы республиканын саясий системасы катары жалпы жонунан, иш жүзүндө өзүнө айыл калкы менен берилген формалдуу архаикалык салттуу элементерди жана шаар тарабынан берилген жаңы элементтерди камтыган татаал структураны берет. Союздук мамлекет жашап жана Москва бардык республикалардагыдай эле Кыргызстандагы кырдаалды жөнгө салып, саясий-административдик системанын эки бөлүгү тең бири-бирин толуктап, алардын бири өзүнүн аймагына, коомдук-саясий карым-катнаштардын жалпы системасындагы мамилелер чөйрөсүннө жооп берген. Айыл коомчулуктары дайыма зарыл турмуштук жыргалчылыктарга ээ болуп, өзүнүн ички турмушуна сүңгүп кирүүсү, күнүмдүк көйгөйлөр мамлекеттин калкынын басымдуу бөлүгү сыяктуу эле аполитикалуулугу менен мүнөздөлөт. Эч качан жумушсуздукту башын өткөрбөгөн жана шаарлардан зарыл материалдык-техникалык жана каржылык жардамды алган айыл калкы эч качан айылдык бийлик сыяктуу эле бийлике карата толук лоялдуу алып жүргөн. Анын үстүнө XX кылымдын 30-40 жылдарындагы советтик саясий система ички оппозициясы-

нын жоктугу менен мүнөздөлгөн. Мамлекет болгон бардык жеткиликтүү каражаттары менен коомдогу туруктуулукту колдоого аракет кылган. Бул алгачкы милдеттерден болгон. Боолголонгондой, өнөр-жай өндүрүшүнүн дайыма өсүү шарттарындагы жашоонун салттуу формалары табигый түрдөгү урбанизациянын ченеми боюнча өзүнүн ордун бошотуп, архаикалуу катары өз жашоосун токтотот. Мындай божомолдоо жаңылыштык болмок эмес, кандай гана болбосун принцип катары. Олуттуу түрдө өзгөргөн реалдуулук жашоо-турмуштун жана аң-сезимдин бардык формаларынын өзгөрүүсүн караган. Бирок СССРдин кулашы, алдыңкы капиталистик өлкөлөрдүн экономикасынан олуттуу түрдө артта калган экстенсивдүү экономикасы азыркы мезгилде постиндустриалдык же маалыматтык коом деп аныкталган ошол кездеги коомдук-экономикалык өнүгүүнүн жаңы фазасына өткөн. Нефти менен газга болгон баанын олуттуу түшүшү советтик мамлекеттин жетекчилигинин жана анын калкынын алдында көптөгөн маселелерди жараткан. Экономикалык системаны кайра форматка салуу, ага “кайра куруу” аталышына ээ болгон тездетилген өнүгүүнү берүү катуу жетекчиликтин, жакшы акыл эстүү пландын жоктугунда акыр аягында 1991-жылы Советтер Союзунун кулашына алып келген.

Кыргызстандын эгемендүүлүктү алуусу азыр Кыргызстандын эли толугу менен өз алдынча өзүнүн андан аркы келечегин чечүүсү абзел.

Өнүккөн капиталистик өлкөлөр үчүн мүнөздүү болгон чарбачылыктын социалистик формасына болгон көңүл калуу, товардык ашыктуулук, жашоо-турмуштун жогорку деңгээли алардагы жарандардын негизги укуктары менен эркиндиктерин сактоонун кепилдигинин болуусу – республиканын жетечилиги тарабынан башка постсоветтик республикалардагыдай эле кайра куруу мезгилинде башталган коомдун кайра түзүлүү процессин улантуу чечими кабыл алынган. Андыктан жаңы принциптерге негизделген жарандык коомду түзүү коом менен мамлекеттин алдында турган бирден-бир маанилүү милдеттерден болуп калган.

Советтер Союзунун тарашы жана 15 жаңы мамлекеттердин пайда болуусу менен жеке чарбачылык система да кыйроого учурады. Бирок иштин баары ошону менен гана чектелип калган эмес. Мурунку коммунистик идеология жана аны менен байланышкан баалуулук система да кулаган. Алар жалган деп табылган. Андыктан бир дагы социум узак убакыттар бою белгилүү бир идеологиясыз жана баалуулуктар системасыз пайда болуп, функциялана албайт, ал эми Кыргызстандагы Советтер Союзнун тарашы менен идеологиялык жана баалуулук боштук пайда болуп, ал салыштырмалуу тез арада кандайдыр-бир идеологиялык жана баалуулук аралашма менен толтурулуп, өзүнө башкалар менен катар төрт негизги компонентти камтыган: салттуу коомдун баалуулуктары менен нормалары; диний жана биринчи кезекте мусулмандык негизге ээ болгон идеология; мурунку советтик идеологиянын калдыктарын жана баалуулуктар системасын камтыган баалуулуктар менен идеология; батыштык же либералдык баалуулуктар деп аталган буржуазиялык коомдун баалуулуктары, идеологиясы менен байланышкан баалуулуктар менен идеология. Конкреттүү тараптардын же топтордун тигил же бул идеологияга же баалуулук системага жакындуулугу этникалык тийиштүүлүгү, жаш-курагы, жашаган жери ж.б. параметрлери жана белгилери менен аныкталган жана аныкталат.

Азыркы мезгилде тобунун санын эң көптөгү боюнча салттуу баалуулуктарды карманышкандар түзөт. Белгилей кетсек, аларга кыргыздар эле эмес, азыркы учурда республикада саны боюнча экинчи турган этностор өзбектерди, андан тышкары исламды тутунушкан этникалык топторду таандык кылууга болот. Аталган кырдаал гана көпчүлүк жагынан Кыргызстандагы жарандык коомду куруунун мүнөзү менен өзгөчөлүкөрүн аныктайт, андан тышкары алардагы көптөгөн салттуу элементтердин болуусу өзүнөн өзү жарандык коомдун табияты менен карама-каршылыка кирет. Биз изилдөөбүздүн биринчи бапында көрсөткөн жарандык коомдун негиздүү өзгөчөлүктөрү туурасында айтып жатабыз: ал салттуу коомдун антиподу катары пайда болуп, өнүккөн жана өзүнүн табияты боюнча ага карама-каршы

келет. Ушуга байланышту Г.Гегелдин жарандык коом үй-бүлөлүк байланыштарды үзөт, ар бири өз алдынча, ошонтип үй-бүлөлүк байланыштардын мааниси төмөндөйт. Патриархалдык мамилелерде үй-бүлөлөр мындай өз алдынчалуулука ээ эмес, алар бардык уруулук менен уруулук байланышты болушат; жарандык коомдо ар бир үй-бүлө өз алдынча, эч кимге көз каранды эмес, жашоо-турмушу үчүн өзү каражат табат. Эркиндик аталган контексте жарандык коомдун эң бийик принциби болуп эсептелет» [39, 455 б].

Чындыка карама-каршы келбеген аталган ойломду эске алуу менен жарандык коомго болгон толук өтүү салттуулукту карманган Кыргызстандын эли үчүн маданият менен баалуулуктардын салттуу формаларынан баш тартууну, четке кагууну түшүндүрөт деп айтууга болот. Албетте, тоталдык четке кагуу эмес, бирок көптөгөн чектери, параметрлери, принципиалдуу белгилери боюнча болгон. Жарандык коом «үй-бүлөлүк байланыштарды үзөт, андыктан үй-бүлөлүк байланыштардын мааниси төмөндөйт» деп Г.Гегель туура айтып кеткен. Жарандык коомдо ар бир үй-бүлө өз алдынча, эч кимге көз каранды эмес, жашоо-турмушу үчүн өзү гана каражат табат – дегени да эң туура. Бирок эркиндик аталган контексте жарандык коомдун эң бийик принциби болуп эсептелет деген пикири анчалык деле айныксыз, таасын көрүнбөйт. Эмне тууралысында айтып жатканыбызды тактай кетсек. Германияда салттуу баалуулуктар менен карым-катнаштар абдан эле начар болуп турганда өзүнүн гениалдуулугу менен Г.Гегель абсолюттташкан жана өзүнүн логикалык соңуна жеткен эркиндик идеясы эмнеге алып келерин эч элестете алган эмес. Азыркы мезгилде жогорку өнүккөн мамлекеттердин көпчүлүгүндө үй-бүлө институтунун деградациясы байкалат. Аталган деградациянын бирден-бир түз натыйжаларынан болуп калкты жөнөкөй эле өндүрүүсүн камсыз кылууга жөндөмсүз төмөнкү төрөлүүчүлүктөн келип чыккан европа элдеринин басымдуу бөлүгүнүн тукум курут болуусу эсептелет. Анын үстүнө тигил же европалык өлкөдөгү жашоонун деңгээли канчалык жогору болсо, ал жактагы тукум курут болуунун ылдамдыгы ошончолук тез болот. Европа өлкөлөрү бул жагынан уникалдуу болуп эсептелишпейт.

Терс жактуу өсүү бир нече он жылдыктарда Жапонияда байкалат. Түштүк Кореяда оң жактуу динамика байкалгандыгына карабастан, калктын өсүүсүндөгү төмөндөөнүн так тенденциясы байкалат.

Албетте бул жарандык коомдун табияты менен эмес, өлкөдөгү жашоонун деңгээли менен шартталган, аталган деңгээл канчалык жогору болсо, төрөлүүнүн деңгээли ошончолук төмөн болот деп каршы чыгууга болот. Бул чындыка толук коошот. Чындыгында эле мындай мыйзам ченемдүүлүк бар. Бирок бул жарандык коомдун өзүнөн жоопкерчиликти таптакыр эле алып салбайт, анын өзүнүн табиятында патриархалдык карым-катнаштардан кутулуп, өзүнөн гана көз каранды болуп, өз алдынча болуусу үчүн жашоо-турмушуна каражат каражат тапкан үй-бүлөнүн аракеттенүүсү жатат. /й-бүлөнүн ошол өз алдынча болуусу үчүн аракеттенүүсү гана, Г.Геглдин сөзү менен айтканда «үй-бүлөнүн байланыштарын үзөт…андыктан үй-бүлөлүк байланыштардын мааниси төмөндөйт».

Биз жарандык коомдун маңызын ачып берген бөлүмдө көрсөткөндөй, жарандык коомдогу туугандык системасы дайыма четке сүрүлүп чыкса, анда аны менен бирге зарыл түрдө көмүскөгө жамааттык баалуулуктар менен принциптерге негизделген мурунку баалуулук системасы да кетет. Андан тышкары, жарандык коом өзүнүн табияты боюнча таасын берилген өзүмчүлдүк мүнөзгө ээ. Г.Гегель баса белгилегендей жарандык коом «ар тараптуу көз карандылыктын системасы; өзүмчүлдүк максатка жетүүгө болот, ошол өз ара байланыш менен гана камсыздалат» [39, 431б]. Бирок зарылчылык жана максаттуулук менен сиңирилген мындай өз ара байланыш жарандык коомдун өзүмчүлдүк жана жекелик табиятын четке какпастан, тескерисинче аны улам баса белгилешет.

Жарандардын мамлекеттен болгон көз карандысыздыгына максималдуу түрдө жеткирүү аракети мамлекетти кыйла ыңгайсыз абалга калтыра алат. Бирок андан акыр аягында мамлекет эле эмес, коомдун өзү дагы жапа чеге баштайт, андыктан мамлекет өзүнүн түздөн-түз милдеттеринен оолактай баштап, өзүнүн бир катар маанилүү функцияларын аткаруудан калат. Биз азы-

рикы мезгилде бир катар европалык мамлекеттердегидей эле мамлекеттик бийликтин институттары өзүнүн жарандарынын коопсуздугун камсыз кыла алышпайт. Жарандык коом өзүнүн жогорку өнүгүүсүнө ээ болгон мамлекеттеги инсандын эркиндиги менен укуктары тажрыйба көрсөтүп тургандай, мамлекеттин өзүнүн узак мөөнөттүү кызыкчылыктарынан жогору турат. Биз Европалык Союздун бардык мамлекеттеринде бир жыныстуу никелер ачылыктардын укуктар менен эркиндиктери (аталган кырдаалда -сексуалдуу) мыйзам тарабынан кепилдик берилип, мамлекет тарабынан корголуусу керек экендиги туурасында айтып жатабыз. Аталган мамлекеттер олуттуу демографиялык көйгөйлөрдү башынан кечирип жаткан шарттарда мындай иш-чара нравалык көз караштан алып караганда кыйла акылсыздай сезилет. Таасын болгондой, бир жыныстуу никени мыйзамдаштыруу кээ бир себептер менен төмөнкү төрөлүүчүлүкө зыян гана келтирет, ал эле эмес кыйыр түрүндө салттуу үй-бүлөнүн укуктары бузулат, андан тышкары Европада салттуу эмес үй-бүлөлөр аркылуу багылып алуусу ыктымал.

2011-жылдын февралынан баштап АКШда паспорт алууга болгон арыздарда өзгөрүүлөр киргизилген, анда ата-энеси туурасындагы графадагы «атасы» жана «энеси» деген сөздөр «1-ата-эне» жана «2 ата-эне» деген сөздөр менен алмаша баштаган. Мамлекеттик департамент берген түшүндүрмөдө айтылгандай, «аталган жакшыруулар баланын ата-энесинин нейтралдуу түшүндүрүлүшүнө кепилдик берүү үчүн жана үй-бүлөнүн ар кыл типтерин таануу белгисинде жасалган. Американык «үй-бүлөлөрдүн теңдиги үчүн болгон Кеңешин» башкарган Джениффер Крайслер аталган иш-чараны «ата жана эне терминдерин кыйла глобалдуу «ата-эне» терминине алмаштыруу мотивациялап, үй-бүлөлөрдүн көптөгөн ар кыл типтерине өзүлөрүнүн балдары үчүн паспорт алууга сезимсиз, мамлекет аларды үй-бүлө деп таанбайт деген сыяктуу кайрылууга шарт түзөт» [152].

Бүгүнкү күнү АКШ да эле бир жыныстуу үй-бүлөлөрдө болжол менен 300 миңдей бала тарбияланууда. Бирок адистердин прогнозу боюнча жакынкы келечекте алардын саны 1 миллион балага чейин жетиши керек [152].

Батыш өлкөлөрү өзүлөрүндө бир жыныстуу никени мыйзамдаштыруу менен эле чектелип калышпайт. Ар кыл шылтоолор, тигил же бул ыкмалар жана формаларда, мисалы НПО аркылуу алар мамлекеттердин жетекчиликтерине басым көрсөтүүгө аракет кылышууда, алардын пикири боюнча, сексулдык азчылыктардын укуктары ЛГБТ коомчулуктарын мыйзамдаштыруу максатында бузулат.  Тактай кетсек, ЛГБТ – бул англис тилинде пайда болгон, - LGBT төмөнкүчө чечмеленет: Lesbian (лесбиянка) Gay (гей) Bisexual (бисексуал) Transgender (трансгендер). Баалуулуктардын салттуу системасында  биринчи үч топ бузулуунун формалары, табияттык жана социалдык нормалардан оолактоосу, ал эми төртүнчү топ –гендердик шайкештиктин дал келбөөсү - табияттык психологиялык нормадан четтөө катары бааланат.

2008-жылдын соңунда Франциянын генералдык ассамблеясы Европалык Союздун колдоосунда сексуалдык ориентация жана гендердик шайкештик маселелери боюнча «Бириккен улуттар уюмунун декларациясы» деп аталган токтомду берген. Декларацияда зордук-зомбулук, дискриминация, изоляция, стигматизация сынга алынат, документте сексуадык ориентация белгилери боюнча  жок нерсеге ишенүү, гендердик шайкештик, киши өлтүрүү жана жазалоо, кыйноолор, камака алуулар жана сексуалдык ориентация жана гендердик шайкештик белгилери боюнча экономикалык, социалдык жана укуктардан ажыратуу көрсөтүлөт [148].

Жогоруда келтирилген фактынын баары түз же кыйыр түрүндө болбосун жарандык коомго тийиштүүлүг бар, ага адамдын укуктар менен эркиндиктеринин кыйла толук камсыз болуусу, жарандардын укуктук корголуусу, жарандык маданияттын салыштырмалуу жогорку деңгээли, жогорку билим берүүчүлүк деңгээл, жарандык коомду пайда кылуучу структуралардын жана адамдардын ар кыл топторунун атаандаштыгы. ЛГБТ коомчулуктарынын кызыкчылыктарын коргошкон жана алып чыккан тараптар, партиялар, мекемелер, коомдук кыймылдар менен мамлекеттик структуралар адамдын укуктар менен эркиндиктеринин толук камсыздалуусуна, жарандардын укуктук корголуусуна бекем турушуп, жарандык маданияттын жогорку деңгээли, жо-

горку билим берүүчүлүк деңгээл тууралында кеп кылууну жактырышат, ЛГБТ коомчулуктарынын жарандык коомду жана адамдардын ар кыл топторун пайда кылуучу структуралардын атаандаштыгы үчүн болгон укуктарынын күрөшүн көрүшөт. Көйгөйдүн баары – бул адам укуктары менен эркиндиктерин, жарандардын укуктук корголуусун, жарандык маданияттын жогорку деңгээлин, жогорку билим берүүчүлүк деңгээлди ж.б.у.с. – алар өзүлөрүнө жараша бир аз спецификалык түрдө чечмелешет. Андыктан алар «ата» жана «эне» сөздөрүн «1-ата-эне» жана «2-ата-эне» сөздөрүнө алмаштыруусун салттуу, гетеросексуалдуу ориентациядагы укуктарыныз бузуулуусун деп карайбат. Алар салттуу үй-бүлөлүк нормалардын начарлоосунда негизги коомдук түзүлүштөрдүн бузулуусун карабайт. Индивидуалистик коом болуп эсептелген Батыш коому мамлекеттин жарандардын жашоо-турмушуна болгон кийлигишүүсүн чектөө менен мамлекетти эле эмес, коомду да алсыратат.

Изилдөөбүздүн биринчи бапында биз жогорку өнүккөн технологиялык өңүттө капиталистик мамлекеттерде мамлекет тараптан жеке жашоолоруна киришүүсү менен өзүлөрүнүн чет элдик жарандарына эле эмес, ММКаркылуу да көзөмөлдүн күчөтүлүшү менен байланышкан тенденция байкаларын баса белгилеген элек. Аталган тенденция жогорудагы Батыш коому мамлекеттин жарандардын жашоосуна кийлигишүүсүн чектөө менен мамлекет менен коомду алсыратып таштайт деген ой-пикир менен айныксыз карама-каршылыкта турат. Бирок аталган карама-каршылык формалдуу мүнөзгө ээ. Кеп ЛГБТ коомчулуктары жана алар менен байланышкандыгы баарысы ири бизнеске, капиталистик коом менен мамлекеттин фундаменталдуу негиздерине да эч коркунуч жаратпайт.

Кыргызстанда коомдун басымдуу бөлүгү салттуу үй-бүлөлүк баалуулуктарды карманышат. Ошол өңүттө биз жарандык коомдун өнүгүүсүнөн артта калуудабыз. Мындай «артт калуу» Кыргызстандагы калкынын зарыл деңгээлдеги кайра өндүрүүсүн, анын өсүүсүн камсыз кылат. Өз кезегинде

калктын сандык өсүүсү муундардын ырааттуулугун, алардын ортосундагы бекем байланышты, келечекти кандай болсо, ошондой камсыз кылат.

Азыркы мезгилде гуманитардык илимдерде жарандык коом коомдук-саясий түзүлүштүн керемет үлгүсүн камтып турат деген туруктуу көз караш бар. Калыбы, формалдуу көз караште ошондой болсо керек. Бирок формалдуу көз караште гана. Жарандык коомдун идеясынын жүзөгө ашырылуусу-башка кеп. Бул жерде тажрыйба көрсөтүп тургандай, таптакыр күтүлбөгөн мүнөздөгү көптөгөн маселелер пайда болушу ыктымал.

Ар бир үй-бүлөнүн өз алдынчалуулугунун аспектисиндеги эркиндик, анын мүмкүнчүлүктөрү өзүнөн гана көз каранды – деп эсептеген Г.Гегель жашоо-турмуш үчүн жеткиликтүү каражаттарды алуу жарандык коомдун эң жогорку принцибинен болуп эсептелет, ошондой болсо дагы, жарандык коом – бул өзүнчө инсандын жеке максаттары менен кызыкчылыктарын жүзөгө ашыруу чөйрөсү. Жарандык коомдо чыныгы эркиндик жок, анткени анда дайыма жалпы мүнөздү алып жүрүүчү жеке кызыкчылыктар менен бийликтин ортосундагы карама-каршылык бар» [39, 46 б].

Азыркы учурдагы дүйнөдөгү калыптанган жарандык коомдун кырдаалы өз кезегинде жалпы молчулук, коммунизм идеясын жүзөгө ашыруу аракети менен байланышкан кырдаалды эстетип турат. Узак убакыттар бою советтик гуманитардык илим коммунизмди коомдук-саясий түзүлүштүн керемет үлгүсү катары карап келген.

Жогоруда айтылганга байланыштуу жарандык коомдун белгилүү бир катачылыктары бар экендигинин негизинде куруунун кереги жок деген жалган корутунду чыгарууга болбойт.

Жарандык коомдун өзү эле мамлекеттик бийлик менен бизнес тараптан болгон түздөн-түз кийлигишүүсүнөн жана жөнгө салынуусунан корголгон өз ыктыярлары менен коммерциялык эмес ассоциацияларга жана уюмдарга биригишкен эркин жарандардын өз алдынчалуулук чөйрөсүн көрсөтүп турат. Жарандардын өзүлөрүн кийлигишүүлөр менен жөнгө салуулардан коргонуу каалоосу толук табигый көрүнүш, алардын аталган каалоолорду жүзөгө ашы-

рууга багытталган иш-аракеттери эгерде мыйзамдын алкагында жүзөгө ашырылса, анда ал колдоого гана ээ болот. Жарандык коомдун мындай атрибуттук чектери социалдык чөйрөдөгү демократиянын, жарандардын укуктук корголуусу, жогорку билим берүүчүлүк деңгээл, калктын жогорку жарандык активдүүлүгү, адамдын укуктары менен эркиндиктерин камсыз кылуу, өздүк башкаруу ж.б. өзүнөн-өзү акыл-эстүүлүк менен эле эмес, зарыл түрдө аракет кылган социалдык-саясий идеал болуп эсептелет. Бирок күнүмдүк жашоо-турмушта жүзөгө ашырылып, таптакыр күтүлбөгөн натыйжаларга алып келүүчү, бир социумдар үчүн ылайыктуу, экинчилери үчүн болсо таптакыр эле ылайыксыз болгон жарандык коомдун аны пайда кылуучу структураларынын жана адамдардын ар кыл топторунун атаандаштыгы сыяктуу мындай зарыл чеги ар кыл элдердеги реалдуу маданий жана менталдык айырмачылыктардын болуусу менен шартталган. Мындай шарттарда, жарандык коомдун көптөгөн позитивдүү чектерин, андан тышкары илимий-техникалык прогресстин мүнөзүн эске алуу менен нукура маданий чектердин комбинацияланусу жана жарандык коомдун негиздүү чектери жана аталган чектердин эки тараптуу ыңгайлашуусу туурасында кеп кылууга болот.

Илимий-техникалык прогресс менен шартталган жалпы дүйнөлүк тенденцияларды, жарандарды ыңгайлуу, татыктуу жана коопсуз жашоо менен камсыз кылуусун эске алуу менен Кыргызстан, калган бардык мурунку советтик республикалар сыяктуу эле өзүнүн андан аркы өнүгүүсүн коомдук жана мамлекеттик турмушту демократиялаштыруу жана жарандык коомду куруу тарапты көздөй болгон кыймылсыз жүзөгө ашыра албайт. Биздин пикирибизде, жарандык коомдун батыштык тибин, формасын кандайдыр-бир негативдүү чектерден ажыраган абсолюттуу үлгү катары эсептөөнүн өзү жаңылыштык. Аталган форма, Батыш саясий, коомдук-экономикалык жана илимий-техникалык жана технологиялык өнүгүүнүн кыйла жогорку деңгээлинде тургандыктан, андан аркы өнүгүүнүн багыты катары кызмат кыла алат.

ССРдин тарашынан кийин мурунку советтик республикалар базар экономикасы көздөй багыт алышкан, эгерде нерселерди капитализмдин өз ысымдары менен атасак анын заманбап формаларында либералдык, экономикалык мамилелер менен баалуулуктарга негизделген. Постсоветтик республикаларда реформаторлордо чарбачылыктын социалистик системасы өзүн актаган жок, ал эми өнүккөн капиталистик өлкөлөр олуттуу социалдык-экономикалык натыйжаларга ээ болуп, аталган өлкөлөрдө пайда болгон саясий, социалдык-экономикалык жана укуктук шарттарды түзүү толук ыктымал деген көз караш бекем орноп калган. Социалистик коомду куруу менен байланышкан мурунку бардык тажрыйбаны четке кагуу теоретикалык ойломдун чөйрөсүндө өзгөчө бир нормалардан болуп калган. Алсак, У.К.Чыналиев төмөнкүчө жазган: “Албетте, социалдык уюмдашуунун жаны тибин калыптандырууда советтик тажрыйбаны колдонуу туурасында кеп да болбошу керек, анткени ал тургай жарандык коомдун калыптануу мүмкүнчүлүгүн четке каккан. Уруулук калдыктар менен салттарга жык толгон кыргыз салттуулугун кайтаруу туурасында айтуунун да кереги жок. Кеп Кыргызстан үчүн принципиалдуу жаны негизге таянган социумдун уюшулуусун калыптандыруу жөнүндө болгон. Бирок жарандык коомдун калыптануусун камсыз кылган аталган негизди түзүү иши турган» [133, 27-б.].

Формалдуу көз карашта У.К.Чиналиевдин пикири толук туура. Бирок советтик тажрыйба, тагыраак айтканда мамлекет жарандык коомдун курулушунун мүмкүнчүлүктөрү менен зарылчылыгын четке кагып эле тим болбостон, иш жүзүндө аталган вариант, алмаштыруучу реалдуу жарандык коомдун ордун алмаштыруучу деп эсептеген анын буржуазиялык тажрыйбасын четке каккан. Андай болгон күдө да, бул жаңылыш пикир, ошондой болсо да советтик мамлекте Кыргызстанда советтик мамлекетте тескери тартипте, ырааттуулукта түзүлгөн жарандык коомдун материалдык өбөлгөлөрүн жана жалпы маданий шарттарын түзүү планында көптөгөн иштерди жасады. Советтер Союзундагы жарандык коомдун болуусуна баа берүүдөгү терең методологиялык катачылык аталган маселени ашыкча саясатташтыруунун на-

тыйжасында пайда болот. Техникалык планда бул төмөнкүчө болот. Жарандык коомдун советтик тибине салыштырмалуу жарандык коомдун батыштык тибин ала турган болсок, бир катар олуттуу артыкчылыктарга ээ болгон жана маңызы боюнча жалгыз гана идеалдуу болуп жарыяланган. Андан кийин жарандык коомдун калган бардык типтери жарандык карым-катнаштардын тырмакчасына алынып, жо деп жарыяланат.

У.К.Чиналиевдин “ уруулук калдыктар жана салттар менен убара болгон кыргыз салттуулугуна кайтып келүү туурасында кеп да болбошу керек болсо, анда маселенин баары “уруулук калдыктар жана салттар менен убара болгон кыргыз салттуулугунан кетүүсүндө” эмес, бул канчалык деңгээлде мүмкүн эместигинде эмес, аны жасоонун деңгээли канчалык оордугунда, ошондуктан ошону жасоонун кереги барбы ? – деген суроо туулат. Салттуулуктун кээ бир элементтерин (биринчи кезекте – нравалык, моралдык-этикалык баалуулуктар системасында) жаңы шарттарга киргизүү, ыңгайлаштыруу туурасында реалдуу кеп кылууга болобу. Заттардын реалдуу абалын эске албастан, аларды уруулук калдыктар жана салттар менен убара болгондор катары аныктоо менен аларды таптакыр эле четке кагуу терс натыйжаларды эле бере алат. Дж.Жунушалиев менен В.Плоскихтин өткөндү, анын ичинде жалпы адамзаттык баалуулуктарды текшербестен четке кагуу коомдун нравалык түзүлүштөрүнө орду толгус зыянды келтирет, азыркы жаңы баалуулуктар менен принциптерди ойлонбостон эле тезиреек өздөштүрүү каалоосу индивидуализмдин байкалаарлык таралуусуна, турмуштук тажрыйбага жана улуу муундардын даанышмандуулугуна карата аяр мамилеге, жакындарынан баш тартууга алып келгендиги туурасындагы ой-пикирлери менен макул болбой коюуга болбойт” [49, 153 б].

Морал, нравалуулук, баалулуктар өзүнүн келүүсү жана тездетилген тартибинде алмаштыруу мүмүкүн эмес жана кооптуу болгон феномендерге таандык. К.Маркс эсептегендей “адамдар өзүлөрүнүн тарыхын өзүлөрү жасашат, бирок өзүлөрү тандап калган кырдаалдарда өзүлөрү каалагандай болбойт, колдо барларын жана өткөндөн келгендерин гана жасоого болот. Жан-

сыз муундардын салттары тирүүлөрдүн акылынын үстүнөн болгон өтө жаман катары умтулат” [79, 119 б]. Биз “бардык жансыз муундардын салттары өтөт жаман катары умтулуусуна” каршыбыз. К.Маркстын сөзү менен айтканда аталган өтө жаман нерсе социумдардын туруктуулугун камсыз кылып, алардын рухий өз алдынчалуулугун сактап турат.

XX кылымдын белгилүү орус жана америкалык социологу жана маданият таануучусу П.А.Сорокин муундардын байланышы туурасында К.Маркска караганда кыйла катуу жана таасын айтып кеткен. “Биз жансыздар менен жашайбыз” –деп жазат П.А.Сорокин. Бизди жансыздар, качандырбир кездерде бизден мурун жашап кетишкен бардык муун башкарат. Ар бир муундун жашоосу, тагдыры жана ишмердүүлүгү мурунку муундардын турмушу жана ишмердүүлүгү менен алдын ала аныкталган...Ар бир кийинки муун мурунку муун менен ажырагыс чынжыр менен байланып калган. Анын өлүүсү мүмкүн, бирок аталган чынжырды үзүүгө күчү жетпейт” [117, 175 б].

Биздин пикирибизде П.А.Сорокин айткандай абал анча фаталдуу эмес. Бул дүйнөдө баары агат жана өзгөрөт». Эгерде адамдар бир муунду экинчиси менен байланыштырып турган чынжырды үзүү абалында болгон болсо, анда өнүгүү мүмкүн эмес болмок. Феодализмден капитализмге өтүүнү жүзөгө ашыруу менен Европа элдери маданияттын көп сандагы салттуу элементтеринен баш тартуу менен айныксыз түрдө аталган чынжырды үзүштү, ал тигил же бул деңгээлде коомдун андан аркы алгылыктуу өнүгүүсүнө тоскоолдук жаратты. Бирок заманбап тажрыйба көрсөтүп тургандай, коомдук түзүлүштөрдүн өзүнө кооптуу соккуларды урдурбоо үчүн аны чексиз көпкө чейин жасоо мүмкүн эмес. Аталган учурда биз Батыш Европанын элдери христианчылыкты, аны менен бирге инсанды мамлекет менен коомдон жогору жарыялап, үй-бүлөнүн салттуу эмес, табиятка каршы бир жыныстуу формасын алдыга түртүү менен диний институттарга таянган салттуу баалуулуктарды да четке кагуу менен терең демографиялык кризисте, туңгуюкта калган конкреттүү фактылар туурасында кеп кылып жатабыз. Экинчи жагынан,

кандай гана болбосун бардык салттарды өзгөрүүсүз сактап калуу - бул азыркы Батыш Европаларында болуп жаткандай, алардан толук баш тартуу сыяктуу эле акыл-эссиз жана кооптуу чара. Демек, кеп нугу эмнени сактап калып, эмнеден баш тартабыз деген акыл-эстүү маселе туурасында болуусу мүмкүн.

Салттуулук кыйла архаикалуу, ылайыксыз формалары менен көрүнүштөрүндө биринчи кезекте элдин экономикасы, чарбачылык ишмердүүлүгү менен байланышкан. Салттуу коомдор үчүн агрардык-экстенсивдүү экономика мүнөздүү. Жарандык коом экономикалык туруксуздук, экономикалык өсүүнүн шарттарында калыптанып, эффективдүү иш алып баруу абалында эмес. Мамлекеттеги пенсиялык каржылоо, билим берүү, саламаттыкты сактоо системасынын өнүкпөгөндүгү ж.б.у.с. шарттардын жоктугу, ал тургай зарыл мыйзамдардын жана саясий шарттардын болуусунда өнүккөн экономиканын жана салыштырмалуу жашоонун жогорку деңгээлинин болуусунда эффективдүү иш алып барууга жөндөмдүү жарандык коом туурасында кеп кылуу биз аз эртереек кылат. Салттуу коомдордун экономикалык кулк-мүнөзү айыл чарбачылык өндүрүш, ал эми жашоо образы – айылдык жашоо уклады менен аныктала тургандыгын айтпаганда эле, ошол кездеги жарандык коом, биздин изилдөөбүздүн мурунку бапында бир нече жолу баса белгилеп кеткендей, шаар маданияты менен экономикасынын продуктусу болуп эсептелип, шаар экономикасынын жана адамдардын жашоо ишмердүүлүк формаларынын айныксыз үстөмдүк кылуусу менен шартталган. Экономикалык көз караштан алып караганда, жарандык коом – бул шаардык индустриянын айыл чарбачылык өндүрүштүн үстүнөн болгон айныксыз басымдуулугу. Экономикалык планда Кыргызстан агрардык экономикасы бар өлкө болуп эсептелет. Кыргызстандын калкы 2016-жылдын 1-янарында 6 019 500 жашоочусу түзгөн, андыктан мүнөздүү өзгөчөлүк болуп биздин республиканын урбанизациясынын төмөнкү деңгээли эсептелет: 60% калк- айыл жана 40% шаар калкы. Айыл калкынын басымдуу бөлүгүн кыргыздар менен өзбектер, б.а. салттуулук кыйла өнүккөн этностор түзөт [150].

Ошентип, начар экстенсивдүү агрардык экономикада көрүнгөн экономикалык салттуулук экономикалык өсүү үчүн эле эмес, Кыргызстандагы жарандык коомдун калыптануусу үчүн негизги тоскоолдук болуп эсептелет.

СССРдин тарашы менен административдик жана мамлекеттик башкаруунун мурунку системасы кулашы керек болгон. Бул болду, бирок жарым-жартылай гана. Мамлекттик башкаруу системасы, жалпы эле республиканын саясий системасы катары Советтер Союзунун кулашынын алдында өзүнө формалдуу архаикалык салттуу элементтерди, айыл калкы жанашаар аркылуу берилген элементтерди камтыган татаал структураны камтып турат. Жаны шарттарда бириккен жана көп сандагы коомдун салттуу бөлүгү жана республиканын чегинен тышкаркы кандайдыр-бир альтернативдерге ээ болбостон тез чыгарып салган, ал үчүн айныксыз үстөмдүк кылуучу күч болуп, бийлик системасынан башка элементтеринен көпчүлүктүн пикирлерине өзүнөн-өзү ээ болушкан демократиялык процедураларды пайдалануу менен тез чыгарып салган. Башкача айтканда, адамдар менен мамилелер түрүндөгү реалдуулук бийлик системасына ага ээлик кылгандан башка эч нерсе сунуштай алган эмес. Бул трайбалистик мамилелер менен баалуулуктардын системасында калыптангандар.

Советтик мамлекет тарабынан кабыл алынган жана салттуу кыргыз чөйрөсүнө улуттук шайкештикти уруулуктун ордуна киргизүү үчүн багытталган иш-чаралардын бүткүл комплекси натыйжалуу болгон эмес. Бирок жаны шайкештике ээ болуу процесси сонуна чыккан эмес. Бул биринчиден, өзүн болгону үч-төрт муундун жашоо-турмушунун аралыгында бир нече мин жылдарда пайда болгон кандайдыр-бир жол менен туюп сезүү жана ой жүгүртүү адатын алмаштырууга дээрлик мүмкүн болгон эмес; экинчиден, кыргыздардын басымдуу бөлүгү советтик мезгилде айылдарда жашашкан, бул болсо жамааттык түзүмгө, ал эми анын менен бирге уруулук шайкештикти сактоого негизделген салттуу институционалдык формаларды сактоону шарттаган. Азыркы мезгилде шайкештиктин эки – улуттук жана уруулук түрү тен паралелдүү пайда болот. Андыктан уруулук тийиштүүлүк саясий

мамилелер системасында кыйла таасын көрүнөт. Уруулук шайкештиктин негизинде регионалдык жана кландык тийиштүүлүк бар. Кыргыз шайкештиги, А.Дукенбаев менен В.Танырыковдун пикирлеринде биринчи кезекте «канат» деп аныкталуучу үч кландык топтун бирине болгон тийиштүүлүгү, экинчи кезекте – «канаттардын» биринчи ичиндеги белгилүү урууларга тийиштүүлүгү менен аныкталат» [51, 223 б].

Көпчүлүк жагынан кыргыздардын Кыргызстандагы бийликтик мамилелердин системасындагы трайбализмге болгон жакындыгынын натыйжасында этнократия сыяктуу көрүнүш пайда болот. Жарандык коомдун көз карашында ал таптакыр жеткиликтүү эмес, андыктын укуктар менен эркиндиктердин тендик принцибин бузушат. Бирок Кыргызстандын конкреттүү шарттарында этнократия белгилүү бир он жактуу көрүнүштөргө ээ. Ал республиканын аймагынынын бүтүндүгүнө эле эмес, өлкөнү социалдык-экономикалык планда бир нече он жылга артка калтырууга жөндөмдүү жарандык согуштун келип чыгуу коркунучун да туудурган сепаратистик маанайларга каршы иштиктүү каражаттардан болуп эсептелет.  Белгилүү болгондой, республиканын түштүгүндө компакттуу диаспоралардан болуп өзбектер жашашат, алардын саны абсолюттук эле эмес, салыштырмалу көрсөткүчтөрдө да дайыма өсүүдө. Бул кан төгүүлөргө алып келген акыркы эки этникалык аралык конфликтти эске алуу менен кээ бир кооптонууну жаратат. Кыргызстандын аймактык бүтүндүгүнө коңшу Өзбекстан менен Таджикстандын талаштуу чек аралык аймактарынын жана анклавдарынын болуусу да коркунуч туударат. Таасын болгондой, мындай конкреттүү шарттарда бийликтик карым-катнаштар системасындагы этнократиялык принциптер сепаратизмге жана өлкөдөгү коомдук-саясий кырдаалдын дестабилдешүүсүнө тоскоолдук жаратат.

Качан Кыргызстанда жеке менчик институту киргизилип, демократиялашуу жана либералдашуу процесси жана анын саясий, коомдук-экономикалык мамилелеринин спектри жүзөгө ашырыла баштаганда, аталган иш-чаралар экономиканын турукташуусуна жана анын андан аркы өнүгүүсүнө алып келээри боолголонгон. Бирок менчиктештирүү бир катар

терс натыйжаларага алып келди. Мамлекеттик жана коомдук менчикти кайра бөлүштүрүүнүн натыйжасында анын кээ бирлердин колуна гана концентрацияланышы болгон, андыктан коомдун олуттуу бир бөлүгү жакырданып, акыр аягында республикадагы регионалдык жана кландык тенденциялардын күчөтүлүшүнө, архаикалык саясий формалардын жандануусуна жана активдешүүсүнө алып алып келген. Демек, модернизация процесси тескери натыйжага алып келген. Бул модернизация саясий институттар менен мамилелерге эле эмес, жалпы эле маданияттын, анын негиздерине да тийиштүү болгон. Д.Нельсон менен С.Хантингтон акыйкаттуу баса белгилеп кеткендей модернизация – бул коомдорду салыштырмалуу кедейлерге, айылдык, агрардык шарттарды – салыштырмалуу байларга, шаардыктарга, индустриалдык шарттарга бөлүү менен коштолгон социалдык, экономикалык, интеллектуалдык, саясий жана маданий өзгөрүүлөрдүн жалпы процесси» [122, 19 б]. Аталган процесс карама-каршылыктуу мүнөзгө ээ болот, бирок жалпы жонунан алдыга багытталып, убакыттык регресс, архаикалык саясий принциптердин, институттардын жана формалардын кайра жандануусу менен коштолот.

Узак созулган системалык кризиске кирип кеткен дээрлик бардык мамлекеттерде, өзгөчө бийлик системасында коррупциянын дароо өсүп кетүүсү байкалат, бул бийлик тарабынан акча каражаттарынын олуттуу бир бөлүгүн жана ар кыл материалдык жыргалчылыктарды кайра бөлүштүрүү, андан тышкары аталган кайра бөлүштүрүүлөргө көзөмөл жүргүзүү жүзөгө ашырылуусу менен түшүндүрүлөт. Мындай мамлекеттердеги бийлик мыйзамга каршы бизнестин формасы болуп калат, анда коррупция байытуу каражаты катары жарандык институттарга жана карым-катнаштарга олуттуу чыгым келтирет. Кыргызстан коррупциядан качып кутулмак тургай, бул жаатта кыйла алдыга озду. Алсак, коррупцияны өздөштүрүү индекси катары мындай көрсөткүч боюнча Кыргызстан 2015 –жылы дүйнөнүн 167 өлкөсүнүн ичинен 123 орунда турат (өлкөдөгү коррупциянын деңгээли канчалык жогору болсо, коррупцияны өздөштүрүү индекси боюнча өлкөлөрдүн тизмесинде төмөнкү орунда турат). Биздин республикада болуп өткөн эки революция тең

бийликтин жогорку органдарына кирип кеткен коррупциянын жогорку деңгээли менен байланышкан. А.Акаев, К.Бакиев жана алар менен байланышкан кландар коррупцияны кеңири практикалашты.

Кыргызстандагы жарандык коомдун калыптануусунун мүнөзүнө диний фактор дагы олуттуу таасирин тийгизет. Заманбап кыргыздардын басымдуу бөлүгү бардык дүйнөлүк диндердин ичинен кыйла консервативдүүлүгү жана инерциясы менен айырмаланган исламды карманышат, ошондуктан башка диндерге караганда ички трансформацияга азыраак дуушар болот. Экинчи жагынан, ал ааламдашуу процессининин зарылчылыгына жана логикасына баш ийүү менен өзгөрөт. Азыркы мезгилде исламда ар кыл конфессиялар, багыттар жана агымдар бар. Кыргыздар туурасында айта турган болсок, анда жалпы кабыл алынган пикир катары кыргыздар негизги өзүнүн массасында ишенимдик чыдамкайлуугу жана диний тең салмактуулугу менен айырмаланышат. Ошондой болсо да, баса белгилей кетүүчү нерсе, СССРдин кулашынан жана идеологиялык боштуктун пайда болуусунан кийин Кыргызстандагы динчилдиктин деңгээли дароо жогорулаган.  Бул бардык диндер менен конфессияларга таандык, бирок биринчи кезекте- исламга. Алсак, эгерде 1991-жылы Кыргызстанда 40 га жетпеген мечит болсо, 2012-жылы алардын саны 2000ден ашкан. Андан тышкары, азыркы мезгилде республикада чет элдик мусулман өлкөлөрү тарабынан каржыланган 9 ислам ЖОЖу бар [149]. Келтирилген маалыматтарга ылайык салттуулук менен тыгыз байланышкан ислам салттуу институттар менен карым-катнаштарды бекемдөөгө шарт түзөт, бирок жарандык институттар менен мамилелердин күчөтүлүшүн жөнгө салбайт.

Биздин өлкөнүн салыштырмалуу анча чоң эмес көлөмдөрүнө карабастан, Түндүк менен Түштүк бир катар олуттуу белгилери менен айырмаланышат. Алсак, Н.А.Эшанкулова төмөнкү айырмачылыктарды көрсөтөт:

-түндүк регион кыйла модернизацияланган (калыбы, ору калкы менен болгон ассимиляция процесс жана Казахстан менен болгон чек аралык зона таасирин тийгизсе керек);

-өнүгүүнүн салттуу формасына кыйла жакын болгон түштүк региону (калыбы, өзбек калкы менен болгон ассимиляция процессинин таасири);

-кыйла сабырдуу келишкен түндүктүктөр (Түндүк Кыргызстандын 1840-50-жж. Россияга кошулуу фактысы);

- кыйла күжүрмөн келишкен түштүктүктөр (Түштүк Кыргызстандын Россияга 1873-78-жж. өз каалоосу менен болбогон кошулуу фактысы);

-түндүктүктөр анча динчил эмес;

-түштүктүктөр динчил келишет» [144, 767 б].

Көрсөтүлгөн айырмачылыктар Кыргызстандагы ар кыл региондордогу салттуулуктан бирдей эмес жарандык эле эмес, салттуу коомдун да ар кыл абалы маалымат берип турат.

Демек, биздин изилдөөбүздүн соңку жыйынтыктоочу параграфына төмөнкүдөй корутундуларды келтирсек болот:

1. Советтер Союзунун кулашынын натыйжасында кыргыз салттуу коомунун советтик модернизация процесси үзгүлтүкө учураган, бирок модернизация процессинин өзү ишке киргизилип, ал эми модернизациянын өзү алыска узап, кайра кайткыс болгон. Андан тышкары автаркиялык экономикасы менен социалдык типтеги советтик мамлекет өзүнүн социалдык-экономикалык саясаты менен жарандарда мамлекеттик патернализм өнөкөтүн калыптандырган, анда толук ички жана тышкы атаандаштыкта айыл жергесиндеги жашоонун салттуу формаларынын терең консервациясын жөнгө салган.

2. Тарыхтын  советтик мезгилеги кыргыздардын басымдуу бөлүгү айыл жеринде жашашып, жашоо турмуштун айылдык тартибин карманышкан, бул уруулук структурага негизделген салттуу институтционалдык формаларын сактоону жөнгө салган.  Айылдык жамааттын органикалык бир бөлүгү болуп эсептелген үй-бүлө, жамаатчылыктын мүчөлөрүнөн турган жергиликтүү бийлик органдары органдардын жалпы административдик-мамлекеттик системанын бир бөлүгү болушкан. Натыйжасында мамлекеттик башкаруу системасы республиканын саясий системасы катары жалпы жонунан, иш жүзүн-

дө айыл калкы менен берилген формалдуу архаикалык салттуу жана шаар тарабынан берилген жаңы элементтерди камтыган татаал түзүмдү билдирет.

